**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М.М.Адышев атындагы**
**ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК: 338.631(575.2)

**Керимбаева Тынара Эркинбековна**

# **Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу** (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)

08.00.05 – Тармактык экономика адистиги

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчи: экономика илимдеринин доктору, доцент,**
**Абдиев Мурат Журатович**

Ош-2024

# МАЗМУНУ

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ……………………………..4**

**КИРИШҮҮ**.......................................................................................................5

**1-БАП. ЭКОНОМИКАНЫН РЕАЛДУУ СЕКТОРУНУН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУГУНУН ТЕОРИЯЛЫК МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.........................................................13**

1.1. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызы жана мазмуну…………………..…………….................................13

1.2. Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор……............................39

1.3. Реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы.....................................................................................................56

1-бап боюнча корутунду......................................................................................80

**2-БАП. ОШ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУГУНУН АБАЛЫ ЖАНА ДИАГНОСТИКАСЫ...............................................................................81**

2.1. Ош облусунун реалдуу секторунун экономикалык өнүгүүсүнүн потенциалы………….…………………………………………………81

2.2. Ош облусунун айыл чарбасынын өнүгүү динамикасын талдоо жана баалоо..................................................................................................................95

2.3. Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун талдоо жана баалоо...................................................................................................110

2-бап боюнча корутунду......................................................................................133

**3-БАП. ОШ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУКТУ ЖАКШЫРТУУ ЖОЛДОРУ..................................................................................................135**

3.1. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо жолдору.....................................................................135
3.2. Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясы.........................................................................................151
3.3. Айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү.......................................................................176
3-бап боюнча корутунду...................................................................195
**ТЫЯНАКТАР**…….……………………………………….................198
**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**..........................................................202
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**...............................................203
**ТИРКЕМЕЛЕР**...............................................................................219

# ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

**КР** – Кыргыз Республикасы

**КМШ –** Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги

**РФ** – Россия Федерациясы

**ЕБ** – Евробиримдиги

**ЕАЭБ –** Евразиялык экономикалык биримдик

**АКШ** – Америка Кошмо Штаттары

**КЭР –** Кытай эл республикасы

**ИДП** – Ички дүң продукт

**УЭС –** Улуттук эсеп системасы

**МЖӨ –** Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк

**ЖЖКЧ –** Жарандардын жеке көмөкчү чарбалары

**ж.б.** – жана башкалар

**ж.б.у.с.** – жана башка ушул сыяктуу

**о.э. –** ошондой эле

**а.и. –** анын ичинде

**ж.ж.** – жылдар

**ИИ** – Изилдөө институту

**ИИИ** – Илимий-изилдөө иштери

**АӨЧ –** Агро өнөр жай чөйрөсү

**ИИТКИ** – Илимий-изилдөөчү техникалык-конструктордук ишмердүүлүк

**ИТП** – Илимий-техникалык прогресс

**КНЧ** – кошумча нарк чынжырчасы

**KOTRA –** Инвестицияларды илгерилетүү боюнча агенттик

**SBIR –** Чакан бизнестин инновацияларын изилдөө

**UKTI –** Улуу Британиянын соода жана инвестиция кызматы

## КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу шартында экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Реалдуу сектордун негизин өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзөт, ал эми соода ишмердүүлүгү анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Айыл чарбасы калкты азык-түлүк жана өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээли анын айыл чарбасынын канчалык өнүккөнүнөн көз каранды. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

Айыл чарбасына инвестициялардын кыскарышы өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөндөшүнө, айыл калкынын социалдык абалынын начарлашына алып келди. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2% ды гана түзөт.

Республиканын айыл чарбасына инвестициялардын олуттуу кыскарышынын себеби айыл чарба өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүнүн төмөндүгүнө жана тармактык жана региондук шарттардан келип чыккан жогорку тобокелдиктерге байланыштуу тармактын инвестициялык жагымдуулугунун төмөндүгү болуп саналат.

Республиканын инвестициялык климаты маалыматтык коопсуздуктун начардыгынан, инфраструктуранын өнүкпөгөндүгүнөн, аймактык инвестициялык саясаттын ачык эместигинен жана ыраатсыздыгынан, социалдык, саясий ж.б. көйгөйлөрдүн курчушуна байланыштуу мамлекеттик эмес инвестициялардын агылып келишине шарт түзбөйт.

Ошол эле учурда Ош облусу жагымдуу географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү жана салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө ээ, бул аймакка айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу болууга инвестициялык артыкчылыктарды аныктайт.

Ушуга байланыштуу аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо жана Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун баалоо жана аны Ош облусунун шартында жогорулатуунун жолдорун негиздөө зарылдыгы диссертациялык изилдөөнүн темасын, анын максатын, милдеттерин жана жаңылыгын толук ырастайт.

**Диссертациялык иштин темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш КРнын “Инвестициялар жөнүндө”, “КРнын айыл чарбасынын өнүгүшү жөнүндө» мыйзамдарынын, КРнын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, КРнын Айыл чарбасын 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясынын, 2022-2026-жылдарга КРна инвестицияларды тартуу боюнча программанын о.э. башка илимий-изилдөө иштеринин жана мамлекеттик программалардын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги максаты – Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун

жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

1. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун маңызын изилдөө жана мазмунун ачуу;

2. Реалдуу секторду өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду тактоо жана анын шарттарын аныктоо;

3. Реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдө калыптанган тажрыйбаларын ар тараптуу талдоо жана өлкөдө колдонуу жагын караштыруу;

4. Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын комплекстүү талдоо;

5. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

6. Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясын негиздөө;

7. Айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары интеграция шартында Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу багытында теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр:**

- экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды;
- экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды;

- реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

- Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди;

- айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты;

- экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды;

- айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы”, ж.б. предметтерди окутууда, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Диссертацияда алынган илимий натыйжалар жана алардын негизинде иштелип чыккан теориялык жана практикалык сунуштар диссертациялык изилдөөнүн экономикалык маанисин толуктап, Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылып, анын натыйжалуулугун жана инвестициялык өнүгүүсүн арттырат. Жалпысынан алганда айыл чарба тармагында рыноктук талаптарга керектүү болгон тутумдар түзүлүп, анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу менен бирге эл аралык стандарттарга ылайык айыл чарба продукциясын чет өлкөлөргө экспорттоого жана калкты жумуш орундары менен камсыз кылууга шарт түзүлөт.

Диссертацияда сунушталган “2025-2035-ж.ж. КРнын айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасы” тармактын учурдагы жана келечектүү экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүүчү негизги факторлорду аныктоого жана кыска мөөнөттөргө иш пландарды түзүүдө алардын таасирин тагыраак божомолдоого мүмкүндүк берет.

**Диссертациялык изилдөөнүн коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

Изилдөөнүн теориялык, методологиялык жана практикалык бөлүгүндө төмөнкү маселелер каралып, сунушталат:

- КРнын реалдуу секторунун, анын ичинде айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун теориялык көйгөйлөрүнүн аспекттери аныкталып, “айыл чарбасындагы инвестиция”, “айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулук” түшүнүктөрүнө тактоо киргизилди жана тереңдетилди;

- Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен ички жана сырткы факторлор аныкталып, инвестицияларды мамлекеттик колдоо, инвестициялык саясатты калыптандыруу жана стимулдаштыруунун механизмдери негизделип, инвестициялык процесстерди калыптандыруунун модели иштелип чыкты;

- Экономиканын реалдуу секторунда, анын ичинде айыл чарбасында инвестицияларды тартуу боюнча иш аракеттерден улам продукциянын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чет өлкөлөрдүн: Кытай, АКШ, Түштүк Корея, Улуу Британия, Израил жана ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Казакстандын тажрыйбасы изилденип, бул багыттагы алгылыктуу жактарын Кыргызстандын практикасында колдонуу жагы көрсөтүлдү;

- атаандаштык шартында Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциялары жана багыттары талданып, агроөнөр жай чөйрөсүндө жана айыл чарбасында инвестициялык-инновациялык процесстерди мамлекеттик жөнгө салуу жана башкаруу механизминин модели сунушталды;

- аймактын айыл чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоо аркылуу региондук дүң продуктусунун көлөмүн жогорулатуу үчүн көп фактордук корреляциялык-регрессиялык анализди колдонуу аркылуу Ош облусунун РДПнын 2030-жылга прогнозу жасалды;

- “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасы” иштелип чыгып, анын алкагында ОшМУнун базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын жана аймакта инновациялык-инвестициялык негизде иштеген айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү сунушталды;

- Ош облусунун айыл чарбасына инвестицияларды тартуу менен айыл чарба өндүрүшүнүн көйгөйлөрүн чечүүнү камсыздоо жана инфраструктура тутумун өркүндөтүү үчүн Аймактык кластердик саясаттын модели жана анын алкагында интеграцияланган тутумду уюштуруу сунушталды;

- Ош облусунун айыл чарбасында инвестициялык саясатты калыптандыруу максатында аны иштеп чыгуу, калыптандыруу жана иш жүзүнө ашыруунун негизги механизмдери аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор Ош облусунун айыл чарбасынынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун теориялык-методологиялык

жоболорун бир нукка салып, аны бир топ тереңдетип талдап, өлкөнүн бул тармагынын уюштуруу-экономикалык механизмин ишке ашыруу маселелеринин абалын изилдеп, өркүндөтүү жолдорун аныктап, узак мөөнөттүү инвестициялык өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыкты. Айыл чарба өндүрүүчүлөрү менен байланышкан башка тараптардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу, аймакта бул тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында заманбап агрардык инвестициялык-инновациялык кластерлерди түзүү сунушталды.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү статистикалык маалыматтардын, о.э. изилдөө учурундагы айыл чарба тармактарынан алынган практикалык материалдардын ишенимдүүлүгүнө жана пайдаланылган изилдөө методдорунун тууралыгына жана тактыгына негизделет.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 15тен ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын жалпы көлөмү 6,25 басма табакты түзгөн.

Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда, экономикалык форумдарда, семинарларда баяндоолор жасалган: «Жетилген муунду тарбиялоодо санариптик турмуштун жана коомдук илимдердин ролу жана мааниси: учурдагы көйгөйлөр жана перспективалар” (Өзбекстан, Андижан шаары, Андижан машина куруу институту, 2022-жылдын 12-апрели), «Борбордук Азиянын ишканаларынын жана региондорунун практикасында ESG демилгелерин ишке ашырууну колдоо үчүн санариптик экономиканын архитектурасы” (Ош шаары, ОшМУ, 2022-жылдын 10-июну), “Туруктуу өнүгүү: Россиянын жана дүйнөлүк экономиканын тенденцияларын талдоо” (Дагестан, Махачкала шаары, Дагестан мамлекеттик эл чарба университети, 2023-жылдын 4-апрели), “Инновациялык экономиканын туруктуу өнүгүүсүн колдоо үчүн

санариптик технологияларды башкаруу” (Ош шаары, ОшТУ, 2024-жылдын 14-майы), “Глобализациянын чакырыктары жана тобокелдиктери жана евразиялык экономикалык интеграциянын прогрессине рычагдар” (Ысык-Көл, 2024-жылдын 1-июлу), «Адамдык капиталды жана технологиялык инновацияларды өнүктүрүү, климаттык көйгөйлөрдү чечүү жана ресурстарды натыйжалуу пайдалануу аркылуу узак мөөнөттүү туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүү» (Фергана шаары, ФерПИ, 2024-жылдын 27-сентябры); “Экономикалык ойдун өнүгүүсү: изилдөөлөр жана чечүү жолдору” (КЭУ ИИУ, 2024-жылдын 26-сентябры).

Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнү толугу менен чагылдырат.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору тандалып алынган тема боюнча жалпы көлөмү 6,25 басма табактан ашык көлөмдөгү 16 илимий макалада чагылдырылган, алар КРнын, КМШнын жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган. Алардын ичинен 6 макала КРдин УАК сунуштаган жана илимий шилтеме берүү индексинин маалыматтар базасына кирген басылмаларда, 9 макала чет өлкөлүк РИНЦ, 1 макала СКОПУС тутумуна кирген басылмаларда жарыяланган. Басылмалар боюнча жалпы көрсөткүч 341 баллды түзөт.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактан жана практикалык сунуштардан, 153 түрдүү аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, 4 тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 217 бетти түзөт, анын ичинде, 29 таблицаны, 23 сүрөттү камтыйт.

# 1-БАП

# ЭКОНОМИКАНЫН РЕАЛДУУ СЕКТОРУНУН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУГУНУН ТЕОРИЯЛЫК МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.2. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызы жана мазмуну

Азыркы экономикалык адабияттарда экономиканын "реалдуу" жана "финансылык" секторлору түшүнүктөрү кеңири колдонулат. Бул терминдер неоклассикалык концепциядан алынып, ал экономиканы шарттуу түрдө эки секторго: реалдуу жана номиналдык секторго бөлүүгө негизделген. Неоклассикалык концепциядагы номиналдык сектор продукция өндүрүлгөн чөйрөнү тейлөөгө арналган.

Бирок азыркы экономикалык теорияда дагы эле реалдуу сектордун чектерине карата бирдиктүү пикир жок, анын түзүмү жана курамы боюнча такталган аныктоолор жок.

Э.Шоу, Дж.Оливер ж.б. сыяктуу илимпоздор финансы секторун экономикалык өсүштүн детерминанты катары эсептешип, аны реалдуу сектордон бөлүп карашпаган. Дж. Стиглиц, Дж. Тобин, В. Кириченко ж.б. окумуштуулар экономиканын секторлорун финансылык жана реалдуу секторлору катары карашып, аларды өзүнчө бөлүшкөн. Анын үстүнө алардын кээ бирлери реалдуу сектордо өндүрүш факторлорунун товарга айлануусу болот деп эсептешип, реалдуу секторду экономиканын бир бөлүгү катары түшүндүрүшкөн жана анда товарларды (өндүрүш сектору) түзүү жараяны жүрөт, башкалар реалдуу секторду экономиканын бир бөлүгү катары карашып, товарлар гана эмес, кызмат көрсөтүүлөр да түзүлөт дешкен [31].

Орус окумуштуусу В.Кириченко экономиканын реалдуу секторун экономиканын фундаменталдуу жана маанилүү чөйрөсү – материалдык өндүрүш менен аныктап, анда эмгек ишмердүүлүгүнүн жардамы менен адамдын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн материалдык байлыктар жана

кызматтар түзүлөт деп эсептеген. Бирок, материалды чыгаруу менен бирге товарлар, о.э. материалдык эмес өндүрүш бар болуу менен, анын ичинде адамдар жаратылышка эмес, башка адамдарга таасир этет [79].

Белгилүү болгондой, экономиканын реалдуу сектору материалдык өндүрүш секторунан да, байлыктын жана кызмат көрсөтүүнүн материалдык эмес түрлөрүн өндүрүү чөйрөсүнөн да турат. 20-кылымдын экинчи жарымында жана өзгөчө акыркы он жылдыкта реалдуу сектордун түзүмүндө кескин өзгөрүүлөр болду. Илимий-техникалык революциянын жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн натыйжасында материалдык өндүрүштүн тармактары менен тейлөө чөйрөсүнүн өз ара мамилелери кескин түрдө өзгөрдү.

Экономикалык сөздүктө “реалдуу” сөзү “чыныгы, чындыгында бар” дегенди билдирет жана тейлөө тармактары чындап эле бар, ошондуктан аларды реалдуу сектор катары эсептөө мыйзам ченемдүү болуп саналат. Материалдык өндүрүшкө материалдык байлыктар өндүрүлгөн тармактар жана ишканалар: өнөр жай, айыл жана токой чарбасы, о.э. материалдык кызмат көрсөтүүчү тармактар: курулуш, транспорт, байланыш, соода жана коомдук тамактануу кирет [32].

Материалдык эмес чөйрө материалдык өндүрүшкө илимий, маалыматтык жана башка материалдык эмес кызматтарды көрсөтүү менен (финансылык жактан башка) анын материалдык түрүндөгү продукцияны камсыз кылып, ага саламаттыкты сактоо, билим берүү, илим, маданият, искусство, спорт ж.б. кирет.

Улуттук эсеп системасынын алкагында экономиканын реалдуу секторуна негизги функциялары товарларды өндүрүү жана рыноктук финансылык эмес кызматтарды көрсөтүү болуп саналган институттук бирдиктерди камтыйт, б.а. ишкердүүлүктүн субъектилери катары финансылык эмес корпорациялар жана үй чарбалары ж.б. кирет. Ошондой эле, УЭСнын алкагында экономикалык өндүрүш деп аталган түшүнүк иштелип чыккан, ал ИДПда эсепке алынган товарларды жана кызмат

көрсөтүүлөрдү өндүрүү боюнча экономикалык ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн камтыйт. Ушунун негизинде окумуштуу Черковец В.О. материалдык өндүрүштөн тышкары экономиканын реалдуу секторуна соода жана материалдык эмес кызмат көрсөтүү чөйрөсүн киргизет [137]. Анын пикири боюнча, ИДПны түзүүгө катышуу критерийине негизделген теориялык көз караш, банктардын жана камсыздандыруу компанияларынын ортомчулук ишмердүүлүгү менен көрсөтүлгөн финансы сектору ИДПга салым кошкон компанияларды да реалдуу деп эсептесе болот.

Экономисттер Терещенко Е.Ю. жана Беседа Ю.К. экономиканын реалдуу сектору катары өндүрүш процессин тейлөө жана керектөөчүгө товарларды жеткирүү менен шартталган, негизги иши товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү болуп саналган чарбалык субъекттерди өнүктүрүүгө багытталган материалдык өндүрүштүн тармактарынын жыйындысы менен көрсөтүлгөн экономиканын бир бөлүгү деп эсептешет [129]. Алар о.э. экономиканын реалдуу секторун үч чакан секторго түзүүнү сунушташты:

1. Алгачкы (чийки затты өндүрүү) – чийки затты алуу жана кайра иштетүү менен байланышкан тармактар (айыл чарбасы, аңчылык, токой жана балыкчылык, тоо-кен өндүрүшү өнөр жайы, анын ичинде отун казып алуу);

2. Экинчи (товардык өндүрүш) – кайра иштетүүчү өнөр жай;

3. Үчүнчү (материалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү) – курулуш жана транспорт, байланыш жана коммуникация, соода, о.э. электр энергиясы, газ, суу менен камсыз кылуу.

Ошентип, экономиканын реалдуу сектору катары экономиканын финансылык секторуна кирген финансылык-насыялык жана биржалык кыймылдарды кошпогондо калктын керектөөлөрүн канааттандыра ала турган материалдык жана материалдык эмес товарлар жана кызматтар түзүлгөн экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн жыйындысын эсептейбиз.

Экономиканын реалдуу сектору экономикалык база болуп саналат, анда кошумча продукт, ал экономикалык системанын негизин калыптандырат,

бирок ошол эле учурда экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылган экономиканын иштөөсү үчүн зарыл болгон финансы секторунун ролун дагы баалабай койбошубуз керек. Экинчи жагынан, экономикалык системанын туруктуулугуна жана анын өнүгүшүнө коркунуч туудурган бюджеттин өнөкөт тартыштыгы, коррупция, алсыз илимий-өндүрүштүк база жана таасирдүү көлөмдөгү тышкы карыз калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгүн аныктайт.

КРнын экономикасынын түзүмүн өзгөртүү 70-жылдардан башталып, азыркы мезгилде да уланган, муну төмөнкү маалыматтар тастыктайт:

1970-ж.: өнөр жай – 70%, айыл чарбасы – 19%, башка – 11%;

1991-ж.: өнөр жай – 30%, айыл чарба – 35%, башка – 25%;

2016-ж.: өнөр жай – 17%, айыл чарба – 13%, тейлөө – 50%, башка – 20%;

2022-ж.: өнөр жай – 19%, айыл чарба – 12%, тейлөө – 51%, башка – 18%.

КРнын реалдуу секторуна бир тараптуу баа берүү оңой эмес – бул карама-каршылыктуу болот. Бир жагынан алганда, тоо-кен тармагынан, жигердүү өнүгүп жаткан тейлөө секторунан жана туризмден бюджеттин олуттуу туруктуу кирешелери бар, анын негизинде өкмөт жыл сайын ИДПнын оң өсүшүн жарыялайт.

Конкреттүү тармактын, аймактардын жана өлкөнүн реалдуу секторунда эл чарбалык субъекттеринин ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсү кеңейтилген кайра өндүрүүнүн негизинде жалпысынан жетишилип, натыйжалуу инвестициялык ишмердүүлүктүн жыйынтыгы болуп саналат.

Инвесторлор тарабынан чечимдерди чыгарууда негизги факторлордон болуп өлкөнүн инвестициялык климаты эсептелет. Инвестициялык климат – өлкөнүн экономикасына инвестицияларды тартуунун чечүүчү ролун ойногон факторлордун жыйындысы. Саясий туруктуулук, мыйзам базасынын ачык-айкындуулугу, орточо салык коэффициенти жана жагымдуу жеңилдиктер туруктуу болсо, ошончолук инвесторлор үчүн климат жагымдуурак болот. Ушул убакытка чейин оң инвестициялык имиджин калыптандырган өлкөлөр

бар. Евро биримдиги, Батыш Азия, Түндүк Америка өлкөлөрү инвестициялык жагымдуулуктун эталондору катары эсептелинишет. Ал эми биздин өлкөдө аны түзүү процессинде болуп, жыл сайын инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу жактарына жаңы, прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү киргизип жатышат.

Бүгүнкү күндө «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» мыйзамы (2003-жылдын 27-марты, № 66) эң либералдуу мыйзам болуп саналат, бирок инновацияларды жакшыртуу боюнча да чаралар көрүлүүдө [6].

«Инвестициялык жагымдуулук» түшүнүгү «инвестиция» категориясы менен тыгыз байланыштуу, ал эң кеңири таралган жана көбүнчө экономикалык изилдөөдө колдонулат.

“Инвестиция” категориясынын экономикалык маңызын жана мазмунун кароодон мурда, анын укуктук жагын көңүл буруу жана чечмелөө керек.

“Инвестициялар – бул пайда алуу жана башка пайдалуу натыйжага ээ болуу максатында экономикалык иш-аракеттин объектилерине салынган, инвестордун менчигинде турган же ал тарабынан тикелей же кыйыр түрдө көзөмөлдөнгөн активдердин бардык түрлөрүнүн төмөнкү түрдөгү материалдык жана материалдык эмес салуулары:

- акча каражаттары;
- кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрү;
- мүлк укуктары (ипотека, мүлктү кармап турууга укук, күрөө ж.б.);
- акциялар жана юридикалык жак катары катышуунун башка формалары;
- облигациялар жана башка карыз милдеттенмелери;
- мүлктүк эмес укуктар (а.и. ишкердик беделин, автордук укуктарды, патенттерди, товардык белгилерди, өнөр жай үлгүлөрүн, технологиялык процесстерди, фирмалык аталыштарды жана ноу-хауну кошо алганда интеллектуалдык менчикке укук);

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан берилген лицензияларга же башка формага негизделген иш-аракетти жүзөгө ашыруучу бардык укуктар;

- Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстарын издөөгө, иштетүүгө, казып алууга же эксплуатациялоого концессияны кошо алганда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негизделген концессиялар;

- инвестициялоодон алынган жана Кыргыз Республикасынын аймагында реинвестицияланган пайдалар же кирешелер;

- инвестициялоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка формалары” [6].

Төмөнкү жагдайларга байланыштуу бул мыйзамдагы аныктаманы толук деп айтуу өтө кыйын.

Биринчиден, түшүнүктү түзүү логикасы толук кандуу так эмес, анткени ишкердүүлүктүн объектилерине жана иштин башка түрлөрүнө салынган активдердин – акча каражаттары, мүлк ж.б. түрлөрүнүн аралашмасы бар деп айтууга болот жана инвестицияга айланат, алар инвестициянын объектиси болуп саналган активдер – баалуу кагаздар, мүлк, акча каражаттары.

Экинчиден, инвестициялоонун объектилерин жана предметтерин жөнөкөй “которуу принцибинин” негизинде түшүнүктү түзүү инвестициялардын маңызын жана мазмунун ачууга мүмкүндүк бербейт.

Үчүнчүдөн, инвестицияларды жүргүзүү пайда алуу максатына ээ, аныктама инвестициялоо процессинин “башка” пайдалуу натыйжасы менен байланышты да көрсөтөт, бирок мындай натыйжанын түшүнүгүнүн өзү ачылып көрсөтүлбөгөн. Ошондуктан, укуктук чечмелөөнүн негизинде, "инвестициялар" категориясынын мазмунун так аныктоо өтө кыйын.

“Инвестиция” термини латын тилинен “invest” которгондо «салым салуу», б.а. келечекте инвестициялык капиталды көбөйтүүнү түшүндүрөт.

Эң беделдүү инвестиция адиси В.Ф. Шарп, инвестицияларды киреше алуу максаты болгон ар кандай ишканага ресурстарды финансылык узак мөөнөттүү инвестициялоонун бир түрү катары аныктайт. Мындан тышкары,

У.Ф. Шарп инвестицияны акчаны келечекте көп алуу үчүн бүгүн акча менен коштошуп туруу процесси катары караган. Ошол эле учурда, каражатты эмнеге жана кайда жумшалганы маанилүү эмес. Маанилүү деп эки гана параметр: эртеңкиге сарпталганга караганда көбүрөөк алуу үчүн бүгүн сарптоо эсептелинген [140].

Батыш экономикасынын дагы бир кадыр барктуу илимпозу П.Фишер инвестицияны негизги фонддорду көбөйтүүгө багытталган учурдагы чыгымдардын бөлүгү катары аныктайт [138].

Жогорудагылардын тигил же бул түрүнө артыкчылык аныктамалар конкреттүү авторлордун арасында гана эмес, о.э. конкреттүү өлкөлөрдө дагы орун алат. Мисалы, экинчи аныктамага артыкчылык Батыш экономикалык адабиятында байкалган жана үчүнчү артыкчылык Евразия экономикалык мектебинде бар.

Мындан тышкары, кайда пайда болгонуна карабастан – өлкөнүн ичинде же чет өлкөлөрдө, салттуу өнөр жайларда жана ишмердүүлүктөрдө же жаңыларында, жерде (сөздүн түз маанисинде) же космосто инвестициянын ролу абдан чоң [22].

Инвестиция боюнча батыш окумуштууларынан айырмаланып, академик Л.И. Абалкиндин редакциясы астындагы «Экономикалык энциклопедияда» инвестициялар чарбасынын ар түрдүү тармактарынын ишканаларындагы узак мөөнөттүү капиталдык салымдар катары аныкталат [142].

Бул аныктама инвестициялардын белгилүү бир чөйрөсүн – материалдык өндүрүш чөйрөсүн аныктайт. Башка изилдөөлөрдө бул позиция социалдык аспектти эске алуу менен кеңейтилет. Мисалы, А.М. Марголин жана А. Я. Быстряков инвестициялар деп экономикалык жана (же) социалдык натыйжаларды алуу максатында, ар кандай узак мөөнөттүү инвестициялар катары аныкталат [105].

Көп убакыттан бери инвестициялар негизги капиталга капиталдык салымдар менен аныкталган жана бир жагынан, негизги каражаттарды кайра

өндүрүүдө нарктын кыймылынын процесси катары, экинчиден, акчалай каражаттар мобилизацияланган учурдан тартып алардын ордун толтуруу учуруна чейин негизги каражаттарга аванс берүү процессиндеги экономикалык мамилелердин системасы катары чечмеленген [53, 54].

Булар менен бирге экономикалык илимде рынок мамилелеринин калыптануу мөөнөтүндө «инвестициялар – капиталдык салымдар» маңызын түшүндүрүүгө 2 жолу кеңири тараган – чыгымдык жана ресурстук, алардын алкагында алар негизги каражаттардын кайра өндүрүүсүнө болгон чыгымдар же бул максатка жумшалган ресурстар түрүндө мүнөздөлгөн.

Белгилей кете турган нерсе, учурдагы экономикалык илимде «капиталдык салымдар» термини сакталган, бир гана азыр реалдуу инвестициялар же экономиканын реалдуу секторуна салымдар катары түшүндүрүлөт.

А.С. Николаев инвестиция катары келечекте киреше алуу максатында финансылык жана экономикалык ресурстардын узак мөөнөттүү салымдары же социалдык, билим берүү, экологиялык, инфраструктуралык же башка мүнөздөргө ээ жыргалчылыктарды алуу катары аныктаган [114].

Инвестиция түшүнүгүнүн мазмунуна жакын катары П.К.Ярмолин пайда алуу же (жана) социалдык натыйжа алуу үчүн капиталдын салымы катары караган [145].

Өз кезегинде И.А. Минаков, Л. Сабетова, А.М. Марголин, А.Я. Быстряков ушуга окшош эле инвестицияны «экономикалык (пайда) же социалдык натыйжа алуу максатында акчалай каражаттарды же капиталды узак мөөнөттүү инвестициялоо» деп аныкташат [109].

Д.А.Ендовицкий инвестициялардын маңызын кеңири чечмелейт, акыркысын изилдөө менен пайда алуу, о.э. башка экономикалык же экономикалык эмес натыйжага жетүү максатында анын чарбалык ишмердүүлүгүнүн ар кандай объектилерине (инструменттерине) бардык формадагы капиталды салуу, аларды иш жүзүнө ашыруу рыноктук

принциптерге негизделген убакыт, тобокелдик жана ликвиддүүлүк факторлору менен байланышкан» [61].

Берилген чечмелөөлөрдөн келип чыккандай, инвестициялар киреше/же пайда/же социалдык натыйжа алуу максатында узак мөөнөттүү инвестицияланган капитал болуп таанылат.

Н.Т.Куликованын айтымында, инвестиция – бул накталай акча, максаттуу банктык салымдар, баалуу кагаздар, технологиялар, машина, жабдуулар, башка мүлк, о.э. акчалай баалоого ээ мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктар түрүндөгү капиталды инвестордун стратегиялык максаттарына жетүү үчүн ишкердүүлүк же башка ишмердүүлүккө салуу [85].

М.Л.Петровдун аныктамасы боюнча инвестициялар коомдук-экономикалык жана башка максаттарга жетүү үчүн ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө салынган баалуулуктарды билдирет [118].

Жогоруда берилген аныктамалар, чындыгында, "инвестициялар" категориясынын ченемдик-укуктук чечмелөөнү чечмелөө болуп саналат, демек, аларда биз мурда аны изилдөөдө аныкталган кемчиликтердин бардыгы бар.

Ата мекендик окумуштууларга кайрылсак, э.и.д., проф. К.А.Абдымаликовдун көз карашы боюнча инвестициялар (капиталдык) – бул жаңы каражаттарды түзүүгө, о.э. негизги фонддорду кеңейтүүгө, реконструкциялоого жана модернизациялоого кеткен чыгымдар түрүндөгү салымдар. Кеңейтилген кайра өндүрүштөгү ролу боюнча, алар өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес максаттар үчүн капиталдык салымдар болуп бөлүнөт [29].

Кеңири мааниде алганда, инвестициялар учурдагы капиталды кеңейтүү үчүн жасалат. Кыймылдаткыч мотив катары пайда эсептелет, ал салымдардын натыйжалуулугуна жараша өсөт.

Ишканада инвестиция төмөнкүлөргө багытталышы мүмкүн:

- негизги фонддорду модернизациялоо;
- кубаттуулуктарды реконструкциялоо;

- капиталдык курулуш.

Алар айланма активдерге же финансылык инструменттерге инвестициялык портфелди түзүү үчүн салынышы мүмкүн.

Финансылык инвестициялар инвестициялык портфелди түзүүгө багытталган, ал баалуу кагаздардын, туунду инструменттердин жана башка материалдык эмес милдеттенмелердин түрлөрүн камтышы мүмкүн.

Инвестициялар ишкананын өз каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн, же финансылык ресурстарын тартуу аркылуу болот. Тартылган каражаттарга караганда, менчик каражаттардын болуусу маанилүү болуп саналат. Бул финансылык туруктуулукту жана көз карандысыздыкты камсыз кылат.

Инвестиция эгерде пайданын нормасы салымды гана жаппастан, о.э. аларга болгон пайызды жапкан учурда натыйжалуу болот. О.э., инвестициялоодо акчанын нарксызданышына таасир этүүчү инфляциянын деңгээли эске алынат.

Ишкана инвестициянын эки тибин иш жүзүнө ашырат: тике инвестициялар инвестициялык долбоорлорду тандоого ишкердин түздөн-түз катышуусун түшүндүрөт, ал эми кыйыр инвестициялар башкалар тарабынан ортомчу болуп саналат. Башкача айтканда, ишкана тике инвестициялар боюнча брокерлерди же эксперттерди тарта алат.

Инвестициялык портфелди диверсификациялоо үчүн ишканалар инвестициянын кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү формаларын колдонушат. Буга жетүү үчүн, тобокелдиктин ар кандай даражадагы активдеринин ар кандай формаларын колдонсо болот.

Инвестициялар жеке же биргелешкен болушу мүмкүн, бул мамлекеттик-жеке өнөктөштүк үчүн мүнөздүү болуп саналат. Ишкана инвестициялык ишмердүүлүккө бул үчүн жетиштүү каражаты болгондо катышат. Эреже катары, өздүк резервдер колдонулат, бирок кээ бир учурларда карызга алынган активдер колдонулушу мүмкүн.

Инвестициялык ишмердүүлүк бизнес-идеяларды издөөнү, объектти алдын ала даярдоону, долбоорду түзүүнү, аны акыркы кароону жана чечим кабыл алууну камтыйт. Инвестицияларды башкаруу пландаштырылган пайдага жетүү үчүн бардык этаптардан өтүүнү камтыйт. Ар бир инвестициялык долбоор тобокелдиктерге жана өзүн актоо мөөнөтүнө, о.э. каражаттарды инвестициялоонун натыйжалуулугуна каралат [11].

Инвестор үчүн инвестициянын өзүн актоо мөөнөтү жана экономикалык натыйжалуулугу маанилүү. Бул учурда инвестициянын объектилери болуп курулуп жаткан же реконструкцияланып жаткан объекттер, же өндүрүштүк ишмердүүлүктү кеңейтүү, мисалы, продукциянын ассортиментин көбөйтүү саналат. Ошондуктан капиталдык салымдар ишкананын инвестициялык ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү катары каралат. Компаниянын салымдары реалдуу жана финансылык болуп бөлүнөт. Биринчиси негизги капиталга узак мөөнөттүү инвестицияны билдирет. Алар мүлккө каржылык салым түрүндө ишке ашырылышы мүмкүн.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, биз экономикалык илимде “инвестициялар” категориясынын аныктамасынын алардын экономикалык мазмунун түшүнүүгө болгон ыкмалардын көптүгүн чагылдырган үч негизги модификациясынын бар экенин айта алабыз:

- биринчиден, инвестициялар – бул ишкердүүлүк ишмердүүлүгүнүн объекттерине салынган каражаттар (акча каражаттары, баалуу кагаздар, башка мүлк, анын ичинде мүлктүк укуктар, акчалай баалуулуктагы башка укуктар);

- экинчиден, инвестициялар – киреше/же пайда/же социалдык натыйжа алуу максатында узак мөөнөттүү негизде капиталды салым кылуу;

- үчүнчүдөн, инвестициялар – пайда (киреше) алуу ж.б. пайдалуу натыйжаларга жетишүү үчүн ишкердүүлүк ишмердүүлүгүнүн объекттерине капиталды максаттуу салуу формасында иш жүзүнө ашкан чыгымдар.

«2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында” мамлекеттин күч-аракети Кыргызстандын бүткүл

аймагында инвестициялык климатты алгылыктуу жакшыртуу; өлкөнү накта “инвестициялык оазиске” айлантуу менен жыйынтыгында аймактын жана ЕАЭБнын башка өлкөлөрү менен салыштырмалуу атаандаштык артыкчылыгы бар инвестициялар үчүн жагымдуу объект түзүү; өлкөлүк жана аймактык деңгээлде инвесторлорду колдоонун натыйжалуу институционалдык механизмин түзүү жана саясат жүргүзүү; фонддорду түзүү; инвесторлорго кепилдиктерди камсыз кылуу, чакан жана орто бизнеске узак мөөнөттүү мезгилге жеңилдетилген насыяларды берүү, экспортко багытталган жана инновациялык секторлорун түзүү багытында инвестициялык активдүүлүктү колдоо каралган [7].

Инвестициялык рынок рынок экономикасынын маанилүү системасы; өндүрүштү техникалык жактан кайра жабдууну, продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну, тармактарды, аймактарды жана ишканаларды туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуунун натыйжалуу инструменти болуп саналат. Бул инвестициянын жаңы натыйжалуу формаларына, капиталды инновациялык продуктуларга жана технологияларга инвестициялоого жана ошону менен инновациялык типтеги кайра өндүрүштү калыптандырууга көмөктөшөт. Анын иштөө процессинде эң маанилүү макроэкономикалык пропорциялар түзүлөт (топтоо менен керектөөнүн ортосунда, топтоо менен инвестициянын ортосунда, инвестициялык ресурстардын чыгашалары менен инвестициянын кайтарымдуулугунун ортосунда), ошол эле учурда инвестициялардын көлөмү көрсөткүчтөрдүн динамикага түз таасирин тийгизет. Инвестициялык рынок реалдуу жана финансылык инвестициялык объекттердин рыногунан турат. (1.1- сүрөт)




1.1-сүрөт – **Инвестициялык рыноктун түзүмү (инвестициялык объекттер боюнча)**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Инвестициялык ресурстарды топтоо жана аларды кайра бөлүштүрүү менен инвестициялык рынок инвестициялык капиталды сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшөт, бул кайра өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшүнө алып келет.

Инвестициялык рыноктун масштабы жана натыйжалуулугу экономиканын өсүшүнө, кайра өндүрүү процессине, коомдук продукциянын көлөмүнө жана структурасына, экономиканын жана айрым ишканалардын илимий-техникалык жана өндүрүштүк потенциалын өнүктүрүүгө, экономиканын реалдуу жана финансылык секторлору өнүгүүсүнө, өз ара байланышына олуттуу таасирин тийгизет.

Экономиканын айыл чарбасына инвестициялар катары айыл чарба субъекттери тарабынан кеңейтилген кайра өндүрүүнү камсыздоо үчүн

кошумча каржылоону тартуу эсептелинет. Айыл чарбасында инвестициялык каражаттарды тартуу менен тармактын инвестициялык жагымдуулугун калыптандырууга өбөлгө түзүлөт, кайра өндүрүү процессинин жалпыланган мүнөздөмөсү катары эсептелет. Айыл чарба субъекттеринде финансыны башкаруунун сапаты алардын өзүндө, о.э. жалпы тармакта кеңейтилнен кайра өндүрүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Чарбалык субъекттердин финансылык ишмердүүлүгүндө жаңылануу боюнча рыноктун катышуучулары пайданы көбөйтүү боюнча алардын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн баалашы мүмкүн, о.э. учурда тармактын инвестициялык жагымдуулугун бир топ деңгээлде калыптандырат. Айыл чарба субъекттеринин экономикалык ишмердүүлүгүн баалоо продукцияны өндүрүүдөгү жетишилген көлөмү жана дүң пайданын суммасы гана эмес, о.э. айыл чарбасында кеңейтилген кайра өндүрүүнү камсыз кылган финансылык механизмдердин натыйжалуулугу аркылуу баалоо учуру келди десек жаңылышпайбыз.

Республиканын айыл чарбасына инвестиция тартуу булактары катары төмөнкүлөр эсептелинет:

- мамлекеттик;
- жеке;
- амортизациялык чегерүүлөр,
- насыялык инвестициялар;
- тышкы түз жана портфелдик инвестициялар ж.б.

Ушул инвестициялардын бардык булактарын ички жана тышкы деп бөлсө болот.

Ички булактар:

- мамлекеттик – мамлекеттик бюджеттин чегерүүлөрү, жергиликтүү бюджеттерден чегерүүлөр, жеңилдетилген инвестициялар, баалуу кагаздарды чыгаруу;
- фонддордун ресурстары – инвестициялык, камсыздандыруу, пенсиялык, башка инвесторлор;

- калктын каражаттары – эмгек акы, дивиденддер, ишкердик ишмердүүлүктөн алынган кирешелер, башка кирешелер;

- банк насыялары – маржа, баалуу кагаздар менен операциялар, башка кирешелер.

Тышкы булактар:

- насыялар – эл аралык валюталык фонд, донор өлкөлөр, коммерциялык; баалуу кагаздар, корпоративдик акцияларды жайгаштыруу.

Түз чет өлкөлүк инвестициялар – жаңы объектилерди куруу, иштеп жаткан ишканаларды сатып алуу, биргелешкен ишканага катышуу, филиалдарды ачуу, башкаруу жана башка кызматтарды көрсөтүү.

Айыл чарбасындагы инвестициялык процесстер аймактын экономикасын өнүктүрүүнүн жана калктын бакубаттуулугун жогорулатуунун негизги булагы болуп саналат. Мындан тышкары, заманбап экономика бул тармакка инвестицияларды тартуу үчүн аймактардын ортосундагы жогорку атаандаштык менен мүнөздөлөт, ошондуктан инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуунун натыйжалуу механизми аймакты ийгиликтүү өнүктүрүүнүн зарыл шарты болуп саналат.

Региондун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизминин түзүмү схемалык түрдө берилген (1.2-сүрөт).

| Уюштуруучулук механизм | Экономикалык механизм |
|---|---|
| Инвесторлордун өз ара кызыкчылыктарынын механизми<br>Консорциум<br>Агрардык финансылык өндүрүштүк тобу;<br>- айыл чарба ишканасынын базасында;<br>- кайра иштетүүчү ишкананын базасында;<br>- соода-финансы түзүмүнүн базасында. | Стимулдаштыруучу салык салуу<br>Финансылык-насыялык механизм:<br>- максаттуу инвестициялык программаларды каржылоо;<br>- жеңилдетилген пайыздык чендер;<br>- насыялар боюнча пайыздарды компенсациялоо;<br>- ипотека<br>- лизинг |

1.2-сүрөт – **Айыл чарбасындагы инвестициялык процессти өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизми**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

1.2-сүрөттөгү механизмдин алкагында уюштуруучулук жана экономикалык механизмдердин алкагында тармактын өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор көрсөтүлүп, алар атаандаштык артыкчылыктарды жана регион тарабынан инвестиция тартуу потенциалын пайдаланууну түшүндүрөт.

Айыл чарба ишканасынын финансысын башкаруу бул чарбалык субъекттин масштабында кеңейтилген кайра өндүрүүнү камсыз кылган анын жалпы капиталын калыптандыруу процесси болуп саналат. Ар кайсы убакта капитал жетишерлик деңгээлде болушу керек, антпесе кайра өндүрүү кечеңдеп, токтоп калууга алып келиши мүмкүн. Ишкананын финансысын башкаруунун шарттары жана факторлору ар түрдүү, көп санда, кайра өндүрүүгө ар түрдүү багытта таасир тийгизиши мүмкүн. Ишкананын финансысын башкаруунун натыйжалуулугун баалоо үчүн чарбалык ишмердүүлүктү каржылоого экономикалык жактан жалпылоочу таасир тийгизген бардык аспекттеринин адекваттуу чагылдырган мүнөздөмөнү колдонуу мааниге ээ.

Биздин көз караш боюнча, ишкананын финансысын натыйжалуу башкаруунун негизинде иштеген кайра өндүрүүнүн интегралдык мүнөздөмөсү катары анын инвестициялык жагымдуулугу эсептелинет. «...Инвестициялык ишмердүүлүк капиталдык салымдардын дээрлик бардык формасы катары түшүндүрүлүшү менен» [121] аны калыптандыруу инвесторлордун экономикалык кызыкчылыктарын жана ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттарын макулдайт, аларды макулдоо даражасы ишкананын инвестициялык жагымдуулугуна олуттуу таасирин тийгизет.

Инвестициялык жагымдуулуктун көрсөткүчү өлкөнүн, тармактын, аймактын деңгээлинде да, ишкананын деңгээлинде да каралышы мүмкүн.

Көптөгөн окумуштуу-экономисттер өлкөнүн экономикасына, тармакка, аймактарга, ишканага карата "инвестициялык жагымдуулук" түшүнүгүн чечмелеп, өз ойлору менен бөлүшүп келишкен. Мисалы, Гарвард бизнес мектебинин кызматкерлери инвестициялык жагымдуулугу боюнча өлкөлөр менен аймактарды салыштыруунун негизине төмөнкү мүнөздөмөлөрдү камтыган атайын эксперттик масштабды коюуну сунушташат: чет өлкөлүк жана улуттук инвесторлор үчүн мыйзамдык камсыздоо, капиталды тоскоолдуксуз киргизүү жана чыгаруу мүмкүнчүлүгү, улуттук валютанын курсунун туруктуулугу, саясий туруктуулук, экономикалык улуттук капиталды пайдалануу мүмкүнчүлүгү.

Ал эми макродеңгээлде инвестициялык жагымдуулук деп мамлекет тарабынан ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн түзүлүүчү саясий, экономикалык, социалдык, укуктук ж. б. шарттарды түшүнүү керек.

Инвестициялык жагымдуулук инвестициялык климаттын негизги элементи болуп саналат. Бул пикирди В.В.Кирюхин бөлүшкөн, ал инвестициялык климат инвестициялык активдүүлүк жана инвестициялык жагымдуулук менен аныкталат деп эсептейт [80].

Инвестициялардын мамлекеттик деңгээлде келиши үчүн жагымдуу экономикалык рыноктук чөйрөнү калыптандырууну камсыз кылуу зарыл. Буга айыл өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүн эсепке ала турган башкаруу механизмин киргизүү жолу менен жетишүүгө болот. Инвестицияларды тартуу татаал иш, бирок анын натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу андан да кыйын.

Айыл чарба тармагына инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы, дүң продукциянын өсүшү, өндүрүштүн капитал сыйымдуулугунун төмөндөшү ж.б. менен шартталат. Өлкөнүн агроөнөр жай комплекси, өзгөчө аймактар туш болгон шарттарда айыл чарба тармагына инвестиция салууга кызыкдар инвесторлорду табуу эң чоң көйгөй болуп саналат [39].

Бирок, ЕАЭБ алкагында Кыргызстан өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу үчүн бир катар артыкчылыктарга ээ, анткени ал өзүнүн ыңгайлуу географиялык жайгашуусу жана пайдаланылган эң бай жаратылыш ресурстарынын, анын ичинде гидроэнергетикалык ресурстардын, алтындын, сейрек кездешүүчү түстүү металлдар, көмүр, баалуу курулуш материалдары жана башка кендердин болушу менен өзгөчөлөнөт. Белгилей кетсек, Кыргызстандын күчтүү инвестициялык артыкчылыктары бизнес чөйрөсүнө салыштырмалуу салыктын төмөн ставкалары, өндүрүштүн негизги факторлорунун болушу жана алардын арзандыгы, ижарага алынган жер жана электр энергиясы үчүн арзан төлөмдөр, арзан жумушчу күчүнүн болуусу, инвесторлор үчүн жагымдуу шарттардын бири болуп саналат.

Аймактардын, анын ичинде айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугу жана инвестицияларды пайдалануу көрсөткүчтөрүнүн тутумун топтоштурууда төмөнкү негизги талаптарды эске алуу зарыл:

- инвестициялык процесстин алкагында белгиленген көрсөткүчтөрдү долбоор менен логикалык байланыштыруу;
- илимий негиздүүлүк жана объективдүүлүк;
- түшүнүктүүлүк жана эсептөөнүн жөнөкөйлүгү;
- алынган натыйжаларды кош чечмелөө мүмкүнчүлүгүн жоюу;
- башкаруу баскычтарында жана убакыттын өтүшү менен колдонулган көрсөткүчтөрдүн ар тараптуулугун камсыз кылуу.

э.и.д., проф., КР УИА мүчө-корреспонденти Мусакожоев Ш.М. айыл чарбасын өнүктүрүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда инвестициялардын жагымдуулугу жана инвестициялык активдүүлүктүн өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү зарыл деп эсептейт [113].

э.и.д., проф., КР УИА мүчө-корреспонденти Джаилов Д.С. эт-сүт продукцияларын, жашылчалар жана жемиштерди ж.б. айыл чарба продукцияларын тереңдетүү кайра иштетүү боюнча агроөнөр жай комплексинин агрокайра иштетүү чөйрөсүн артыкчылыктуу максатта

өнүктүрүү, бул максатта биргелешкен агрохолдингдерди ж.б. ишканаларды түзүүнү стимулдаштыруу үчүн агробизнестин инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу зарылчылыгын белгилейт [57].

1998-жылдан бери Түштүк Корея чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча агрессивдүү саясат жүргүзүп келет, анын максаттарынын бири Кытайга жана Түштүк-Чыгыш Азиядагы динамикалуу өнүгүп жаткан башка өлкөлөргө кетип жаткан инвестицияларды «тоскоолдуктоо» болуп саналат. Көрүлгөн чаралардын натыйжасы чет өлкөлүк инвестициялардын олуттуу өсүшү болду, ал эми 2001–2007-ж. өлкө жыл сайын орто эсеп менен 10 миллиард АКШ долларын алып турган [146].

Алар негизинен электроникага (суюк кристалл экрандарын жана телевизорлорду чыгаруу) жана химия өнөр жайына жиберилген. Өнөр жайга инвестициялар жалпы чет өлкөлүк инвестициялардын 38%ын түздү, 60%ы тейлөө чөйрөсүнө (негизинен саламаттыкты сактоону, канализацияны жана суу менен камсыздоону өнүктүрүүгө, таштандыларды чыгарууга) багытталган.

Азиядагы финансылык кризистен кийин Корея жаңы түз чет элдик инвестиция саясатын кабыл алды, ал инвесторлорго кеңири стимулдарды берди. Аларга салыктан бошотуулар жана кыскартуулар, жумушчуларды

жалдоо жана окутуу үчүн финансылык колдоо, илимий-изилдөө долбоорлору үчүн акчалай гранттар, о.э. ишканалар үчүн жердин ижара акысын белгилүү бир мөөнөткө бошотуу же азайтуу кирет. Негизги салык жеңилдиктери өнөр жайды өнүктүрүүнү колдоо статусуна ээ болгон жогорку технологиялар, илимий-изилдөө жана өнүктүрүү жаатындагы долбоорлорго же чет элдик инвестициялык аймактарда жайгашкан ишканаларга берилди. Бул жеңилдиктерге пайда алынган күндөн тартып 5 жылдык мөөнөткө каралган киреше салыгы боюнча салыктык эс алуу жана кийин 2 жылдык мөөнөткө бул салыкты 50% га төмөндөтүү камтылган. Долбоорлордун бул түрлөрү үчүн, о.э. жумушчуларды жалдоо жана аларды окутуу максатында каржылык колдоо бөлүнгөн [38].

Чет элдик компанияларга өлкөгө киргенден кийин жардам көрсөтүү Кореяны чет өлкөлүк инвестициялар үчүн жагымдуураак кылуунун каражаты катары кызмат кыла аларын түшүнүү менен өкмөт Инвестицияларды илгерилетүү боюнча агенттиктен (KOTRA) тышкары Инвестициялардын Акыйкатчысы аппаратын түздү. Инвестициялык Акыйкатчысы аппараты чет элдик компанияларга бюрократиялык тоскоолдуктарды жеңүүгө жана даттанууда айтылган маселелердин чечилишине жетишүүгө жардам берет. Адатта, даттануулар салык жана тарифтерге, эмгек рыногуна, бажы процедураларына жана соодага ж.б. тиешелүү.

Жалпысынан Азия өлкөлөрүнүн инвестициялык саясатындагы мыйзамдык жана экономикалык стимулдар депрессияга кабылган тармактардын өсүшүнө, аймактардын көп функционалдуу өнүгүшүнө, ири өндүрүштөрдү реконструкциялоого жана модернизациялоого, социалдык-экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшкөн.

Андан ары изилдөөлөрүбүздү реалдуу сектордун айыл чарба тармагындагы инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы менен улантабыз.

Өнүккөн өлкөлөрдө айыл чарбасындагы инвестициялык ишмердүүлүк мамлекеттик комплекстүү жөнгө салуу жана колдоонун негизинде өндүрүштү

интенсификациялоого, алдыңкы уюштуруучулук, техникалык жана технологиялык жетишкендиктерге багытталган. Өнүккөн өлкөлөрдө ресурсту көп талап кылган өнөр жай экономикасы эбактан бери билим экономикасы менен алмаштырылган. Жеке корпорациялар жана фирмалар мамлекет менен бирге айыл чарбасына илимий изилдөөлөрдү активдүү жумшоодо. Инвестициялык ишмердүүлүктүн натыйжалары эмгек өндүрүмдүүлүгүн беш эсеге чейин жогорулатууга мүмкүндүк берет. Бирок, технологияны түз өндүрүшкө киргизүү илимий изилдөөгө кеткен чыгымга салыштырмалуу үч эсе финансылык каражаттарды жумшоону талап кылат. Агроөнөр жай комплексинде инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык жактан колдоо жагынан чет өлкөлүк тажрыйбага талдоо агроөнөр жай өндүрүшү тармагындагы ийгиликтүү өлкөлөрдүн мисалында жүргүзүлгөн. Чет мамлекеттерде агроөнөр жай комплексин инвестициялык колдоонун стратегиялары төмөнкү багыттарга багытталган.

1.2-таблица – **Чет өлкөлөрдө айыл чарбасын өнүктүрүүгө инвестициялык колдоо көрсөтүү стратегиялары**

| № | Инвестициялык камсыздоо стратегиялары | Стратегиялардын компоненттери | Өлкөлөр |
|---|---|---|---|
| 1. | Айыл чарбасын инновациялык өнүктүрүүнүн улуттук системасын түзүү | Мамлекеттик сектордо илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун түзүмүн өзгөртүү | Литва, Польша, Болгария |
| | | Билим берүү жана илимий мекемелердин функцияларын айкалыштыруу | Чехия, Эстония, Латвия |
| | | Чакан жана орто бизнесиндеги инновациялык ишканаларды өнүктүрүү | Чехия, Словакия, Румыния, Турция, Чили |
| | | Экспорттук өндүрүштү өнүктүрүү | Турция, Румыния, Чехия, Чили |
| 2. | Айыл чарбасынын инновациялык өнүгүүсүнүн улуттук системасынын оптималдуу түзүмүн калыптандыруу | Мамлекеттик системаларды түзүү жана инновациялык өнүгүүнүн милдеттерине инвестицияларды пландаштыруу | Индия, Япония, Норвегия, Чили |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Илимий изилдөөлөрдү каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу | Австралия, Швеция, Дания, Норвегия, Улуу Британия, США, Франция |
| | | Фундаменталдык иштеп чыгууларды стимулдаштыруу | Швеция, Словения, Улуу Британи |
| 3. | ЖОЖ илиминин жана айыл чарба өндүрүшүнүн интеграциясы | ЖОЖ илиминин жана өндүрүштүн өз ара аракеттерин каржылоо | Финляндия, АКШ |
| | | Илимий иштеп чыгууларга өлкөнүн ичинде мамлекеттик жана жеке инвестицияларды стимулдаштыруу | Финляндия, Израил |
| | | Илимий изилдөөлөргө чет өлкөлүк капиталды тартуу | Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү, Израиль, Улуу Британия жана Ирландия |
| | | Инновациялык продукцияны чыгарууну кубаттоо | Жаңы Зеландия, Япония, Германия, Дания |
| | | Аймактардан финансылык ресурстарды тартуу | Германия, Финляндия, Франция |
| 4. | Тармакта инвестициялык байланыштарды өнүктүрүү | Натыйжалуу өнүктүрүү үчүн инвестициялык мамилелерди калыптандыруу | Ирландия, Норвегия, АКШ |

*Булак: материалдардын негизинде автор тарабынан иштелип чыкты*

Өнүккөн өлкөлөрдө колдонулган салыктык жеңилдиктер системасы жеке компанияларды илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана ИИТКИге инвестицияны көбөйтүүгө жана өздөштүрүүгө түрткү берет.

Мамлекеттик насыя – салык саясаты толугу менен айылдык товар өндүрүүчүлөрдү колдоого багытталган, мисалы, жаңы жабдууларды сатып алууга жана инновациялык технологияларды өнүктүрүүгө насыя берүү практикасы кеңири таралган, мисалы, Франциядагы эң ири банктардын бири “Кредит Агрокон”, насыянын 70%га жакынын техника сатып алууга бөлөт. Мындан тышкары, жеңилдетилген насыялар бар, алардын пайыздык ставкасы алардын максатына жана ишкердик ишинин шарттарына жараша жылдык 5-9%ды түзөт [115, 120].

Айылдык өндүрүшчүлөр ар кандай ыкмаларды: кирешелерди жана чыгашаларды убактылуу кайра бөлүштүрүү, учурдагы чыгымдарды капиталдаштыруу же, тескерисинче, учурдагы чыгымдарга инвестицияларды которуу, амортизациялык чегерүүлөрдүн көлөмүн эсептөөнүн ар кандай ыкмаларын колдонуу менен салыктык базасынын өлчөмүн өзгөртүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Айыл чарба ишканаларынын негизги каражаттарынын тездетилген амортизациясынын эрежелери салык салууга тийиш болгон кирешелердин суммасын бир топ кыскартууга мүмкүндүк берет, бул, албетте, инновацияларды өздөштүрүү жана айыл чарба өндүрүшүн техникалык жактан кайра жабдуу процессин активдештирүү үчүн стимул болуп кызмат кылат. Мисалы, Англияда айыл чарба өндүрүшүндө илим менен техниканын прогрессивдүү жетишкендиктерин өнүктүрүү программасы боюнча жерди кургатууга жана айыл чарба курулуштарын курууга жумшалган инвестициялардын көлөмүнүн 4%ы  жана жаңы техниканы алууга жана 25% ы салыктан толугу менен бошотулган [120].

Айыл чарбасын илимий жактан камсыз кылууну каржылоону уюштуруу жана анын инновацияларын өнүктүрүү практикалык кызыкчылыкты туудурат. АКШнын Айыл чарба министрлигинин илимий жана консультациялык уюмдары дээрлик толугу менен бюджеттен каржыланат, өз кезегинде илимий жана ишке ашыруу программаларын жарым-жартылай каржылоону камсыз кылат.

Илимий изилдөөлөргө жана алынган натыйжаларды иштеп чыгууга кеткен жалпы чыгымдардын жарымынан көбү илимий мекемелердин жана консультациялык кызматтардын эсебинен штаттардын бюджеттеринин эсебинен жабылат. Федералдык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды эсепке алуу менен тиешелүү фонд изилдөөгө жана агроөнөр жай өндүрүшүндөгү илимий жетишкендиктерди өнүктүрүүгө бардык чыгашалардын 85%ын түзөт, бул максаттарга чыгашалардын 15% инновациялык уюмдардын кызматтарын керектөөчүлөрдөн алынган каражаттардын эсебинен жабылат.

Акыркы 5 жылдын ичинде гана АКШнын агроөнөр жай комплексин илимий жактан камсыз кылуунун мамлекеттик секторунда илимий-изилдөө жана конструктордук иштердин жалпы чыгашаларында федералдык бюджеттин салыштырма салмагы 50%дан ашык болду. Жергиликтүү бийлик изилдөөлөрдү каржылоого дээрлик катышпайт. Бирок алар илимдин жана техниканын жетишкендиктерин айыл чарба өндүрүшүнө киргизүү боюнча программаларды каржылоодо, алдыңкы тажрыйбаны өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Кийирүү иштерин каржылоодо алардын үлүшү 19%, федералдык органдар – 30%, мамлекеттик башкаруу органдары – 48%, башка түзүмдөр – 3% түзөт [115].

АКШнын Айыл чарба министрлиги (United States Department of Agriculture) дүйнө жүзү боюнча айыл чарба өндүрүмдүүлүгүнүн жай жана бирдей эмес өсүшүн байкап, азык-түлүк экономикалык жана саясий туруксуздуктун негизги булагы экенин белгилейт. Калктын кирешесин жогорулатуу жана ар кайсы өлкөлөрдө элди азык-түлүк менен камсыз кылуунун жакшыртылган жана азыркыдан арзан баада болушу үчүн, бул министрликтин айтымында, агро өнөр жай чөйрөсүндө жаңы технологияларды мүмкүн болушунча тезирээк иштеп чыгуу жана киргизүү керек. Алар эң керектүү боло турган мүмкүнчүлүктөргө жана шарттарга багыттоо сунуш кылынганы мүнөздүү.

АКШда улуттук инновациялык система ийгиликтүү иштеп жатат, анын негизин өнүктүрүүчү инновациялык технологиялык компанияларды илгерилетүү боюнча инвестициялык программа түзөт. Америкалык университеттерде инновациялык кластерлер жана мамлекет тарабынан каржыланган көптөгөн инновациялык компаниялар түзүлдү.

АКШнын Айыл чарба министрлиги улуттук инновациялык тутумдун жардамы менен айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө АКШ ж.б. өлкөлөрдүн жогорку кызмат адамдарын айыл чарба технологияларына инвестициялоого андан ары стимулдаштыруу максатында максималдуу натыйжалуулукка жетүү үчүн технологиялык шарттарды аныктоодо жардам берет.

Министрлик АКШнын айыл чарбасына жана өлкөдөн тышкары, мисалы, Африка континентине инвестициялоо механизмдерин иштеп чыгат жана кеңири колдонот: университеттер жана колдонмо илимий лабораториялар үчүн гранттар, контракттар жана бюджеттик колдоо, о.э. жеке фирмаларга патенттик коргоо жана башка интеллектуалдык менчик укуктарын бөлүштүрүү, программанын катышуучуларына алардын ишинин жыйынтыгы боюнча бонустарды төлөп туруучу сыйлык фонддоруна демөөрчүлүк кылуу жана Чакан бизнестин инновацияларын изилдөө (SBIR) программасы колдонулат. Өтө маанилүү болгон АКШда айыл чарбасында инновацияны өнүктүрүү өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу көйгөйү менен тыгыз байланышта болот.

Улуу Британия дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн ичинен эң жагымдуу инвестициялык режимдердин бирине ээ. Белгилүү бир өлкөгө инвестиция салуу чечимине таасир этүүчү негизги факторлор болуп рыноктун көлөмү, саясий жана экономикалык туруктуулук жана инфраструктуранын өнүгүшү саналат.

Улуу Британиянын инвестициялык мыйзамдары бул өлкөдө жайгашкан кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу жөнүндө чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактарга карата өзгөчө чектөөлөрдү эч кандай белгилебейт. Чет элдик инвесторлор өлкөнүн ичинде өз капиталын кайда инвестициялоону тандоодо эркиндикке ээ. Өлкөдө компаниялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу либералдык мыйзамдар бар, алар аларды каттоодо так жана бир топ жөнөкөй системаны түзөт. Бирок, бул үчүн өлкөнүн финансы рыногунда, тактап айтканда финансылык отчеттуулукту жана өзүнүн ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындуулугун камсыз кылуу жагында өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн ишканаларга жогорку деңгээлдеги талаптар экенин белгилей кетүү керек.

Чыгып жаткан инвестицияларга карата, Улуу Британияда акыркы 30 жылдын ичинде бул багытта иш жүзүндө так жөнгө салуу системасы жок. Ошол эле учурда кезектеги өкмөттөрдүн бул позициясы негиздүү, өлкө

жетекчилигинин пикири боюнча, кирген жана чыга турган инвестициялар боюнча толук ачыктык – эң жакшы саясат болуп саналат.

Улуу Британия чет өлкөлүктөр мамлекеттер менен кош салык салууну болтурбоо боюнча макулдашуулардын саны боюнча дүйнөдө лидер болуп саналат.

Мындан тышкары, өлкөгө чет өлкөлүк инвестицияларды жана компанияларды тартууга багытталган механизмдердин ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- “эркин зоналарды” жана “ишкердик зоналарды” түзүү;
- аймактык өнүктүрүү агенттиктери ишке ашырган программалар;
- чет өлкөлүк инвесторлор үчүн визаларды жана жашоого уруксат алуунун жеңилдетилген шарттары;
- чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун аймактык түзүмүн диверсификациялоо.

Өлкөгө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, о.э. Британиянын экспортун тышкы рынокторго илгерилетүү үчүн жооптуу Улуу Британиянын негизги аткаруучу органы Улуу Британиянын соода жана инвестиция кызматы (UKTI) болуп саналат. Инвестицияларды стимулдаштыруу боюнча иштерди UKTI өлкө ичинде да, чет өлкөлөрдө да жүргүзөт.

Жергиликтүү деңгээлде, UKTI жергиликтүү ишканалардын өнөктөштүгү менен да иштешет, алардын ролу төмөнкүлөр:

- жергиликтүү рыноктук билимдерди колдонуу менен аймактагы инвестициялык мүмкүнчүлүктөр жана аймактын улуттук жана эл аралык деңгээлдеги салыштырмалуу артыкчылыгы жөнүндө маалымат берүү;
- жергиликтүү деңгээлде административдик жол-жоболор менен иштөөдө UKTIни колдоо (пландаштыруу, кыймылсыз мүлк издөө, коммуналдык инфраструктура);
- аймактагы чет өлкөлүк инвесторлор менен болгон мамилелерди колдоо жана өнүктүрүү.

Чыгып жаткан инвестициялар менен иштөө жагынан Улуу Британияда чыгуучу инвестицияларды жөнгө салуу же стимулдаштыруу, о.э. чет өлкөлөрдө британдык ишканалардын инвестициялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү менен алектенген атайын мамлекеттик уюм жок. Буга байланыштуу ишканалар өздүк капиталды колдонуу ордун жана аянтын тандоодо толук эркиндик менен камсыз кылынат.

Улуу Британиянын өкмөтүнүн өлкөгө чет элдик компанияларды жана инвесторлорду тартуу боюнча негизги иши өлкөдөгү инвестициялык климатты жакшыртуу жана бизнести уюштуруу, өнүктүрүү жана инновацияларды киргизүү үчүн жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүү бөлүгүндө жүргүзүлөт. Мындай чараларга төмөнкүлөр кирет: бизнеске бюрократиялык басымды азайтуу, бизнести каттоо жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, салыктарды азайтуу, атайын жеңилдиктерди киргизүү [68].

Инвестициялык ишмердүүлүктү жөнгө салуу маселеси боюнча Улуу Британиянын тажрыйбасын талдоо көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдүн саясатына мүнөздүү болгон бир катар өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет:

1) мамлекеттердин туруктуу жана чоң кирешеси менен шартталган финансылык стимулдаштыруунун масштабдуу механизмдерин, о.э. кыйыр жөнгө салуунун формаларын, атап айтканда, салык жана амортизациялык саясатты жигердүү пайдалануу;

2) инвестициялык саясатты иштеп чыгууда жана ишке ашырууда (инвестициялык чечимдерди кабыл алууда жана ишке ашырууда) аймактардын (жергиликтүү бийлик органдарынын) ролун жогорулатуу;

3) чет өлкөлүк инвесторлор үчүн улуттук режимди камсыз кылууну иш жүзүндө көрсөткөн чет өлкөлүк инвестицияларды жөнгө салуу боюнча атайын мыйзамдардын жоктугу;

4) тармактык артыкчылыктарды бөлүп көрсөтүү жолу менен мамлекеттик инвестициялык саясатты түзүмдүк кайра түзүүгө багыттоо;

5) жеке, аралаш жана коомдук уюмдардын пропорционалдуу катышуусу жана алардын аракеттерин координациялоо менен байланышкан башкаруунун координациялык системаларын түзүү;

6) ички инвестициялык ресурстарды топтоо сыяктуу эле, тышкы инвесторлорду тартуу инвестицияларды каржылоо булактарын комплекстүү пайдаланууга басым жасоо.

Айыл чарба жана өнүктүрүү министрлигинин жетекчилиги астында Израил мамлекетинин инновациялык активдүүлүгү өлкөнүн агроөнөр жай комплексинде Айыл чарба илимий-изилдөө уюму "Волкани борбору" (Agricultural research organization Volcani Center) тарабынан жүргүзүлөт.

"Волкани борбору" аз сандагы кызматкерлеринин аппараты тарабынан бир катар илимий мекемелердин ишин координациялаган, бул: топурак, суу, айлана-чөйрө институту; Өсүмдүктөрдү коргоо институту; Мал чарба институту; Өсүмдүк таануу институту; Токой изилдөө борбору; Чөлдүү аймактардын айыл чарбасын өздөштүрүү үчүн "Гилат" (Gilat) компаниясынын илимий-изилдөө борбору; Айыл чарба машина куруу институту; Айыл чарба продукцияларынын жана азык-түлүктөрдүн сакталышын жана сапатын изилдөө институту.

Бул уюмдар тарабынан иштелип чыккан технологиялар айыл чарба продукцияларын өстүрүү жана өндүрүүдө Израил мамлекетинин Айыл чарба жана өнүктүрүү министрлигинин финансылык катышуусу менен иш жүзүнө ашырылат.

Илимий изилдөөлөрдү каржылоону уюштуруу жана алынган натыйжаларды агрардык өндүрүштө пайдалануу боюнча Кытайдын тажрыйбасы көңүл бурууга арзыйт. Фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү каржылоо, о.э. алынган натыйжаларды пайдалануу үчүн илимий фонддордун системасы түзүлгөн, алардын пайдаланылышы мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алынат. Техникалык рыноктор деп аталгандар жана илим менен технологиянын жетишкендиктерин өнүктүрүү мекемелеринин тармагы түзүлгөн. Беш миңден ашык уюм акы төлөө илимий

кызматтарын көрсөтүшөт, илимдин жана техниканын жетишкендиктерин өндүрүшкө кийирүү, илимий жаңылыктарды сатып алуу-сатуу, объектилерди куруу боюнча келишимдерди түзүү, маалымат алмашуу менен алектенишет. Акыркы жылдары техникалык рынокто бүтүмдөрдүн көлөмү аяктаган илимий-техникалык иштеп чыгуулардын 70%ын түздү. Акыркы жылдарда мамлекет тарабынан ири капиталдык салымдар жаны техниканы жана алдыңкы технологияны иштеп чыгууга багытталып жатат. Илимий-техникалык прогресстин максаты болгон реформага байланыштуу өлкөдө патент жөнүндө, ойлоп табууларды жана аларды өнүктүрүүнү стимулдаштыруу жөнүндөгү мыйзамдар кабыл алынды.

Кытайга чет өлкөлүк капиталды тартуу жана пайдалануу, анын ичинде тармактык деңгээлде жөнгө салынат.

Биринчиден, бул маселеде 2004-жылы кабыл алынган КЭРдин Коммерция министрлигинин жана Өнүктүрүү жана реформа боюнча мамлекеттик комитетинин биргелешкен документинин – чет өлкөлүк инвестициялар үчүн жетекчилик – “Тармактардын каталогу” (Guidance of Foreign Investment Industries Catalogue of Industries) жоболорун жетекчиликке алыш керек,  2007-жылдын 31-октябрындагы түзөтүүлөр менен азыркы учурда өз күчүндө. Каталог түзүмдүк жактан үч бөлүккө бөлүнгөн: тармактары көрсөтүлгөн, чет өлкөлүк инвестицияга тыюу салган; инвестиция тарткан тармактар чет өлкөлүк инвестициялар чектелген; чет элдик капиталдык салымдарды стимулдаштырууучу тармактар.

Кытай өкмөтү аймактык деңгээлде инвестициялык агымдарды ийгиликтүү жөнгө салып, жергиликтүү бийликтерге көбүрөөк укуктарды берүүдө. Жалпы инвестициялык саясаттын алкагында борбордук бийликтер тандалма-түзүмдүк саясатты жүргүзүү менен инвестиция салынган чөйрөлөрдү гана аныкташат.

Чет элдик капиталды тартуу үчүн көптөгөн стимулдар иштелип чыккан: "салык каникулдары" жана жеңилдиктер, жеңилдетилген импорттук тарифтер.

Мисалы, өзгөчө Гонконг жана Макао аймактарынын жээгиндеги атайын экономикалык зоналарда жайгашкан ишканалар үчүн салык режими жана салык төлөмдөрүнөн бошотуу киргизилген жана 90-жылдардын башында бул артыкчылыктар Янцзы дарыясы, Шаньдун провинциясы жана Далянь шаарынын дельтасына жайылтылган.

Акыркы жылдарда АКШда, Улуу Британияда, Германияда, Францияда жана башка бир катар чет өлкөлөрдө салыктарды кыскартууга, салык системаларынын механизмин жөнөкөйлөштүрүү, агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө багытталган ири салыктык өзгөртүүлөр жүргүзүлдү. Бардык өлкөлөр үчүн бул мезгил пайдага жана корпоративдик салыкка прогрессивдүү салык салуу деңгээлинин төмөндөшү менен мүнөздөлөт.

Агрардык өндүрүштөгү инновацияларды өздөштүрүүдө жана инвестицияларды тартууда салык системасы бир катар жеңилдиктерди берет, анткени бул олуттуу кошумча капиталдык салымдарды талап кылат. Алсак, Евробиримдиктин бир катар өлкөлөрүндө айыл чарба программаларына ылайык, инвестициянын өсүшү боюнча салык төлөмдөрүнүн бир бөлүгүн фермерлерге компенсациялоо улуттук бюджеттердин эсебинен каралган. Бул биринчи кезекте тоолуу аймактарда өндүрүш объектилерин курууга, энергиянын салттуу эмес кайра жаралуучу булактарын (күн, шамал) өнүктүрүүгө, инновацияларды өнүктүрүүнүн негизинде социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө тиешелүү [51].

АКШда, Канадада, ЕБ өлкөлөрүндө, Швецияда, Японияда жана Австралияда айыл чарба продукциялары менен өзүн өзү камсыз кылуунун жогорку шарттарында колдонулуучу кошумча нарк салыктары алардын экспортун стимулдайт. Бул салык ички рынокто сатылган продукцияга гана алынат. Экспорттук продукция толугу менен же жарым-жартылай бул салыктан бошотулган, бул да кыйыр түрдө фермерлерди өндүрүштү тынымсыз жакшыртууга жана технологиялык инновацияларды

өнүктүрүүнүн негизинде продукциянын сапатын жакшыртууга түрткү берет [52, 60,102].

Изилдөөбүздү ЕАЭБ өлкөлөрү менен уланта турган болсок, жакынкы чет өлкөлөрдөн, Казакстанда айыл чарба продукциясынын өндүрүшү үчүн негизги капиталга инвестициянын көлөмү 2023-жылы 7%га өсүп, 151 млрд. теңгени түзгөн.

Агроөнөр жай комплексинин товарларынын экспорту 5 миллиард доллардан ашты. Мында кайра иштетилген продукциянын салыштырма салмагы 43%га чейин көбөйдү жана ага көп көңүл бурулууда. Жалпы суммасы 119 млрд. теңгеге 48 инвестициялык долбоор ишке ашырылган.

Дыйканчылык тармагында, Казахстандын Айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча, үч негизги багытты бөлүп көрсөтүүгө болот. Анын ичинде дан жана май өсүмдүктөрүн кайра иштетүү, кант өндүрүү. Ошол эле учурда ун өндүрүү үч миллион тоннадан ашыкты түздү, бул өлкөнүн ички керектөөсүнөн 2 эседен ашат. Казакстан экспорттун көлөмү боюнча дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт. О.э. жогорку деңгээлде кайра иштетилген продукцияны – макарон, ундан жасалган кондитердик азыктарды, крахмал азыктарын чыгарууга өтүү зарылчылыгы өсүүдө. Жогорку деңгээлде кайра иштетилген дан азыктарына өзгөчө басым жасалып, алар үчүн бир катар инвестициялык долбоорлор ишке ашырылууда.

2025-2027-жылдары дан эгиндерин кайра иштетүү боюнча 13 долбоорду ишке ашыруу пландалууда. Дан эгиндерин кайра иштетүү менен катар май өсүмдүктөрүн кайра иштетүү динамикалуу өнүгүп жатат. Өсүмдүк майын өндүрүүгө 80 ишкана тартылып, 2023-жылы 672 миң тонна продукция өндүрүлгөн, бул 2022-жылга салыштырмалуу 4,3%га көп. Коопсуздук 183%ды түзөт. Жылдын аягына чейин өндүрүштү 750 миң тоннага чейин көбөйтүү болжолдонууда. Бул аянттарды кеңейтүү, чийки затты сатып алуу үчүн жүгүртүү каражаттарын камсыздоо жана жаңы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу жетишилет.

Талдоо көрсөткөндөй, салык системасынын натыйжалуу иштөөсү үчүн айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүгө жана анын натыйжалуулугун жогорулатууга товар өндүрүүчүлөрдү кызыктырган жеңилдиктер менен стимулдардын механизмин иштеп чыгуу маанилүү. Бул жеңилдиктердин натыйжасы салыктын иш жүзүндөгү ставкасынын мыйзамдуу түрдө белгиленгенден бир топ төмөн болушуна алып келет. Салыктык жеңилдиктер салык салуунун маанилүү бөлүгү болуп саналат, фермерлерди инновацияларды кеңири жайылтууга стимулдайт. Экономикадагы кырдаалга жараша алар ар кандай мезгилдерде айрым тармактарга, менчиктин айрым түрүндөгү ишканаларга, ишканалардын илимий-изилдөө иштерине кошкон салымынын көлөмүнө жана алынган натыйжаларды иштеп чыгууга жараша бөлүштүрүлгөн. Өнүккөн чет мамлекеттерде салык системаларын реформалоо айыл чарба тармагында илимий-техникалык прогрессти стимулдаштырууга салыктык стимулдардын активдүү таасирин тийгизет.

Рыноктук экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө бир дагы мамлекеттик органдын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө салык жеңилдиктерин берүү шарттарын өзгөртүүгө укугу жок экендиги мүнөздүү. Ошентип, өнүккөн өлкөлөрдө айылдык товар өндүрүүчүлөргө салык салуу системалары айыл чарба өндүрүшүндө илимдин жана техниканын жетишкендиктерин кабыл алууну стимулдаштыруунун ийкемдүү механизмдери болуп саналат. Инновацияларды өнүктүрүүнү стимулдаштырууга эмес, аларды кыйратууга багытталган ата мекендик салык системасы жөнүндө да ушуну айтууга болбойт.

Айыл чарба өндүрүшүнүн илим менен техниканын алдыңкы жетишкендиктерин кабыл алуусун стимулдаштырууга багытталган чараларды ишке ашыруунун чет өлкөлүк тажрыйбасын талдоо өнүккөн чет өлкөлөрдүн агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу комплекстүү мүнөзгө ээ, мамлекет тарабынан финансылык жардам менен ишке ашырыла тургандыгын көрсөттү жана мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат. Айыл чарба өндүрүшүн илимий

жактан камсыз кылуунун илимий идеяларды жана технологияларды айыл чарба өндүрүшүнө киргизүү үчүн пайдалануучуларга өткөрүп берүүдөн баштап, натыйжаларды баалоого жана жаңы инновациялык долбоорлор жана программаларды иштеп чыгууга чейин бардык этаптарын камтыган илимий-техникалык прогрессти ишке ашырууга жана илгерилетүүгө түрткү берүүчү механизмдер түзүлдү жана натыйжалуу иштеп жатат.

Көрсөтүлгөн чаралардын айрым компоненттери айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн инновациялардын ар кандай түрлөрүн кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга стимулдаштыруунун ушундай эле ата мекендик механизмин иштеп чыгуу үчүн алынышы мүмкүн.

Айыл чарбасын өнүктүрүү тенденцияларынын чет өлкөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй, агрардык өндүрүштү модернизациялоого жана айыл чарбасынын натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо маселесин чечүүнү камсыз кылган ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу айыл чарба ишканаларын бириктирүү жана комплекстүү түзүмдөрдү түзүү (агрардык комплекстер, агроөнөр жай комплексиндеги кластерлер) аркылуу мүмкүн.

Агрокомплекс – айыл чарбасы менен алектенген ишканалардын тобу – айыл чарба продукциясын өндүрүү, сатуу жана горизонталдык же вертикалдуу интеграцияланган түзүмү болуп саналат. Агрокомплекстери дыйканчылык, сүт жана эт чарбасы, жашылча өстүрүү жана башкаларга адистеше алат [150].

Агрокомплекстерин инвестициялоо боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаны изилдөө Кыргыз Республикасында ийгиликтүү тажрыйбаны колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн чет өлкөлөрдөгү өзгөчөлүктөрдү жана тенденцияларды аныктоо позициясынан актуалдуу болуп саналат. Чет өлкөлүк ири агрокомплекстеринин кыскача мүнөздөмөсү 1.3-таблицада келтирилген.

1.3-таблица – **Дүйнөдөгү алдыңкы агрокомплекстери**

| **Аталышы** | **Өлкө, негизделген жылы, продукция** | **Өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү** |
|---|---|---|
| Kidman & Co Ltd | Австралия; 1899; уй эти | Токендерге компаниянын активдерин которуу (ишмердүүлүктү белгилөө) |
| Australian Agricultural Company | Австралия; 1824; уй эти | Иштеп чыгуу жана компаниянын туруктуу өнүгүү концепциясын катуу сактоо |
| Beidahuang Group | Кытай; 1998; күрүч, ун, сүт, май жана май продуктулары | Жерди ар кандай пайдалануу |
| Cresud | Аргентина; 1936; эт, сүт, дан эгиндери, кант | Диверсификацияланган өлкө коркунучу. Аргентинада, Бразилияда жана Уругвайда аймактык кеңейүү пландары менен иштеп жаткан Agrofy биринчи онлайн айыл чарба рыногун түзүүнүн пионерлери |
| TIGEM (Turkish General Directorate of Agricultural Enterprises) | Турция; эт, май өсүмдүктөрү | Дыйканчылык жана мал чарбачылык, селекция жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт, асыл тукум жана илимий мекемелер менен кызматташат |
| Русагро | Россия; 1995; кант, эт, май жана май продуктулары | Негизги активдер Белгород, Тамбов, Свердловск, Ульяновск, Оренбург, Самара, Саратов, Воронеж, Курск жана Орел областтарында, о.э. Приморск аймагында жайгашкан, бул аймактык бизнести диверсификациялоону камсыз кылат |
| Продимекс Агрокультура | Россия; 1992; кант, дан азыктары, буурчак өсүмдүктөрү, май өсүмдүктөрү | Туруктуу өнүгүү принциптерин киргизүү жана агробизнеске санариптик технологияларды жигердүү колдонуу |

***Эскертүү:*** *Булак: автордун өз алдынча иштеп чыгуусу жана агрохолдингдердин расмий сайттарынан алынган маалыматтар*

Жогоруда сөз кылынган дүйнөдөгү алдыңкы агрокомплекстеринин ичинде көптөн бери иштеп жаткан түзүмдөр да, салыштырмалуу жакында эле түзүлгөн түзүмдөр да бар. Агрокомплекстеринин өндүрүштүк кубаттуулуктары, эреже катары, технологиялык процесстерди максималдуу оптималдаштыруу менен айыл чарба продукциясын өстүрүүнүн (өндүрүүнүн) жана кайра иштетүүнүн жаңы механизмдерин иштеп чыгуунун толук жабык циклин камтыйт.

Агрокомплекстеринин ийгиликтүү ишмердүүлүгү көп жагынан инвестициянын көлөмүнө жана алардын багыттарына жараша болот. Азыркы этапта агрардык инвестициялардын мүнөздүү багыттары болуп төмөнкүлөр саналат [24]:

- акыркы технологияларды кийирүү; технологияларды агроөнөр жай өндүрүшүнүн заманбап тенденцияларына ылайыкташтыруу;
- санариптик катышууга инвестициялар; жерди, кыймылсыз мүлктү ижарага алуу; айлана-чөйрөнү жакшыртуу;
- жаныбарларды багууну жакшыртуу;
- эмгек шарттарын жакшыртуу.

Агрардык бизнестин туруктуу өсүшүнө инвестициялар актуалдуу болуп саналат – бул айлана чөйрөгө жана жаратылыш ресурстарына зыян келтирбестен, агрардык экономиканын үзгүлтүксүз жана узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүн камтыган концепция. Өсүштүн бул түрү парник газдарынын эмиссиясын азайтуу, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана айлана-чөйрөнү коргоо аркылуу жетишилет – көптөгөн алдыңкы айыл чарба комплекстери бул концепцияны карманышат. Атап айтканда, Австралиянын Australian Agricultural Company айыл чарба компаниясынын деталдуу туруктуулук программасы бар, бул анын бизнес стратегиясынын негизи болуп саналат.

Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, көптөгөн дүйнөлүк агро комплекстери аймактык бизнести диверсификациялоого инвестиция салууда, бул компаниянын ишмердүүлүгүн географиялык жактан кеңейтүүнү камтыйт, анын ичинде жаңы филиалдарды түзүү, жаңы рынокторго чыгуу же ар кайсы аймактардан кардарларды тартуу үчүн компаниянын стратегиясын өзгөртүү кирет.

Агробизнести диверсификациялоонун артыкчылыгы – ар кандай валюталар жана баалар менен ар кайсы өлкөлөрдө сатуу аркылуу кирешени көбөйтүү; тобокелдиктерди азайтуу, анткени бир аймакта экономикалык көйгөйлөр пайда болсо, компания башка аймактардан жогорку киреше ала алат; сатуу рыногун кеңейтүү; компаниянын имиджин жакшыртуу; жаңы рынокторду сыноо мүмкүнчүлүгү ж.б.

Агробизнести өнүктүрүүгө инвестициялардын олуттуу бөлүгү паркты жаңылоого жана айыл чарба техникасын модернизациялоого, о.э. материалдык активдердин кыймылына контроллинг системасын иштеп чыгуу жана ишке кийирүүгө жана башкаларга багытталган. Бизнес процесстерин оптималдаштыруу күчөп, санариптик инвестициялар жигердүү көбөйүүдө.

Мына ошентип, дүйнөдө агрардык түзүмдөргө инвестициялоонун негизги багыттары болуп туруктуу өсүштү стимулдаштыруу, аймактык диверсификация, эң жаңы жабдууларды сатып алуу, маалыматтык технологияларды колдонууну көбөйтүү сыяктуулар эсептелет деп тыянак чыгарууга болот.

Реалдуу секторго, анын ичинде айыл чарбасына инвестицияларды тартуунунун чет өлкөлөр боюнча тажрыйбасынан, ЕАЭБ жана алыскы өлкөлөрдү анализдөө менен КРнын, анын ичинде Ош облусунун айыл чарбасынын заманбап өсүштөн бир топ калып жатканын байкасак болот. Республиканын бул тармагы жаңы техника жана технологияны киргизүү аркылуу реконструкциялоону, продукциянын жаңы сортторун көбөйтүү, селекциялык иштерди күчөтүүнү, өндүрүштү санариптештирүүнү, заманбап

таңгактоону колдонуу, сактоону жакшыртуу, өндүрүштүк интеграциялоо, башкаруунун заманбап ыкмаларын колдонуу, өндүрүш чыгымдарын кыскартуу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, мамлекеттик ар тараптан колдоо аркылуу өнүктүрүүнү талап кылууда.

**1-бап боюнча корутунду**

1. Инвестициялардын теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөө экономикалык илимдин негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп келген. Мындай кылдат көңүл буруу, инвестициянын жана инвестициялык процесстердин экономикалык өсүшкө жана бүтүндөй аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип жаткандыгы менен шартталган.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк жеке инвесторлордун инвестициялык жагымдуулугу аймактардын учурдагы финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрү менен гана мүнөздөлөт.

Ошону менен бирге, аймактардын инвестициялык жагымдуулугу бардык түрдөгү инвестицияларды тартууга узак мөөнөттүү мезгилде дем берүүчү жана талап кылынган сумманы, курамын, каржылоо булактарын жана аларды пайдалануу багыттарын аныктоого багытталган.

Инвестициялык жагымдуулук – бул анын финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн жыйындысы, анын жардамы менен потенциалдуу инвестор инвестициялоо үчүн мүмкүн болгон долбоорлордун чөйрөсүн тегеректейт.

2. Реалдуу сектордун, анын ичинде айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун баалоодо конкреттүү факторлорду эске алуу зарыл, анткени бул сектордун ишканаларынын финансысын уюштуруудагы олуттуу айырмачылыктар табигый-климаттык жана табигый-биологиялык көрсөткүчтөр, шарттар, технологиялык факторлор жана социалдык-экономикалык мамилелер менен аныкталган бир катар өзгөчөлүктөр менен шартталган.

Айыл чарба ишканаларынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир этүүчү бардык факторлорду ички жана тышкы (түз жана кыйыр таасирлер) деп бөлүү күтүлүүдө, бул тармактын өзгөчөлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет.

Ички факторлор чарбалык субъекттин ишмердүүлүгүнөн көз каранды, б.а. булар ал таасир эте ала турган факторлор деп эсептешет. Аларга ишканаларды башкаруу системасы; ишкананын финансылык абалы; өндүрүштү диверсификациялоо; өндүрүш технологиясында инновациялык чечимдерди колдонуу даражасы; ишкананын ачыктык даражасы, отчеттуулукта маалыматтын толуктугу жана анықтыгы ж.б. Тышкы факторлор чарбалык субъекттен көз каранды эмес. Аларга төмөнкүлөрдү киргизсе болот: саясий жана ички экономикалык чөйрө, тармактын экономикалык өзгөчөлүгү, аймактын экономикалык потенциалы, мыйзам ченемдеринин системасы ж.б.

3. Айыл чарбасынын инвестициялык ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнүн алыскы чет өлкөлүк жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн тажрыйбасын изилдөө менен өнүккөн өлкөлөрдө тышкы инвестициянын агымын стимулдаштыруу боюнча өкмөттүн саясаты; жагымдуу инвестициялык климатты түзүү; атайын экономикалык зоналарды түзүү; тике жана кыйыр финансылык стимулдар; мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизми; инвестициялык активдүүлүктү жогорулатуу үчүн ири долбоорлорду иштеп чыгуу; салыктан бошотуулар жана кыскартуулар, жумушчуларды жалдоо жана окутуу үчүн финансылык колдоо, илимий-изилдөө долбоорлору үчүн акчалай гранттар, о.э. ишканалар үчүн жердин ижара акысын белгилүү бир мөөнөткө бошотуу же азайтуу; Инвестициялардын Акыйкатчысы аппаратын түзүү; ИИТКИге инвестицияны көбөйтүү жана өздөштүрүүгө түрткү берүү, жөнгө салуучу либералдык мыйзамдар; чет өлкөлүк инвесторлор үчүн визаларды жана жашоого уруксат алуунун жеңилдетилген шарттары; чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун аймактык түзүмүн диверсификациялоо ж.б. тажрыйбаларды КРнын шартына ылайыкташтыруу менен практикасына колдонуу зарыл.

# 2-БАП
# ОШ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУГУНУН АБАЛЫ ЖАНА ДИАГНОСТИКАСЫ

## 2.1. Ош облусунун реалдуу секторунун экономикалык өнүгүүсүнүн потенциалы

Ош облусу республиканын түштүк бөлүгүндө жайгашып, батышынан Баткен облусу, түндүгүнөн – Жалал-Абад облусу, түндүк-чыгышынан – Нарын облусу, чыгышынан – Кытай Эл Республикасы, түштүгүнөн – Тажикстан Республикасы, түндүк-батышынан – Өзбекстан Республикасы менен чектешет. Облустун жалпы аянты 29,0 миң кв. км же Кыргыз Республикасынын аймагынын 14,5 %ын түзөт.

Ош облусуна 7 район, 3 райондук маанидеги шаар жана 88 айылдык аймак кирет.

Ош облусунун тегиз бөлүгүн Араван, Кара-Суу, Ноокат жана Өзгөн райондору түзөт. Бул аймактар экономикалык жактан өнүккөн, жетиштүү өндүрүштүк жана эмгек ресурстук потенциалына жана тийиштүү социалдык-экономикалык инфраструктурага ээ. Жаратылыш-климаттык шарттар жана калктын салыштырмалуу жогорку жыштыгы бул райондордо айыл чарбасынын мал чарбасы менен айкалыштырылган дыйканчылык багытында адистешин аныктаган. Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн түзүмүндө айыл чарбасынын үлүшү 60%ды түзөт. Жаратылыш-климаттык шарттар аймактын калкына эрте бышуучу жашылчаларды, мөмө-жемиштерди, коондорду, жүзүмдүн көптөгөн белгилүү сортторун, буудай, жүгөрү, май өсүмдүктөрүн, пахта, тамеки өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Мал чарбасы салыштырмалуу начар өнүккөн жана негизинен эт жана сүт өндүрүүгө багытталган.

Бийик тоолуу аймактар – Алай, Кара-Кулжа жана Чоң-Алай – бир жактуу экономикага ээ. Бийик тоолуу райондордун экономикасынын негизги тармагы мал чарбасы, анда кой жана топоз чарбасы үстөмдүк кылат, жашылча-жемиш чарбасы, токой чарбасы да өнүккөн. Калктуу конуштар

деңиз деңгээлинен 1500 метрден 3500 метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. Тоолуу аймактардын климаты континенттик, салыштырмалуу анча суук эмес, жылына бир топ күнөстүү күндөр болот, бул ар түрдүү жана бай флора менен фаунанын болушуна олуттуу шарт түзөт, чоң айыл чарба жерлери, жайыттары, чабындылары бар.

Ош облусунун экономикасындагы атаандаштык артыкчылыктарына төмөнкүлөрдү белгилеп кетсек болот:

1) транзиттик жана экспорттук потенциалда олуттуу роль ойногон Кытай Эл Республикасына, Өзбекстанга жана Тажикстанга жакын жайгашкандыктан жагымдуу географиялык жана саясий абал;

2) эл аралык маанидеги транспорттук коммуникациялар бул аймак аркылуу түндүктөн түштүккө (Россиядан жана Казакстандан Кыргызстандын түндүгү аркылуу Тажикстанга жана андан тышкары) жана батыштан чыгышка (Өзбекстандан Кытайга) карай өтөт;

3) маданий-тарыхый эстеликтердин жана жаратылыш ландшафттарынын комплексиндеги Ош облусунун чегинде Улуу Жибек Жолунун тармактары туристтерди өлкөнүн ичинде гана эмес, республиканын чегинен тышкары да тартат;

4) Ош облусунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана жагымдуулугун өнүктүрүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылган, азыркы соода борборлорунан айырмаланып, өткөн менен келечектин байланышын аныктаган аймактын тарыхый белгиси болгон чыгыш базарлары;

5) бул аймак өзүнүн жаратылышынын уникалдуулугу, кооз, маданий жана тарыхый сунуштары менен туризмди өнүктүрүү үчүн уникалдуу негизги факторлорго ээ;

6) областта коруктардын жана биосфералык зоналардын эбегейсиз көп саны бар;

7) бай тоо ландшафттары альпинизм жана экотуризм үчүн эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрдү берет;

8) жылуу булактардын, гейзерлердин, радон булактарынын, ылай ванналарынын жана минералдык суу булактарынын болушу ден соолукту чыңдоо туризмин өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Ош облусу өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө жана саясий турмушунда чоң роль ойнойт.

Кыргызстандын ИДПсынын жалпы көлөмүндө 2023-жылдын 1-январына карата Ош облусунун үлүшү 7,6%ды (2018-жылы бул көрсөткүч 7,4%) түздү, ал эми аймактык дүң продукциясы 77 621,9 млн. сомду (2028-жылга салыштырганда 82,5% га же 3 508,1 млн. сомго өстү) түздү.

Ош облусу өзүнүн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орточо деңгээли бар аймактардын тобуна кирет.

2024-жылдын 1-январына карата Ош облусунун аймагында иштеп жаткан 192 359 юридикалык жана жеке чарба жүргүзүүчү субъекттери катталып, 2023-жылга салыштырсак алардын саны 1,4 % га өстү. Иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилердин жалпы санынын ичинен жеке менчик субъектилердин саны басымдуулук кылат (99%). Чарба жүргүзүүчү субъектилердин түзүмүндө дыйкан (фермер) чарбалары жана жеке ишкерлер басымдуулук кылат. Чарба жүргүзүүчү субъектилердин жалпы санынын ичинде юридикалык жактардын саны 4 992 бирдикти түзүп, чакан чарба жүргүзүүчү субъектилерге (57,8%) туура келет, алардын 32,6%ы Кара-Суу районунда катталган. Орто жана ири чарба жүргүзүүчү субъектилердин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 13,6 жана 3,6% ды түзүшөт.

Ош облусунда 2022-жылы 14 596,6 млн. сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, 2018-жылга карата 51,7% га же 4 975,5 млн. сомго көп болгон. Ал эми айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын дүң өндүрүлүүсү – 73,7%га, негизги капиталга инвестициялар – 49,5%га, турак үйлөрдүн ишке киргизилиши – 44,4%га, дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсү – 46,7%га, мейманканалар жана ресторандардын

кызмат көрсөтүүлөрү – 26,9%га, жүк ташуу – 5%га, чекене товар жүгүртүү, а.и. тамак-аш ишканаларынын жүгүртүүсү – 49,4%га өскөн. Ал эми облус боюнча сатуудан түшкөн киреше – 61,4%га өсүүнү камсыз кылуу менен бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы – 91,7%га көп болгон. Ошол эле учурда акыркы 5 жыл ичинде катталган жумушсуздардын саны 12,8%га көп болду. Ал эми тышкы соода жүгүртүү 33 223,2 млн. сомду түзүп, а.и. экспорт – 7 967,1 млн. сом (24%), импорт – 25 256,1 млн.сомду (76%) түздү. (2.1-табл.)

2.1-таблица – **2018-2022ж.ж. карата Ош облусунун негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү** [87, 90].

| № | Көрсөткүчтөр | 2018ж. | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2022ж. 2018жж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн.сом | 9 621,1 | 10 385,6 | 9 457,8 | 13 516,8 | 14 596,6 | 151,7 |
| 2. | Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 41 266,9 | 41 851,7 | 49 208,2 | 63 958,0 | 71 683,1 | 173,7 |
| 3. | Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 7 897,7 | 6 889,8 | 5 088,1 | 5 481,1 | 11 810,0 | 149,5 |
| 4. | Турак үйлөрдүн ишке киргизилиши, кв. м. | 191 548,0 | 188 846,0 | 161 185,0 | 237 971,0 | 276 664,0 | 144,4 |
| 5. | Дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсү, млн. сом | 42 258,1 | 44 980,3 | 37 473,1 | 48 279,8 | 61 984,7 | 146,7 |
| 6. | Мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү, млн. сом | 1 130,9 | 1 180,5 | 961,9 | 1 196,5 | 1 435,6 | 126,9 |
| 7. | Жүк ташуу, миң тонна | 2 552,3 | 2 571,6 | 2 424,2 | 2 580,4 | 2 680,1 | 105,0 |
| 8. | Чекене товар жугуртуу, анын ичинде тамак-аш ишканаларынын жүгүртүүсү, млн.сом | 35 466,9 | 36 548,2 | 32 093,4 | 43 095,9 | 52 975,5 | 149,4 |
| 9. | Сатуудан түшкон киреше (дүң киреше), млн.сом | 10 659,2 | 21 293,7 | 17 308,3 | 15 220,2 | 17 206,1 | 161,4 |
| 10. | Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы, сом | 10 307,0 | 11 368,0 | 12 712,0 | 12 557,0 | 19 762,0 | 191,7 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Катталган жумушсуздардын саны (мезгилдин акырына карата), адам | 15 564,0 | 19 479,0 | 19 977,0 | 19 444,0 | 17 556,0 | 112,8 |
| 12. | Тышкы соода жүгүртүү, млн.сом | 22 793,0 | 26 752,3 | 18 995,8 | 36 683,4 | 33 223,2 | 145,7 |
| | анын ичинде: экспорт | 3 457,0 | 5 527,3 | 5 027,0 | 6 184,3 | 7 967,1 | 230,5 |
| | Импорт | 19 336,0 | 21 225,0 | 13 968,7 | 30 499,1 | 25 256,1 | 130,6 |
| | Сальдо | -15 878,9 | -15 697,6 | -8 941,7 | -24 314,8 | -17 289,0 | 108,9 |

Андан ары изилдөөбүздү Ош облусунун реалдуу секторун талдоо менен улантабыз.

Ош облусунун өнөр жай секторунун үлүшү жалпы дүң аймактык продуктуда 8,5-9,0%ын гана түзөт. Республиканын жалпы өнөр жай продукциясынын 3,2%ы областтын үлүшүнө туура келет. Өнөр жай түзүмүндө эң чоң үлүштү кайра иштетүү өнөр жайынын продукциясынын көлөмү ээлейт (55%дан 60,0%га чейин).

Өнөр жай тармагында иш менен камсыз болгондор экономиканын тармактарында иштеген калктын 2,3%ын түзөт.

2022-ж. 14 620,8 млн. сом суммасында өнөр жай продукциясы өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2021-ж. карата 117,1 пайызды түздү (2.2-табл.).

2.2-таблица – **Ош облусунда 2018-2022-ж.ж. өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү** *(млн. сом)* [90].

| **№** | **Көрсөткүчтөр** | **2018-ж.** | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2022-ж. 2018-жж. карата, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Бардыгы | 9 636,8 | 10 367,8 | 9 487,1 | 13 319,9 | 14 620,8 | 151,7 |
| 2. | Пайдалуу кендерди казуу | 2 438,7 | 2 383,7 | 1 106,6 | 319,3 | 2 325,1 | 95,3 |
| 3. | Иштетүү өндүрүшү | 6 054,6 | 6 799,0 | 7 069,7 | 9 582,0 | 10 804,6 | 178,4 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 1 038 ,7 | 1 079, 3 | 1 196,7 | 1 273,6 | 1 339,0 | 128,9 |
| 5. | Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 104,7 | 105,7 | 114,2 | 118,1 | 152,2 | 145,4 |

2.2-таблицадан көрүнүп тургандай, 2022-ж. облус боюнча өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн, жумуштардын жана тейлөөлөрдүн көлөмдөрү 14620,8 млн. сомго аткарылып, 2018-жылга карата 51,7%га же 4984 млн. сомго көп болгон.

2022-жылы жалпы өнөр жайынын түзүмүндө иштетүү өндүрүштөрүнүн продукцияларынын көлөмдөрү – 73,9%, пайдалуу кендерди казуу – 15,9%; электр энергия, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо – 9,1%; суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо жана иштетүү ишканалары – 1,1% ды түздү. Ал эми 2018-жылы иштетүү өндүрүштөрүнүн продукцияларынын көлөмдөрү 62,8 %, пайдалуу кендерди казуу – 25,3 %; электр энергия, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо – 10,8%; суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо жана иштетүү ишканалары – 1,0% ды түздү.

2022-жылы өнөр жай продукцияларынын көлөмдөрүнүн өсүшү, негизинен, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү 37,3 % га, электр энергия камсыздоо өндүрүшү 38,8% га, иштетүү өндүрүшү 21,6 % га жана пайдалуу кендерди казуу 13,0 % га өсүшүнөн болду.

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмүндө 2022-жылы Ноокат районунун үлүшү – 32,2% ды түзүп 2018-жылга карата 41,4% га өскөн, Араван району – 29,7% ды түзүп, 2 эсеге, Кара-Суу району –

19,2% ды түзүп 97,5% га, Өзгөн району – 11,5% ды түзүп, 91,8% га, Алай району – 4,9% ды түзүп, 17,9% га жана Чоң-Алай району – 1,9% ды түзүп, 2,2 эсеге өсүү болгон (2.1-сүрөт).




| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 9636,8 | 10367,8 | 9487,1 | 13319,9 | 14620,8 |
| Алай району | 610,1 | 623,2 | 355,5 | 648,1 | 719,7 |
| Араван району | 2111,1 | 3205,7 | 3834 | 4259,2 | 4337 |
| Кара-Кулжа району | 75,4 | 79,3 | 85,4 | 90,3 | 105,3 |
| Кара-Суу району | 1418,7 | 1664,6 | 1705 | 2149,2 | 2802,2 |
| Ноокат району | 3327,2 | 2823,6 | 2479 | 4164,6 | 4704,6 |
| Өзгөн району | 875,2 | 853 | 915,3 | 1299,8 | 1678,2 |
| Чоң-Алай району | 121,3 | 111,8 | 112,4 | 708,6 | 274 |

2.1-сүрөт – **Ош облусунда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү, млн.сом**

Облустун жаратылыш ресурстары бай, алар негизинен экономикалык жана социалдык өнүгүү үчүн пайдаланылат.

Ош облусунун аймагында пайдалуу кендердин ири кендери бар, отун-энергетика, суу жана башка минералдык-сырьелук ресурстардын чоң запастары бар, алар жаратылыш-климаттык шарттарды эске алуу менен чарбалык ишке олуттуу таасирин тийгизет.

*Пайдалуу кендерди казуунун көлөмү* 2022-ж. 2325,1млн. сомду, 2018-жылы – 2438,7 млн.сомду түзүп, беш жыл ичинде салыштырсак 4,7% га аз өндүрүлгөн, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2021-ж. карата 160,7 % ды түздү. Таш көмүр чыгаруу 33,1 % га, акиташ жана гипс чыгаруу 80,5 % га өстү, чопо жана каолин чыгаруу 54,2 % га төмөндөгөн.

*Иштетүү өндүрүшүнүн продукцияларынын көлөмү* 2022-ж. 10804,6 млн. сомду түздү, анын ичинен, резина жана пластмасса буюмдарын, башка

металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү – 10 443,5 млн. сомду (өнөр жайдын жалпы көлөмүнүн 85,5%), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) – 614,6 млн. сомду (5,0%), текстиль өндүрүшү, кийим жана бут кийим, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү – 714,4 млн. сомду (5,9 %), жыгач жана кагаз буюмдарын чыгаруу, басма ишмердиги 273,4 млн. сомду (2,2 %) түздү. Жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 2022-ж. 2021-ж. салыштырмалуу 105,8 % ды түздү.

Облусттун экономикасынын негизги тармагы айыл чарбасы болуп саналат, ал ИДПнын 58%ын түзөт.

*Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук тармагындагы* продукциянын дүң чыгарылышы 2022-ж. облус боюнча 71683,1 млн. сомду түзүп, 2018-жылга салыштырганда 73,7%га же 30416,2 млн. сомго өсүш болду. Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө 2022-жылы мал чарба продукциясы – 50,2 %ды, өсүмдүк өстүрүүчүлүк – 47,2%ды, кызмат көрсөтүү – 2,5%ды түздү. Продукциялардын жалпы көлөмүндө дыйкан (фермер) чарбалардын жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө – 96,6 % ы туура келди.

Ош облусунда пахта, тамеки, жашылча, бак-дарбыз, мөмө-жемиш өсүмдүктөрү, жүзүм эгилет. Өндүрүлгөн пахтанын, тамекинин, жашылча-жемиш консерваларынын, жүндүн, тери сырьёсунун бир кыйла бөлүгү экспортко багытталган. Айыл чарба продукциясынын экспортко багытталган негизги түрлөрү пахта буласы жана ферменттелген тамеки болуп саналат.

Кайра иштетилген продукциялар: чийки пахта, булалуу пахта, линт-РФга жана алыскы чет өлкөлөргө экспорттолот. Айыл чарба чийки затынын жана экспортко багытталган продукциянын стратегиялык түрлөрүнө пахта жана тамеки кирет.

Табигый-климаттык шартка жараша пахта Кара-Суу жана Араван райондорунда өстүрүлөт; тамеки Ноокатта жана жарым-жартылай Араван, Кара-Суу жана Өзгөн райондорунда өстүрүлөт; бардык өрөөндөрдө жашылча, бак-дарбыз, май өсүмдүктөрү, жемиш өсүмдүктөрү. Ошону менен

бирге Ош областында жер ресурстарын рационалдуу эмес пайдалануунун жана экономиканын өнүгүшүнүн денгээли боюнча аймактардын олуттуу дифференциацияланышынан айыл чарба өндүрүшүнүн төмөнкү натыйжалуулугу байкалууда.

Мындан тышкары, учурда айыл чарбасын өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген төмөнкүдөй көйгөйлөр бар:

- жогорку түшүм алуу үчүн минералдык жер семирткичтердин жана пестициддердин жетишсиздиги;

- моралдык жактан эскирген жана физикалык жактан жешилген айыл чарба техникалары;

- айыл чарба өндүрүшүндө ишти уюштуруунун инновациялык жана илимий ыкмаларын билген квалификациялуу адистердин жоктугу;

- маркетинг кызматтарынын, даярдоо системасынын жана айыл чарба продукциясын сатуунун ишин уюштуруунун төмөнкү деңгээли;

- продукциянын талаптагыдай көрсөтүлбөшү, товарлардын таңгагынын жана товардык белгилердин эл аралык стандарттарга ылайык келбегендиги;

- мыйзамдык базанын начардыгы: жерди баалоонун так механизмдерин аныктаган ченемдик укуктук актылардын жоктугу; аны насыяларды жана бюджеттик каражаттарды алуу үчүн күрөө катары берүү эрежелерин жөнгө салуу;

- илимий негизделген которуштуруп айдоону колдонуу, жерди, сууну, техниканы жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдалануу максатында кооперативдерге биригүүнү каалаган жер участокторун жылдыруу механизмдеринин жана ченемдик укуктук базаларынын жоктугу;

- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өзгөчө кырдаалдарга даярдыгынын төмөнкү деңгээли;

- тамеки жана пахтаны терең иштетүүнү, о.э. этти, сүттү жана жүндү кайра иштетүү боюнча заманбап өнөр жай өндүрүшүн камсыз кылуу үчүн өндүрүштүк кубаттуулуктун жоктугу.

2022-ж *курулуш тармагынын* дүң продукциясынын жалпы көлөмү 5297,1 млн. сомду же 2018-ж. деңгээлине карата 142,3% га же 1575,6 млн.сомго өсүш болду. Негизги капиталга инвестициялардын негизги бөлүгү 2022-жылдын турак жай курулушуна багытталган, анын үлүшү жалпы көлөмдүн 50,9 % ын түздү.

*Транспорт жана телекоммуникациялык ишмердик.* 2022-жылы *автоунаа транспорту менен* ташылган жүктүн көлөмү 2021-жылга салыштырганда 76,7 миң тоннага же 2,9% га көбөйдү, ал эми мурунку айга салыштырганда 213,1 миң тоннага же 8,4 % га көбөйгөн. Муну менен бирге, жүктөрдү ташуудагы негизги көлөм (99,4 % дан ашыгы) жеке ишкерлерге туура келди. Автоунаа транспорту менен жүк ташуунун көлөмүнүн өсүшү облустун бардык аймактарында белгиленди.

*Телекоммуникациялык жана почта ишмердүүлүгү.* 2022-жылы байланыш кызматын көрсөтүүдөн алынган киреше 2 630 945,4 миң сомду түзүп, 2018-жылга карата 20,3 %га көбөйүп, анын ичинен почта кызматынан түшкөн киреше 78 462,4 миң сомду түзүп, 35,9 % га көбөйгөн, ал эми электр байланыш тейлөөсүнөн түшкөн киреше 2 552 483,0 миң сомду түзүп, 19,9 % га көбөйгөн.

*Кызмат көрсөтүү рыногу***.** Облусттун экономикалык субъекттери тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2022-ж. 82 184 млн. сомду түздү жана 2018-ж. салыштырганда 14,2 % га өстү. Рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү облустун бардык райондорунда өсүшү байкалды.

*Керектөө рыногу.* Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмү 2022-жылы облус боюнча 75 460,9 млн.сом түзүп, 2018-жылга салыштырганда 56,2 % га өстү. Соода жүгүртүнүн көлөмү 2022-жылы 2018-жылга салыштырганда 119,6 % ды түздү.

Ош облусунун негизги кайра иштетүү ишканалары Кара-Суу, Араван жана Өзгөн райондорунун аймагында жайгашкан. Облусттун аймагында

ферментациялык тамеки өндүрүү боюнча 1 ишкана, 10 пахта тазалоочу завод, о.э. жашылча-жемиштерди кайра иштетүү боюнча 6 ишкана, кирпич, цемент, жайкы бут кийим, кийим-кече, көмүр казып чыгаруучу жана башка пайдалуу кендерди чыгаруучу ишканалар бар. Өндүрүлгөн продукция ички рынокко берилет. Өнөр жай продукциялары тышкы рынокко чийки зат же жарым фабрикат түрүндө негизинен Россияга, Өзбекстанга жана Кытайга экспорттолот.

Продукциянын атаандаштыка жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу, аларды кайра иштетилген продукциянын сапаты төмөн болгондуктан, сатуу жана экспорттоо көйгөйлөрүн чечүүнү кыйындатат. Эл керектөөчү товарларды чыгарууда өндүрүштүк кубаттуулуктарды пайдалануунун төмөнкү деңгээли, өнөр жай тармагындагы бир катар ишканалардын токтоп калуусу жана жабылуусу жумуш орундарынын кыскаруусуна, жумушсуздардын санынын көбөйүүсүнө, ички жана тышкы миграцияга, аймакта эмгекке жарамдуу калктын эң квалификациялуу бөлүгүн түзгөн катмарынын өндүрүштөн агып чыгууга алып келди.

Ошондой эле өнөр жай тармагында облустун өнөр жайын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизген бир катар көйгөйлөр бар. Өнөр жай тармагынын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген негизги факторлорго төмөнкүлөр кирет:

Өндүрүштү өнүктүрүүгө ички тоскоолдуктар:

1. Азыркы учурда Ош облусунун өнөр жай потенциалы жетиштүү рационалдуу пайдаланылбай жатат, жергиликтүү сырьёну кайра иштетүүнүн денгээли жана терендиги жогорулабай, натыйжада, аймактын ички рыногунун толушу импорттук товарлардын эсебинен болуп жатат;

2. Продукциянын көлөмүн көбөйтүүгө жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга терс таасирин тийгизген себептердин бири болуп токтоп турган ишканалар жана толук кубаттуулуктан аз иштеп жаткан ишканалар саналат. Токтоп калуулардын негизги себеби көбүнчө чийки затты сатып алуу үчүн айланма каражаттарынын жок болуусу же жетишсиздиги эсептелинет;

3. Ишкерлердин көпчүлүгү потенциалдуу инвесторлорду тартууда өздөрүнүн бизнес-пландарын компетенттүү иштеп чыгууда белгилүү кыйынчылыктарга туш болушат, алар КРнын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларын билишпейт жана технологиялык жана өндүрүштүк процесстерди уюштурууда тажрыйбасы жок;

4. Тармактардын иштөөсүнүн натыйжалуулугуна жана ишканалардын токтоп калууларына төмөнкү факторлор терс таасирин тийгизет:

- өнөр жай ишканаларынын көпчүлүгүндө өндүрүштүк жана технологиялык жабдуулар жана технологиялар физикалык жана моралдык жактан эскирген;

- олуттуу эскиргендиктен, иштеп жаткан жабдуулар жана техникалар жетишерлик денгээлде кайра өндүрүү темптерин камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт, көп учурларда алар энергияны абдан көп талап кылат жана натыйжасыз болуп саналат;

- техникалык жактан кайра жабдуу, эскирген жабдууларды заманбап, жогорку өндүрүмдүүлүктөгү линияларга алмаштыруу үчүн ресурстардын жетишсиздиги;

- көптөгөн өнөр жай ишканалары зарыл заманбап байланыш каражаттары, эсептөө техникасы, транспорт каражаттары менен жабдылган эмес;

- көптөгөн өнөр жай ишканаларында маркетинг жана менеджмент кызматы начар өнүккөн;

- колдо болгон эмгек ресурстарынын компетентсиздиги;

- облусттагы ишканалардын кооперациясынын жана бирикмесинин начардыгы, чарбалардын бытырандылыгы, негизги материалдык-техникалык базанын начарлашы, жаны кубаттуулуктарды модернизациялоонун жана ишке киргизүүнүн жоктугу;

- экспортко багытталган продукцияны өндүрүүнүн көлөмүнүн жетишсиздиги, чыгарылуучу продукциянын сапаты эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык келбегендиги.

Ош облусун 2021-2026-жылдарга өнүктүрүү стратегиясын эске алуу менен, айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча аткарыла турган бир топ иштер турганын белгилей кетүү керек, анткени бул тармак Ош облусу үчүн максаттуу тармак болуп саналат.

Белгилеп кетсек, төмөндөгү иш чараларды аткаруу зарыл:

1) Айыл чарба аймактарында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн төмөндөгүлөр аркылуу жогорулатуу:

- үрөн чарбаларын уюштуруу;

- «Айыл Банк» ААКу, «РСК-Банк» ААКу ж.б. банктар аркылуу «Фермерлерге жеткиликтүү насыялар» программасынын алкагында жеңилдетилген насыяларды алууга тартуу;

- агрохимиялык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүү;

- күнөсканаларды курууга көмөк көрсөтүү;

- которуштуруп айдоолорду кийрүүгө көмөктөшүү;

- органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө салым кошуу;

- үрөн чарбаларынын аянтынын көлөмүн көбөйтүү.

2. Кесиптик-техникалык билим берүү системасына мамлекеттик буйрутмаларды калыптандыруу аркылуу айыл чарбасы үчүн керектүү адистиктерди даярдоону колдоо жолу менен айыл чарбасында өндүрүмдүүлүктү максималдуу деңгээлге көтөрүү;

3. Мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатууга төмөндөгүдөй каражаттар менен жардам көрсөтүү;

- асыл тукум жана үрөн чарбаларын өнүктүрүүнү колдоо;

- жайыттарды уюштуруучулук башкарууну өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү;

- аймакта канаттуулар фермаларын жана балчылык чарбаларын түзүүгө колдоо көрсөтүү;

- жаныбарлардын жана канаттуулардын асыл тукум породаларын сатып алууга басым жасоону эске алуу менен “Фермерлерге жеткиликтүү насыя” программасынын алкагында жеңилдетилген насыяларды алууга көмөктөшүү.

4. Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүдө орун алган тоскоолдуктарды биргелешип аныктоо жана көйгөйлөрдү чечүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу үчүн бизнес-ассоциациялар жана жарандык сектор менен бир нече жолу инвестициялык форумдарды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды системалуу түрдө өткөрүү.

Өнөр жайды өнүктүрүү чөйрөсүндө алдыга коюлган максатка оптимисттик түрдө жетишүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүүнү камсыз кылуу зарыл:

1. Иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга төмөнкүлөр аркылуу көмөк көрсөтүү:

- өндүрүштүк кубаттуулуктарды жайгаштыруунун эң натыйжалуу картасын жана каталогун түзүү;

- облусттун аймагындагы өндүрүштүк кубаттуулуктарды этап-этабы менен жайгаштыруу боюнча иш-чаралардын планын түзүү;

- иштеп жаткан ишканалардын негизги өндүрүштүк фондуларын модернизациялоого жана жаңылоого карыздык каражаттарды тартууга колдоо көрсөтүү.

2. Тоо-кен тармагынын ишканаларынын өсүшүнө төмөндөгүлөр аркылуу салым кошуу:

- тике чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга колдоо көрсөтүү;

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин жардамын пайдалануу;

- кесиптик-техникалык билим берүү системасына мамлекеттик буйрутмаларды калыптандыруу аркылуу тоо-кен тармагынын жогорку квалификациялуу жумушчуларын даярдоого колдоо көрсөтүү;

- курулуш материалдарын өндүрүү үчүн чийки заттарды казып алуу боюнча ишканаларды ачуу үчүн зарыл болгон документтерди алууну тездетүү жана жөнөкөйлөштүрүү боюнча колдоо көрсөтүү.

3. Экспортту өнүктүрүү стратегиясында эске алынган чаралар аркылуу экспорттук жөнөтүүлөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

4. Төмөнкүлөр аркылуу текстиль жана тигүү өнөр жайын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү:

- кесиптик-техникалык билим берүү системасына мамлекеттик буйрутмаларды түзүү аркылуу тигүү өндүрүшүндө жогорку квалификациялуу жумушчу күчүн даярдоого колдоо көрсөтүү;

- уруксаттарды тездетилген жана жөнөкөйлөштүрүлгөн алуу аркылуу тигүү цехтерин ачууга колдоо көрсөтүү;

5. Мамлекеттик сатып алуулардын инструменттери аркылуу керектөөдө да, өндүрүштө да энергияны үнөмдөөчү технологияларды илгерилетүүгө көмөк көрсөтүү.

6. Өндүрүштү өнүктүрүүдө орун алган тоскоолдуктарды биргелешип аныктоо жана көйгөйлөрдү чечүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу үчүн бизнес-ассоциациялар жана жарандык сектор менен инвестициялык форумдарды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды системалуу түрдө өткөрүү.

Ош облусунун реалдуу секторун анализдөө менен бул секторду мындан ары өнүктүрүү үчүн мамлекеттик программа аркылуу инвестицияларды тартууну жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну талап кыларын белгилеп кетишибиз керек.

## 2.2. Ош облусунун айыл чарбасынын өнүгүү динамикасын талдоо жана баалоо

Ош облусунун айыл чарбасы аймактын экономикасынын алдыңкы тармагы болуп саналат. Облустта жашылча-жемиш, картошка өстүрүү, о.э. айыл чарба жаныбарларын өстүрүү, эт жана сүт азыктарын өндүрүү үчүн ыңгайлуу табигый-климаттык шарттар бар.

Бул тармакта айыл чарба уюмдары, дыйкан (фермер) чарбалары, үй чарбалары жана жеке ишкерлер ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт. Жалпысынан, тизмедеги товар өндүрүүчүлөр айыл чарбасында көп түзүмдүү өндүрүш

түрүн түзөт. Аймактын айыл-чарбасы тармагында 66 минден ашуун адам эмгектенет.

Аймактын дүң продукциясын өндүрүүгө айыл чарбасы чоң салымын кошууда, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы үчүн чийки зат менен камсыздап, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин салык кирешелеринин булагы болуп саналат.

2023-жылдын 1-январына карата облустта 18 мамлекеттик чарба, 95 коллективдик чарбалар, 133856 дыйкан (фермердик) чарбалар ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатышат. Айыл чарбасын реформалоонун баштапкы этаптарына салыштырмалуу каржылык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча тенденциялар байкалууда. Айыл чарбасынын өнүгүшүндөгү оң тенденциялар чарба жүргүзүүнүн формасындагы түзүмдүк өзгөрүүлөр менен байланышкан (2.2-сүрөт).




| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Дыйкан (фермердик) чарбалар | 120788 | 125170 | 127897 | 128771 | 133856 |
| Коллективдик чарбалар (ККХ, СПК) | 30 | 31 | 47 | 63 | 95 |
| Мамлекеттик чарбалар | 10 | 10 | 11 | 15 | 18 |
| Жалпы | 120828 | 125211 | 127955 | 128849 | 133969 |

2.2-сүрөт – **2018-2022-ж.ж. Ош облусунун айыл чарба субъектилеринин санынын динамикасы**

2.2-сүрөттө көрүнүп тургандай, 2022-жылы аймактагы айыл-чарба субъекттеринин үлүшүнөн дыйкан (фермердик) чарбалар 99,9% ээлеген. Чарбалык субъектилердин саны 2018-2022-жылдары 10,9%га өстү, анын

ичинде мамлекеттик чарбалар 80,0%ке, коллективдик чарбалардын саны 3 эсеге, ал эми дыйкан (фермердик) чарбалардын саны 10,8 %ке көбөйгөн.

Аймакта айыл чарба субъекттерин реформалоо ар түрдүүчө жүргүзүлгөн, мисалы Араван, Кара-Суу, Ноокат райондорунда ага өзгөчө маани берилген жана айыл экономикасынын көп тармактуу параметрин айгинелеп турат, ал эми калган райондордо, өзгөчө Чоң-Алай, Алай, Кара-Кулжада, чарба жүргүзүүнүн натыйжалуу түзүмүн калыптандыруунун формалдуу жолун байкасак болот. Бул райондордо калктын жеке чарба секторунун ээлик кылуусу, аймактардын алыстыгы, бийик тоолуулугу жана айыл чарбасынын мал чарбачылыгына адистешүүсү менен шартталган. Чарба жүргүзүүнүн бул секторун жакынкы убакыттарда чарба жүргүзүүнүн натыйжалуу түзүмүнө уюштурбасак, айыл чарбасынын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Бул структуралык өзгөрүүлөр Союз ыдырагандан кийин КРнын агрардык секторун туура эмес багытта реформалоодон улам келип чыкты, анын кесепетинде чарба жүргүзүүдөгү мамлекеттин менчик формасындагы жана коллективдик чарбалардын үлүшүнүн азайуусуна алып келди.

Союз учурунда ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишкен колхоз, совхоздор менчиктештирүү учурунда өзүнүн уюшулган формадагы ири чарба статусунан ажырап, майда дыйкан (фермердик) чарбаларга бөлүнүү менен көптөгөн айыл чарба багытында иштеген адистер: агроном, зоотехник, ветеринар ж.б. жумушсуз калышты, короо-сарайлар, айыл чарба ишканаларынын имараттары бузулуп, мал жандыктар сатылып саны азайды.

Айыл чарбасын уюштуруу формасынын натыйжалуулугун теренирээк анализдесек, менчик түрлөрүнүн ар түрдүү формаларын орнотуу гана эмес, негизинен түзүлгөн чарбалардын экономикалык натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.

Изилдөө көрсөткөндөй, Ош облусунун айыл чарба субъекттери эң төмөнкү натыйжалуулукка ээ жана анын эң негизги себеби катары чарбалардын өлчөмдөрүнүн оптималдуу эместиги, б.а. тийиштүү жер

ресурстарынын, техниканын, айыл чарбаны тейлөө жумуштарынын аз өлчөмүнө байланыштуу өндүрүш факторлорунун натыйжасыз пайдалануусу менен жумшалган каражаттардын актабай калгандыгына байланыштуу. Мисалы, Ош облусунда 1 Д(Ф)Чга 16 га жер туура келет, ал эми минималдуу натыйжа алып келүү үчүн 45 га дан ашык болуусу зарыл, б.а. айдоо аянттары үч эсе аздык кылат. Мындан улам заманбап айыл-чарба техникаларын жана механизациялашкан айыл-чарба тейлөө жумуштарын аткаруу үчүн мүмкүндүк болбой калып, чарба жүргүзүүнүн ыкмалары индустриалашкан түрдөн натуралдык түргө, б.а. примитивдик түргө айланган учурлар кездешет.

Облустта айыл чарба багытындагы жерлердин аянты жылдан жылга азайып баратат (2.3-табл.)

2.3-таблица – **2018-2022-жылдарга карата Ош облусунда айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты (бардык категориядагы чарбаларда)** [90,93]

*миң гектар*

| № | | 2018ж. | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2022-ж. 2018-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Бардык айдоо аянты** | **178,0** | **178,4** | **179,8** | **180,1** | **180,7** | **101,5** |
| 2. | Дан өсүмдүктөрү | 85,7 | 83,9 | 87,6 | 88,5 | 88,7 | 103,5 |
| 3. | Анын чинде: | | | | | | |
| | Буудай | 42,7 | 37,7 | 40,1 | 40,5 | 40,7 | 95,3 |
| | Арпа | 17,7 | 20,1 | 20,7 | 21,0 | 21,9 | 123,7 |
| | дандык жүгөрү | 25,3 | 26,0 | 26,7 | 27,1 | 26,1 | 103,2 |
| 4. | Күрүч | 3,5 | 3,4 | 3,5 | 3,7 | 3,6 | 102,8 |
| 5. | Дан буурчак | 0,1 | 0,07 | 0,07 | 0,05 | - | - |
| 6. | Май өсүмдүктөрү | 4,6 | 3,8 | 2,9 | 2,2 | 2,0 | 43,5 |
| 7. | Пахта | 10,5 | 11,2 | 9,6 | 8,2 | 9,4 | 89,5 |
| 8. | Тамеки | 0,5 | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 0,3 | 60,0 |
| 9. | Картошка | 13,2 | 13,1 | 13,1 | 13,1 | 13,0 | 98,5 |
| 10. | Жашылчалар | 9,2 | 9,6 | 9,3 | 9,4 | 9,7 | 105,4 |
| 11. | Бакча өсүмдүктөрү | 3,2 | 3,0 | 2,9 | 2,7 | 2,6 | 81,2 |
| 12. | Тоюттук өсүмдүктөр | 47,6 | 50,3 | 50,7 | 51,9 | 51,4 | 107,9 |
| | анын ичинен: | | | | | | |
| 13. | көп жылдык чөптөр | 40,3 | 37,9 | 42,3 | 42,0 | 44,1 | 109,4 |

2.3-таблицада көрсөтүлгөндөй, Ош облусунда рыноктук конъюнктурага ылайыкташуу менен шартталган айрым айыл чарба өсүмдүктөрүнүн: дан өсүмдүктөрүнүн жана май өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарынын төмөндөө тенденциясы байкалууда. Жалпы республика боюнча айдоо аянттынын үлүшү боюнча Ош облусу 2022-ж.карата 13,9 % ти ээлейт. Жалпы облус боюнча айдоо аянттары анализделген мөөнөттө 2,3 га өскөн.

Аймактын жер ресурстарын пайдалануу учурунда айыл чарба субъекттеринин сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрү да чоң мааниге ээ. Постсоветтик мезгил учурунда биз ири чарбалардын майда чарбаларга бөлүүнүсүн гана эмес, о.э. дыйкан(фермердик) чарбалардын башаламансыз эч кандай экономикалык-уюштуруучулук механизмге ээ эмес масштабдуу жана башка параметрдик негиздемелерсиз түзүлгөндүктөрүнө күбө болдук.

Облустун аймактык дүң продуктусунун түзүмүндө агрардык сектордун үлүшү 42% түзөт (республика боюнча бул көрсөткүч орточо 20,0% тен ашпайт). Облусттун бул тармагынын түзүмүндө негизги болуп дыйканчылык саналат жана анын үлүшү 2022-жылы облусттун агрардык продукциясынын дүн чыгаруусунун көлөмүндө 51,0 % ти түздү (35891,6млн. сом.), ал эми мал чарбачылыгында 49,0 % (34495,1млн. сом.) продукция өндүрүлдү [93].

Ош облусунда агрардык сектордун дүң продукциясынын наркы (учурдагы баа менен), анализ учурунда облуста 73,2 % га өскөн, а.и. өсүмдүк өстүрүүчүлүк – 98,3 % га, мал чарбачылык – 53,0 % га өскөн (2.4-табл. жана 2.3-сүрөт).

2.4-таблица – **2018-2022-ж.ж. карата Ош облусунун айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрү** [93]

| **Көрсөткүчтөр** | **Өлчөө бирдиги** | **2018-ж.** | **2022-ж.** | **2022ж. 2018ж. карата % менен** |
|---|---|---|---|---|
| Айыл-чарбасынын дүн продукциясынын наркы (учурдагы баа менен), анын ичинде | млн. сом. | 40640,7 | 70386,7 | 173,2 |
| Өсүмдүк өстүрүүчүлүк | млн. сом. | 18100,5 | 35891,6 | 198,3 |
| Мал чарбачылыгы | млн. сом. | 22540,2 | 34495,1 | 153,0 |




2.3-сүрөт – **2018-2022-ж.ж. карата Ош облусунун айыл-чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрү**

2.4.-таблица жана 2.3-сүрөттөгү облустагы айыл-чарба көрсөткүчтөрүнүн өсүүсү жалпы алганда интенсивдүү ыкмаларды колдонуудан эмес, айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзүмүнүн жана алардын бааларынын өзгөрүүсү менен байланышканын байкасак болот. Облустта акыркы беш жылдык анализдин негизинде техникалык өсүмдүктөрдү (пахта, тамеки) өндүрүү кыскарганын жана агрардык продукциялардын, өзгөчө эттин баасынын жогорулаган тенденциясы байкалды.

Ош облусундагы райондордун айыл чарба өндүрүшүнүн потенциалын анализдесек, анда Кара-Суу району ири айыл-чарба району катары эсептелип, жалпы облусттагы өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын 35%ын өндүрөт. Андан кийинки позицияларды Өзгөн, Ноокат жана Араван райондору ээлейт.

Рынок экономикасынын шартында, так маалыматтарды көрсөтүүдө ички дүң продукт улуттук эсептөө системасынын жолу катары болуп, анда экономикалык ишмердүүлүктүн жеткен чеги айыл чарбасынын өндүрүш тармагынын материалдык эмес жагы жана материалдык жагы да мүнөздөлөт.

Агрардык сектордун айыл чарбасында, жер ресуртарын пайдалануунун натыйжалуулугунун өнүгүүсү тең жарышка түштү десек болот, б.а. продукцияларды кайра иштетүү, о.э. продукцияны сапаттуулукка чыгаруу этабы башталат.

Агрардык секторду реформалоо өтө татаал маселе болуп калды десек болот, мисалы, айыл чарбасында дыйкан (фермер) чарбалардын бири ынаса, экинчиси макул эмес. Биз бул көрүнүштөргө толук чекит коё албасак да, кээ бир иштеп жаткан (фермер) дыйкандардар кооперативдик чарба түзүүнү каалашат, жер ресурстарын колдонууда агрардык сектордук иш аракеттери чарбалык кооператив түзүүнү максат кылышат. Биз азыркы учурда Кыргызстандын аймактарында иштеп жаткан кооперативдерди изилдөөнүн жыйынтыгында облустардын ар кайсы аймагынан байкоого болот. Мисалы, биз Ош облусунун жер ресурстарын пайдалануусуна көңүл бурсак же болбосо, алардын статистика аркылуу иштөө жөндөмдүүлүгүнө көңүл койсок, чарбалык субъекттерди райондук масштабдагы административдик аймактык бөлүнүш жана аймактар боюнча бөлүштүрүү маанилүү ролду ойнойт. Бул айтылгандарды Ош облусунун райондорунун мисалында карап көрөлү (2.4-табл).

Ош облусунда 1667,3 миң гектар айыл чарба жерлери бар, анын 184,2 миң гектары айдоо жерлери болуп саналат. Жалпы айыл-чарба жерлеринин аянтынан жайыттар 83,4% ды түзүп, ал эми айдоо аянттары 11,0 % ке ээ (2.5-табл.).

2.5-таблица – **2018-2022-жылдарга карата Ош облусунда айыл чарба жерлеринин аянты, миң га** [93]

| № | | **2018-ж.** | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2022ж. 2018ж. карата, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Айыл чарба багытындагы жерлер – бардыгы | 1668 ,9 | 1 668,8 | 1 668, 7 | 1668,4 | 1667,3 | 99,9 |
| 2. | Айдоо аянты | 184,8 | 184,8 | 184,8 | 184,6 | 184,2 | 99,7 |
| 3. | Көп жылдык көчөттөр | 14,5 | 14,5 | 14,5 | 14,6 | 14,5 | 100,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Аңыздар | 2,4 | 2,4 | 2,5 | 2,5 | 2,5 | 104,2 |
| 5. | Чөп чабынды жерлер | 75,4 | 75,5 | 75,5 | 75,5 | 75,6 | 100,3 |
| 6. | Жайыттар | 1391,6 | 1391,5 | 1391,5 | 1391,2 | 1390,6 | 99,9 |

Айыл чарба субъекттеринин чакан жерлери товардык продукцияны өндүрүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн жана базар экономикасынын шартында чарбалардын натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Дыйкан чарбалардын 75% дан ашыгы 10 гектарга чейин, 21%дан ашыгы 50 га чейин айыл чарба жерлерине ээ болуп, өндүрүштү натыйжалуу жүргүзүүдө жакшы көрсөткүчтөргө ээ боло албай келишүүдө.

Ош облусунда айыл чарба жерлерин пайдалануунун олуттуу бөлүгү айыл чарба өсүмдүктөрүнөн туруп, алар табигый-климаттык шарттарга, айдоо салттарына, о.э. базар экономикасынын шартына жараша ишканалар же башка чарбалык субъекттер, о.э. аймактар тарабынан белгиленет.

Ишкананын ар кандай уюштуруу формаларындагы иштешинин натыйжалуулугун анализдөө, алардын бардыгы төмөн көрсөткүчтөргө ээ экендигин көрсөттү. Жеке көмөкчү чарбалар айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана малдын продуктуулугу боюнча эң жакшы натыйжаларга ээ, аларда кылкандуу дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү дыйкан (фермердик) чарбаларга салыштырмалуу 4,3 ц/га жогору болуп, анын орточо деңгээли аймакта 6,4 ц/га түздү (2.6-табл.).

2.6-таблица – **Ош облусунда 2015-2019ж.ж. карата чарбалардын бардык категориялары боюнча негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, ца/га** [90,93]

| **Айыл чарба өсүмдүктөрү** | **2018ж.** | **2019ж.** | **2020ж.** | **2021ж.** | **2022ж.** | **2022ж., 2018-ж. карата** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан азыктары | 33,5 | 34,6 | 34,4 | 33,9 | 35,6 | 106,3 |
| Пахта | 30,5 | 31,2 | 32,3 | 35,1 | 35,5 | 116,4 |
| Тамеки | 25,8 | 24,6 | 25,9 | 26,1 | 27,0 | 104,6 |
| Май өсүмдүктөрү | 11,5 | 12,5 | 13,1 | 13,3 | 13,4 | 116,5 |
| Картошка | 154,3 | 157,4 | 156,3 | 158 | 159,3 | 103,2 |
| Жашылчалар | 171,6 | 174,6 | 174,2 | 178,8 | 179,9 | 104,8 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 174,4 | 181,3 | 184,2 | 186,6 | 188,8 | 108,2 |
| Мөмө-жемиштер | 59,3 | 60,6 | 60,9 | 61,7 | 62,8 | 105,9 |
| Жүзүм | 48,9 | 49,9 | 50,3 | 51,4 | 51,9 | 106,1 |

2.6-таблицада көрүнүп тургандай, чарбалардын бардык катеориялары боюнча негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүндө өсүү тенденциясы бар. Акыркы жылдары агрардык өндүрүүчүлөр кылкандуу дан эгиндеринин, картошканын, жашылчалардын, мөмө-жемиштердин жана жүзүмдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатканга аракет кылышууда.

Бирок башка коңшу өлкөлөр менен салыштырсак айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү төмөн, мисалы, жер-жемиштердин түшүмдүүлүгү боюнча коншу Өзбекстан менен Тажикстанга караганда 1,1-1,3 эсеге төмөн, ал эми дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү боюнча Казакстанга салыштырганда бир кыйла төмөн.

Облустагы өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн дүң түшүмү агрардык субъекттердин экономикалык ишмердуулугунун жыйынтыгы катары эсептелет. Түшүм канчалык көп жыйналса, айыл чарба ишмердүүлүгүнөн сатуу жана киреше алуу мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот. Төмөндө Ош облусунун айыл чарбасынын негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы келтирилген (2.7-таблица).

2.7-таблица – **Ош облусунунда негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы, миң тонна** [90,93]

| **Айыл чарба өсүмдүктөрү** | **2018ж.** | **2019ж.** | **2020ж.** | **2021ж.** | **2022ж.** | **2022-ж., 2018-ж. карата, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан азыктары | 294,1 | 297,3 | 308,8 | 306,9 | 327,8 | 111,4 |
| Пахта | 32,0 | 34,9 | 31,0 | 28,6 | 33,4 | 104,4 |
| Тамеки | 1,3 | 0,9 | 0,6 | 0,8 | 0,9 | 69,2 |
| Май өсүмдүктөрү | 5,3 | 4,8 | 3,7 | 3,0 | 2,6 | 49,0 |
| Картошка | 204,4 | 206,2 | 204,9 | 207,4 | 206,6 | 101,0 |
| Жашылчалар | 167,9 | 175,9 | 173,5 | 179,1 | 186,4 | 111,0 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 55,8 | 54,7 | 54,4 | 51,2 | 49,2 | 88,2 |
| Мөмө-жемиштер | 52,9 | 54,3 | 55,1 | 56,4 | 57,5 | 108,7 |
| Жүзүм | 2,9 | 3,0 | 3,0 | 3,1 | 3,1 | 106,9 |

2.7-таблицадан көрүнүп тургандай, тамеки, бакча өсүмдүктөрү жана май өсүмдүктөрүнөн башка айыл чарба өсүмдүктөрүндө өсүү темпи болгон.

Пахтаны дүн жыйноонун көлөмү бир кыйла өскөн, анализделген мөөнөттө 4,4%га өсүүнү камсыз кылуу менен, бул анын экспорттук жөнөтүүсү менен байланышып, ага болгон суроо талап жогору болуп жаткандыгы байкалып жатат.

Белгилеп кетүүчү нерсе, республиканын ички дүң продукциядагы тармактын үлүшүнүн мындай кыскарышы айыл чарба өндүрүшүнүн жетиштүү жогорку темптеги өсүү чөйрөсүндө болуп жатат. Белгиленген убакытта, агрардык сектордо айыл чарба продукциясын дүң өндүрүү бүгүнкү баалардын жогорулашы менен а.и. чарба талаачылык өсүмдүк жана мал чарба продукциялары бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду

Аймактагы мал чарбачылыгында жүргүзүлүп жаткан инвестициялык жараяндар ички жана тышкы рыноктордо мал чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, жаныбарлардын продуктуулугун көбөйтүү, адамдардын ден-соолугуна пайдалуу экологиялык таза азыктарды өндүрүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатын көздөйт. Ош облусундагы мал чарбачылыгынын негизги артыкчылыгы – талаачылыкта жана анын табигый жайыттарында тоют өндүрүү үчүн жетиштүү потенциалга ээ болуусу.

Рынок экономикасы мал чарабасынын продукцияларын өндүрүүгө жаны талаптарды коет жана иш-чараларды аткарууда мамлекет тарабынан колдоо жана жөнгө салуу зарыл.

Биз тараптан жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй Ош облусунун мал чарбасынын продукцияларын өндүрүүнүн көрсөткүчтөрү жана анын натыйжалуулугу социалдык экономикалык маселелердин жалпы комплексин чечүүнү камсыз кыла албайт. Ошондуктан иш-чараларды комплекстештирүү үчүн бир топ иш жүргүзүүнүн керектигин белгилөө керек.

Мал чарбачылыгында инфраструктура жетишерлик деңгээлде өнүкпөгөн. Жайлоодо болгон учурда унаа менен жетүү кыйынчылыкты туудуруп, мал чарба продукцияларын иштетүүдө объективдүү кыйынчылыктар бар. О.э. мал чарбачылыгынын продукциясын кайра

иштетүүчү ишканалар өтө эле аз, республиканын дээрлик бардык аймактарында талапка жана стандарттарга жооп берген, заманбап жабдууларга ээ, механизацияланган жайлар, цехтер жана касапканалар керек.

Мал чарбачылыгындагы инвестициялык процесстер атаандаштык жөндөмдүүлүктү жана натыйжалуулукту жогорулатууга, о.э. бул тармактын мүмкүнчүлүктөрүн, экспорттук потенциалын толук кандуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк бериши керек. Бирок, постсоветтик мезгилде жүндү, терини алгачкы иштетүү, о.э. ичегилерди, баштын бөлүктөрүн жана башка кошумча продуктуларды кайра иштетүү сыяктуу иш-чаралар бардык жерде жоголуп кетти, ошол эле учурда өнүккөн өлкөлөрдө, мисалы, Голландия жана АКШда мал чарбасында калдыксыз технология көптөн бери колдонулуп келе жатат.

Мал чарбачылыгында инвестицияларды тартууда малды багуунун бардык чөйрөлөрүн, айрыкча тоют өндүрүүдө, эмгекти механизациялоодо, асыл тукумдуу малдарды өркүндөтүүдө ж.б. колдонсо болот. Мисалы, көптөгөн айыл чарбасы өнүккөн өлкөлөрдо мал чарбасында заманбап техникалык каражаттар колдонулуп, электрондук таразага тартуучу жабдуулар менен кмсыздалып, тоют өндүрүүнү жана бөлүштүрүүнү жогорку деңгээлде автоматташтырышкан.

Жогоруда айтылып кеткендердин бардыгы мал чарбачылыгынын эмгек өндүрүмдүүлүгүнө таасирин тийгизип, ал эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын гана эмес, белгилүү бир убакыт аралыгындагы инвестициянын деңгээлин да чагылдырат.

Төмөндө Ош облусундагы мал жана үй канаттуулардын өндүрүмдүүлүгү келтирилген (2.8-табл).

2.8-таблица – **2018-2022-жылдарга Ош облусунда мал жана үй канаттууларынын өндүрүмдүүлүгү** [90,93]

| № | Аталышы | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2022-ж., 2018-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Бир уйдан саалган орточо жылдык сүт, кг | 1714 | 1699,8 | 1711,5 | 1717,8 | 1725,3 | 100,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Тооктун орточо жылдык жумурткалуулугу, даана | 90 | 91 | 94 | 95 | 95 | 105,5 |
| 3. | Бир койдон кыркылган орточо жылдык жүн (физикалык салмакта), кг | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,1 | 95,4 |

2.8-таблицадан малдын жана үй канаттууларынын өндүрүмдүүлүгү сүттүүлүк жана жүн кыркуу көрсөткүчтөрү боюнча начар экени көрунуп турат. Буга себеп катары алардын асыл тукумдуулугу эсептелинет, ошондуктан ичке жүндүү койлорду өстүрүү, эт жана сүт багытында өркүндөтүлгөн тукумдагы жаш малдарды багуу учурдун талаптарынан болуп саналат.

Биздин анализ көрсөткөндөй, республикада дагы, а.и. Ош облусунда мал чарба продукцияларын өндүрүү өсүү темпинде, бирок бул интенсивдүү жол менен эмес, мал жана үй канаттууларынын санынын көбөйүшүнө байланыштуу болду (2.9 жана 2.10-табл.).

2.9-таблица – **Ош облусунунда мал жана үй канаттууларынын саны, миң баш** [93]

| | 2018ж. | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2022-ж., 2018-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ири мүйүздүү малдар | 366327 | 374659 | 383180 | 389304 | 397288 | 108,4 |
| анын ичинде уйлар | 186833 | 189232 | 193309 | 195537 | 199253 | 106,6 |
| Койлор жана эчкилер | 1142087 | 1154534 | 1148317 | 1153070 | 1121452 | 98,2 |
| Жылкылар | 96439 | 98909 | 100630 | 101466 | 98572 | 102,2 |
| Үй канаттуулары | 950268 | 966364 | 985595 | 1000181 | 1038038 | 109,2 |

2.10-таблица – **Ош облусунунда чарбалардын бардык түрлөрү боюнча мал чарба продукцияларын өндүрүү** [90,93]

| | 2018ж. | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2022ж., 2018ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Чийки сүт, мин тонна | 316,1 | 321,7 | 328,1 | 335,0 | 340,3 | 107,6 |
| Эт (союлган салмакта), мин тонна | 43,1 | 44,3 | 46,9 | 47,2 | 50,1 | 116,2 |
| Жумуртка, млн. даана | 57,8 | 58,5 | 61,7 | 64,2 | 65,5 | 113,3 |
| Жүн (физикалык салмакта), тонна | 2287,4 | 2298,6 | 2307,0 | 2276,6 | 2263,6 | 98,9 |
| Бал, тонна | 477,6 | 568,9 | 359,1 | 673,3 | 901,1 | 188,7 |

Ош облусунда эттин жана сүттүн натыйжалуу тармагын өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты болуп малдын тукумун жакшыртуу, алдыңкы технологияны колдонуу жана ресурстарды үнөмдөөчү өндүрүштөрдү өздөштүрүү саналат. Эт жана сүт тармагындагы алардын түзүүчүлөрү төмөнкүлөр болуусу зарыл: адистештирилген эт породаларын колдонуу жана алардын этин көбөйтүү жана сүт эмди музоолорду багуу; жаш торпокторду эмден чыгаргандан кийин багуу жана зарыл болгон алмаштыруучу кунаажындарды алуу; интенсивдүү тоюттандырууну калыптандыруу. Эт жана сүт продукцияларын көбөйтүүнүн маанилүү багыты катары мал чарбаларын жана малды бордоп семиртүүчү комплекстерди калыбына келтирүү болуп саналат [34].

Жаш малдын бардык түрлөрү, бойго жеткен бордоп семиртүүчү бодо мал жана негизги үйүрсүз мал чарбасынын ар бир тармагы боюнча эт продукттуулугунун көрсөткүчү болуп күнүнө 1 баштан алынган тирүүлөй салмактын орточо күндүк өсүшү болуп саналат. Бул көрсөткүч тирүү салмактын белгилүү бир мезгилдеги (айдын, кварталдын, жылдын) дүң өсүшүн белгилүү бир топту же бүтүндөй малдын санын тоюндурууга кеткен тоют күндөрдүн санына бөлүү жолу менен эсептелет, бул көрсөткүч боюнча анын ушул эле мезгилдеги мааниси аныкталат.

Мал чарбачылыгындагы экстенсивдик өнүгүүсүнүн өсүшү азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга шарт түзүп жаткандыгына карабастан, мындай өнүгүүнүн башка жактары дагы бар. Малдын санынын өсүүсү жайыт маселесин чечүүнү, тоют базасын кеңейтүүнү талап кылат, бул башка өсүмдүктөрдү, мисалы, кант кызылчасы, пахта, жашылча, жемиш бактарын

өстүрүүдөн көп киреше алууну азайтууга алып келиши мүмкүн. Жалпы өлкөбүздө, а.и. Ош облусунда жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун стратегиясы иштелип, мал чарбачылыгы жана дыйканчылык тармактарынын ортосунда оптималдуу пропорциялары аныкталышы керек.

Мал чарба тармагын өнүктүрүү менен калктын эт жана эт азыктарына, сүт азыктарына жана каймакка, жумурткага болгон муктаждыктарын толук канааттандыруунун резервдери бар. Мындан тышкары мал чарба продукцияларын көбөйтүү менен тери, жүн иштетүү өндүрүшүн жолго салууга болот [67].

Академик Т.К. Койчуев өлкөдө калыптанган кырдаалды анализдеп, өлкөдө экономика үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон сырьего катуу мамлекеттик көзөмөл керек деп белгилейт. Бул сырье менен өзүбүздүн иштеп жаткан ишканаларыбызды камсыз кылуу же аларды кайра иштетүү боюнча жаңы ишканаларды ачуу зарыл, тышкы рынокко даяр продукция менен чыгуу сырье менен чыкканга караганда бир топ пайдалуу болуп саналат [84].

Ош облусундагы бардык уюштуруу формаларындагы айыл чарба субъекттериндеги айыл чарба өндүрүшү иш жүзүндө рентабелдүү эмес жана мамлекет тарабынан колдоого муктаж. Ошол эле учурда айыл чарба ишмердүүлүгү коңшу Тажикстан, Өзбекстан жана Кытай мамлекеттеринин өтө катуу атаандаштыгынын шартында жүргүзүлүүдө жана алардын өндүргөн продукцияларынын өздүк наркы бир кыйла төмөн, себеби аларда заманбап инновациялык технологиялар колдонулат.

Продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгү – бул суроо-талап менен сунуштун ортосунда байланышты чагылдыруучу категория жана анын сапаты, наркы, о.э. суроо-талап сыяктуу көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, б.а. сатып алуучулардын дал ушул продукцияны сатып алууга каалоосун көрсөтөт.

Россиянын айыл чарба илимдер академиясынын академиги И.Ушачевдин көз карашы боюнча учурда айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү багыттарынан

болуп АӨЧдо интеграциялык процесстерди өркүндөтүү, өндүрүштүн бардык циклдеринде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү-сатууда кооперативдик-интеграцияланган формаларын өнүктүрүү саналат [135].

Айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө жетүү максатындагы буга окшогон көз караштарды белгилүү ата мекендик окумуштуулар А.У.Орузбаев, Т.К.Камчыбеков, Д.С.Джаилов ж.б. өздөрүнүн эмгектеринде чагылдырышкан [116].

ЕАЭБде Кыргызстандын экономикасын натыйжалуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү өнүктүрүү үчүн агроөнөр жай комплексинде биргелешкен ишканаларды түзүү үчүн ЕАЭБдин каражаттарынан инвестицияларды жана насыялык ресурстарды тартууну активдештирүү зарыл. [73].

КРнын ЕАЭБге кириши салттуу тармактарды кайра жандандыруу жана жалпысынан өлкөнүн агроөнөр жай комплексин модернизациялоо үчүн жагымдуу өбөлгөлөрдү түзөт. Албетте, мындай шарттарда биз экономикалык интеграция тармактын жанданУусуна жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына түрткү берет деп үмүттөнөбүз [56].

Атаандаштык жөндөмдүүлүк ошол эле учурда айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү аймактардын продукцияны өндүрүдөгү дараметин көрсөтүү менен анын негизги критерийин - бул сатып алуучулардын рыноктогу төлөө мүмкүнчүлүгүнө ылайык керектөөлөрүн канааттандырууну чагылдырат. Анализделген мөөнөттө Ош облусундагы айыл чарба продукциясын сатуу тенденциясын карап көрөбүз (2.11-таблица).

2.11-таблица – **2018-2022-ж.ж. Ош облусунда айыл чарба продукцияларын сатуу, тонна** [90,93]

| **Айыл чарба Продукциялары** | **2018-ж.** | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2022-ж., 2018-ж. карата, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан азыктары | 146719,6 | 151086,0 | 161218,7 | 140498,1 | 142943,6 | 97,4 |
| Пахта | 31997,0 | 34915,5 | 30699,0 | 28642,2 | 33351,6 | 104,2 |
| Тамеки | 133,1 | 126,1 | 126,3 | 822,9 | 924,8 | 694,8 |
| Картошка | 126136,3 | 109315,8 | 104935,2 | 94811,8 | 95813,8 | 75,9 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жашылчалар | 142372,1 | 134015,9 | 133269,5 | 126505,1 | 130731,3 | 91,8 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 54725,2 | 51998,7 | 49538,9 | 42859,9 | 42320,9 | 77,3 |
| Мөмө-жемиштер | 40380,8 | 41958,9 | 41011,4 | 41266,1 | 42663,3 | 105,6 |
| Союлуучу мал жана канаттуулар (тирүүлөй салмакта) | 63958,3 | 51032,1 | 51244,1 | 43992,5 | 42291,5 | 66,1 |
| Чийки сүт | 228377,5 | 220514,0 | 224503,8 | 226207,9 | 234977 | 102,8 |
| Жумуртка, миң даана | 30143,5 | 43715,0 | 46341,1 | 43789,1 | 42547,3 | 141,1 |
| Физикалык салмактагы жүн | 716,3 | 720,7 | 722,6 | 664,0 | 418,9 | 58,5 |

2.11-таблицада көрүнүп тургандай, 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу жүндүн сатылышы 41,5%ке, союлуучу мал жана канаттуулар (тирүүлөй салмакта) 33,9%ке, бакча өсүмдүктөрү 22,7%ке, карташкалар 24,1%ке, дан азыктары 2,6%ке азайса, калган айыл-чарба продукциялары салыштырмалуу өскөн, ал эми тамекинин сатылышы дээрлик 6 эседен ашкан.

Жалпысынан Ош облусунун айыл чарбасын талдоо менен аймакта интеграциялык процесстер калыптана башталып, айыл чарбасынын салттуу тармактарынын өнүгүү тенденциясы тармактын чоң запастык курамындагы жана иштетилбеген өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн бар экендигин айгинелейт. Аймактын шартында облусттун агроресурстук потенциалын натыйжалуу колдонуу менен айыл чарба өндүрүшүнө инновациялык негизде өнүктүрүү үчүн инвестицияларды тартуу учурдагы негизги маселелерден болуп саналат.

## 2.3. Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун талдоо жана баалоо

Инвестициялар өлкөнүн, аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, о.э. айыл чарба субъекттеринин ишмердүүлүгүндө өзгөчө мааниге ээ. Экономикалык өсүш көптөгөн факторлор менен аныкталат, алардын эң негизгилери инвестициянын көлөмүн көбөйтүү жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат.

Айыл чарбасынын өнүгүүсүндө инвестициянын ролу аябай чоң. Негизи айыл-чарба тармагы мамлекеттик колдоону жана кошумча каражаттарды талап кылган тармак болуп саналат.

Туура багытта түзүлгөн жана жүргүзүлгөн инвестициялык саясаттын негизинде гана экономиканын айыл чарбасы туруктуу өнүгүүгө жетише алат, бул тармакка инновацияларды кийрүүгө, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жана технологиялык базасын жаңыртууга көмөктөшөт. Жыйынтыгында айыл чарба продукциясынын натыйжалуулугу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгү жогорулайт.

Натыйжада, айыл чарбасынын натыйжалуу өсүшүн камсыз кылуу көйгөйү мамлекеттик саясаттын эң жогорку артыкчылыктарынын бири болуп саналат. Акыркы жылдары мамлекет аймактарда айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүүгө көмөктөшүүчү иш-чаралардын комплексин ишке ашырууга аракет кылууда.

Айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн арасында инвестициянын төмөнкү деңгээли жана финансылык каражаттардын жетишсиздиги облустун жана бүтүндөй республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүгө тоскоол болгон негизги факторлор болуп саналат. Бул айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөнкү деңгээлинин көйгөйүнүн негизин түзөт жана натыйжада продукциянын сапатынын жана санынын төмөндөшүнүн себеби болуп саналат.

Аймакта туруктуу экономикалык өсүштүн зарыл шарты катары инвестициялык активдүүлүктү активдештирүү болуп саналат. Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун маалыматы боюнча, айыл чарбасына инвестициялар жана колдоонун натыйжалуу формалары айылдык калктын шаарларга миграциясын азайтат жана алардын жер үстүндөгү ишмердүүлүгүн стимулдайт.

Кирешесин негизинен айыл чарба тармагында иштөөдөн алган өлкөбүздүн айыл калкы натуралдык чарба жүргүзүүнүн практикасынан олуттуу пайда ала алат. Натуралдык айыл чарбасын өнүктүрүүнүн саясаты

жана практикасы жана аны ишке ашыруу өлкөнүн 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында түзүлгөн [7]. Натыйжада, натуралдык айыл чарбасы кээ бир аймактарда инвестициялык климатты жакшыртат жана өлкөгө кошумча инвестиция жана финансылык агымдарды тарта алат.

2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программасы Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. [19]. Программа 2026-жылга чейинки инвестициялык саясаттын максаттарын жана багыттарын аныктоочу жана тышкы жана ички инвестицияларды тартуу жаатында мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын иш-аракеттерин координациялоочу негизги документ болуп саналат.

Программаны иш жүзүнө ашыруу үчүн жооптуу негизги мамлекеттик орган катары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик эсептелет.

Айыл чарбасына инвестициялоонун мүмкүнчүлүктөрүнө төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

- тамак-аш өнөр жайынын ресурстук базасы болгон айыл чарба продукцияларына туруктуу суроо-талаптын болуусу. Демек, анын өсүшү айыл чарба өндүрүшүнүн өсүшү менен бекем байланышкан;
- Евразия экономикалык биримдигине мүчө болуусу;
- Европа рыногу үчүн Кыргызстандын айыл чарба продукциясынын ВСП+ статусу;
- жаңы технологияларды колдонуу менен негизги айыл чарба продукциясын кайра иштетүү;
- экспорт үчүн чоң потенциалга ээ экологиялык жактан таза продукциянын чакан өндүрүүчүлөрүн өнүктүрүү жана чыңдоо;

- төмөн эксплуатациялык чыгымдар менен жогорку сапаттагы чийки затты колдонуу аркылуу рынокко инвестиция салуу;

- маанилүү жана табигый тамак-аш азыктарын өнүктүрүү.

Өлкөбүздүн агроөнөр жай чөйрөсүндө продукцияны тышкы рынокко экспорттоо үчүн орто жана ири кайра иштетүү комплекстерин жана логистикалык борборлорду өнүктүрүү зарыл. Мамлекет айыл чарба продукциясын өндүрүү жана кайра иштетүү чөйрөсүндө төмөнкүдөй аймактык адистештирүү менен кластерлерди өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт:

- Баткен облусу: мөмө-жемиш продукциялары;

- Жалал-Абад облусу: жашылча-жемиш жана мөмө-жемиш продукциялары, эт жана сүт өндүрүү (анын ичинде канаттуулардын этин өндүрүү), жумуртка өндүрүү;

- Ысык-Көл облусу: картошка жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрү;

- Ош облусу: жашылча-жемиш жана мөмө-жемиш продукциялары, эт жана сүт өндүрүү (анын ичинде канаттуулардын этин өндүрүү), жумуртка өндүрүү;

- Талас району: буурчак, картошка, кант кызылчасы, тамеки;

- Чүй облусу: картошка жана жашылча продукциялары, эт жана сүт өндүрүү (анын ичинде канаттуулардын этин өндүрүү), жумуртка өндүрүү;

- Нарын областы: ири жана майда малдын этин жана жүн өндүрүү.

Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн стратегиялык приоритети экологиялык тазалыкты сактап, органикалык өндүрүштүк багытка басым жасалат. Мамлекеттик деңгээлде адал азыктар рыногун колдоо активдүү болот.

Инвестициялар төө буурчак өндүрүү, эт жана сүт өндүрүү, жашылча-жемиш жана башка сыяктуу өзүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана экспорттук потенциалын далилдеген тармактарга тартылат.

Айыл чарбасына инвестиция тартуу үчүн айыл чарба жерлерин чет өлкөлүк инвесторлор үчүн узак мөөнөткө ижарага берүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн системасы киргизилет.

КРнын айыл чарбасындагы приоритеттүү инвестициялык долбоорлорго төмөнкүлөр кирет [152]:

1) форельдерди өндүрүүгө жана кайра иштетүүгө инвестицияларды тартуу;

2) Чүй жана Ош облустарында айыл чарба продукцияларын сорттоо, сактоо жана кайра иштетүү боюнча соода-логистикалык борборлорду куруу;

3) Талас облусунда төө буурчакты кайра иштетүүчү завод куруу;

4) адал эт паркын түзүү;

5) кант кызылчасын кайра иштетүүчү заводду куруу;

6) өсүмдүк майын чыгаруучу заводду куруу;

7) меринос жүнүн өндүрүү жана кайра иштетүү;

8) Баткен облусунда өрүк боюнча кластерди ишке ашыруу;

9) минералдык жер семирткичтерди чыгаруучу заводду куруу;

10) органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу.

Негизги капиталга болгон инвестиция экономиканын айыл чарбасындагы абдан маанилүү факторлордун бири болуп саналат [70].

Ош облусунун айыл чарбасынын өнүгүшүнүн азыркы этабында, изилдөөлөр көрсөткөндөй, айыл чарба уюмдарынын өздүк каражаттары кайра өндүрүү үчүн нормалдуу шарттарды камсыз кылбайт. Алардын көпчүлүгү материалдык өндүрүштүк чыгымдардын ордун толтурууга жана эмгекке акы төлөөгө жумшалат.

Ал эми агроөнөр жай чөйрөсүндө туруктуу кайра чыгаруу процессин өнүктүрүү үчүн аны каржылоонун жетиштүү булактары менен камсыз кылуу зарыл. Демек, жүгүртүүгө кошумча каражаттарды тартмайынча учурдагы өндүрүштү натыйжалуу жүргүзүү мүмкүн эмес экендиги айдан ачык болуп олтурат. Изилдөө көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда карыздык каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугу өздүкүнө караганда жогору турат.

Өлкөбүздүн агрардык секторунун натыйжалуулугун талдай турган болсок эмгек өндүрүмдүүлүгү 2022-жылы 291,5 миң сом адам түзсө, бул көрсөткүч 2010-жылы 150,7, фонд менен жабдылганы 2022-жылы 1144,1, миң

сом адам, бул көрсөткүч 2010-жылы 358,3, фонддун сыйымдуулугу 2022 жылы 3,9 сом, бул көрсөткүч 2010-жылы 2,3, фонддун пайдалуулугу изилденген 2022-жылы 0,3 сом болсо, ал эми бул көрсөткүч 2010- жылы болгону 0,4 сомду түзгөн.

Бул белгиленген тармактын экономикалык натыйжалуулугунун начардыгынын себептеринен болуп КРнын айыл-чарбасынын инвестициялык-инновациялык өнүгүүсүнүн уюштуруу-экономикалык механизми бири болгон дыйкан фермерлерди окутуу начар жана аларды толук камтуу болбогондуктан айыл чарбасында өсүш начар болуп жатат.

Айыл чарбасын, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүктү, билим берүү тармактарын анализдеп көрсөк тартылган инвестициянын көлөмү эң төмөнкү деңгээлде, айрым жылдары инвестиция такыр эле тартылган эмес (2.12- табл.).

2.12-таблица – **КРна тартылган тике чет өлкөлүк инвестициялар (жыйынтыкка карата пайыз менен)** [90,97].

| | **2019–ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж** | **2023-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардык тике чет өлкөлүк инвестициялар | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,1 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | 28,8 | 11,0 | 31,5 | 5,3 | 2,7 |
| Билим берүү | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |

**Булак**: автор тарабынан КР УСКнын “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы” материалдарынын негизинде түзүлгөн.

2.12-таблицада көрүнүп тургандай тике чет өлкөлүк инвестициялар кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик 28,8% дан 2,7% га чейин түшүп калган, ал эми инновациялык ишмердүүлүк мамлекет тарабынан уюштуруу экономикалык механизмдердин начардыгынан бул тармакта 2019-жылы – 331,2 млн. сом, 2023-жылы – 156,2 млн сом чыгышага учурашкан. Ал ал эми айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык улоочулукка 2023-жылы тике чет өлкөлүк инвестициялар 0,1 пайыз гана тартылган, калган жылдары дагы начар тартылган. Ал эми билим берүүгө инвестициялар таптакыр

бөлүнгөн эмес, 2023-жылы гана 0,1% түзгөн. Демек булардан жыйынтык чыгара турган болсок, илимий инвестициялык ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн айыл чарбасына билим, илимий жана техникалык ишмердүүлүккө тике чет өлкөлүк инвестициялар максаттуу тартылбагандыктан агрардык сектор чыгаша тармакка айланган, же төмөнкү көрсөткүчтөрдү берген. Албетте бул көрүнүштөр бул тармакта илимий жана техникалык, инвестициялык-инновациялык ишмердүүлүктү натыйжалуу жүргүзүүгө терс таасирин тийгизүүдө.

Өлкөбүздүн айыл чарбасын инвестициялык камсыз кылуу мамлекеттик колдоонун өсүшү менен мүнөздөлөт, бул кризистин терс таасирин азайтууга жардам берет.

2.13-таблица – **КРда экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестициялар, млн.сом** [90,97].

| | **2018-ж.** | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | **170 805,9** | **181 007,3** | **141 375,4** | **154 146,9** | **169 002,2** |
| Анын ичинен айыл чарбасы | 3185,0 | 3 335,8 | 2 626,1 | 2 774,0 | 3793,0 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 25 471,2 | 33 039,3 | 30 535,3 | 32 046,9 | 27 349,5 |
| Иштетүү өндүрүшү | 12 913,7 | 10 270,5 | 5 222,8 | 5 794,6 | 6 578,7 |
| Электр эненгия,газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 11 119,4 | 7 637,5 | 6 505,1 | 8 994,5 | 10 600,8 |
| Курулуш | 3 317,1 | 2 205,6 | 5 396,8 | 9 363,0 | 6 694,3 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотциклдерди оңдоо | 8 604,6 | 10 733,7 | 8 040,8 | 6 285,7 | 4 977,8 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 23 559,7 | 20 531,0 | 10 874,3 | 10 967,0 | 19 773,7 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 4 151,6 | 9 010,4 | 1 826,1 | 1 908,0 | 1 713,6 |
| Маалымат жана байланыш | 3 891,8 | 6 239,5 | 4 425,5 | 6 517,5 | 8 037,2 |
| Финансалык ортомчулук жана касыздандыруу | 1 592,7 | 2 104,2 | 1 603,2 | 1 768,7 | 2 359,5 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 3 995,0 | 4 078,1 | 3 356,4 | 2 490,9 | 2 080,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 3 661,9 | 1 179,2 | 1 401,1 | 1 282,7 | 915,1 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 338,9 | 194,1 | 16,0 | 37,3 | 224,3 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 2 991,0 | 3 274,3 | 2 412,0 | 3 564,2 | 6 000,1 |
| Билим берүү | 3 718,9 | 4 636,4 | 2 888,7 | 4 188,9 | 9 289,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 4 190,8 | 2 348,7 | 3 704,3 | 4 096,2 | 3 653,7 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 2 607,9 | 3 438,8 | 1 854,3 | 2 587,7 | 1 665,6 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 1 461,6 | 1 888,6 | 856,2 | 838,8 | 615,4 |

2.13-таблицадан 2018-2022-жылдар аралыгында айыл чарбасына негизги капиталга болгон инвестициялар 3185,0 млн. сомдон 3793,0 млн. сомго өскөн. Натыйжада айыл чарба ишканаларынын эмгектик өндүрүмдүүлүгү 2018-жылы 284,2 миң сом/адам болсо, бул көрсөткүч 2022-жылы 292,6 миң сом/адам түзгөн, фонддун куралдуулугу салыштырмалуу 2018-жылы – 904,2 миң сом/адам болсо, 2022-жылы 1152,1, фонддун сыйымдуулугу 2018-жылы 2,8 сомду түзсө, 2022-жылы 4,0 сомду түзгөн.

Биздин көз караш боюнча инвестициялардын төмөнкү аз көлөмдөгү көрсөткүчү (негизги капиталга инвестициялардын агрардык сектордун дүң продукциясына болгон катышы) бул тармактын өндүрүшүн туруктуу өсүүсүнө алгылыктуу таасирин тийгизе албайт. Ошол эле учурда инвестициялардын көрсөткүчү (негизги капиталга инвестициялардын агрардык сектордун дүң продукциясына болгон катышы) жашыруун өсүү тенденциясы байкалат. Тармакка инвестициялардын көлөмүнүн өсүүсү эки жагдай менен шартталат: инвестициялардын натыйжалуулугу агрардык сектордо эмгектенгендердин санынын азаюусунун жана тармакта негизги фонддордун наркынын төмөндөөсүнүн негизинде болот.

Ош облусунун инвестициялык ишмердүүлүгүн талдай турган болсок, 2023-жылы 12162,4 млн сомдук тышкы жана ички инвестициялар өздөштүрүлдү, же 2022-жылдын деңгээлине карата 100,9%ды түздү.

Негизги капиталга инвестициянын көлөмүн жаңы курулушка, реконструкциялоого, иштеген ишканалардын кеңейүүсүнө жана техникалык кайра куралдануусуна кеткен чыгымдар, турак жай жана маданий турмуш-тиричилик курулушуна кеткен чыгымдар камтыйт.

Негизги капиталга инвестицияга бардык түрдөгү курулуш иштерине кеткен чыгымдар кирет; курулуштагы сметаларда каралган монтажды талап кылган жана талап кылбаган жабдууларды монтаждоо жана сатып алуу боюнча чыгымдар; курулуштагы сметага кирген транспортту жана чарбалык инвентарды сатып алууга; курулуштагы сметага кирбеген машинаны жана жабдууну сатып алууга; башка капиталдык иштерге кеткен чыгымдар.

Негизги капиталга инвестиция боюнча маалыматтар иш жүзүндө колдонуудагы бааларда келтирилди, өсүү (төмөндөө) темптери салыштырылуучу бааларда эсептелди, алар 1991-ж. 1-январындагы абалы боюнча сметалык бааларда кабыл алынган.

Негизги капиталга инвестициялардын негизги бөлүгү 2023-жылы турак жай курулушуна багытталган, анын үлүшү жалпы көлөмдө 50,9 % ды же 6193,6 млн. сомду, ал эми 2024-жылы 40,8 % ды же 2 675,5 млн. сомду түздү**.**

2024-жылы курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 6 558,4 млн. сомду же 2023-жылга карата 195,8% ды түздү.

Облустта ички инвестициялар 2023-жылы 10695,3 млн. сомду (жалпы инвестициянын көлөмүнүн 87,9 %) түзүп, былтыркы жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 4115,3 млн.сомго, же өсүү темпи 162,5 % га көп болду, ал эми 2024-жылы 4 949,6 млн. сомду (жалпы инвестициянын көлөмүнүн 75,4%) түзүп, былтыркы жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1 912,7 млн. сомго көп болду.

Ички инвестициялардын тартылуу булактары боюнча төмөнкүдөй болду:

- 2023-жылы республикалык бюджеттен 2784,0 млн.сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 22,9%ын; ал эми 2024-жылы республикалык бюджеттен 1 313,4 млн. сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 20,0 пайыз.

- 2023-жылы жергиликтүү бюджеттен 522,0 млн.сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 4,3%ын; ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 143,2 млн.сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 1,2 %ын; калктын жана башка каражаттардын эсебинен 7 246,1 млн. сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 59,6 %ын түздү.

Ал эми 2024-жылы жергиликтүү бюджеттен 132,9 млн. сом болуп, жалпы инвестициянын көлөмүнүн 2,0%. Ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 178,2 млн. сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 2,7 % ын түздү. Ал эми калктын жана башка каражаттардын эсебинен 3 325,1 млн. сом, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 50,7 % ын түздү.

Облустта 2023-жылы тышкы инвестициялардын көлөмү 1467,1 млн.сомду (жалпы инвестициянын көлөмүнүн 12,0 пайызын) түзүп, былтыркы жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 3762,9 млн.сомго аз болду, а.и. чет өлкөлүк насыялар 836,8 млн. сом жана гранттар жана гумжардамдар 630,3 млн. сомду түздү. Ал эми 2024-жылы тышкы инвестициялардын көлөмү 1 608,8 млн. сомду (жалпы инвестициянын көлөмүнүн 24,6%ын) түзүп, былтыркы жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1423,9 млн. сомго көп болду, а.и. чет өлкөлүк насыялар 824,1 млн. сомду, же жалпы инвестициянын көлөмүндө 12,6 пайызды, гранттар жана гумжардамдар 784,7 млн. сомду, же жалпы инвестициянын көлөмүнүн 12%ын түздү.

2.14-таблица – **Ош облусунда 2022-2023-ж.ж. каржылоонун булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар** [97].

| | **Суммасы, млн. сом** | | **Жыйынтыкка карата пайыз менен** | |
|---|---|---|---|---|
| | **2022ж.** | **2023ж.** | **2022ж.** | **2023ж.** |
| **Бардыгы:** | **11 810,0** | **12 162,4** | **100** | **100** |
| Ички инвестициялар: | 6 580,0 | 10 695,3 | 55,7 | 88,0 |
| Республикалык бюджет | 1 362,7 | 2 784,0 | 11,5 | 22,9 |
| Жергиликтүү бюджет | 367,2 | 522,0 | 3,1 | 4,3 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 489,1 | 143,2 | 4,2 | 1,2 |
| Калктын каражатынан жана КР резиденттеринин кайрымдуулук жардамы | 4 361,0 | 7 246,1 | 36,9 | 59,6 |
| Тышкы инвестициялар: | 5 230,0 | 1 467,1 | 44,3 | 12,0 |
| Чет өлкөлүк насыялар | 3 924,9 | 836,8 | 33,2 | 6,9 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардамдар | 1 305,1 | 630,3 | 11,1 | 5,1 |

Ош облусунун райондору боюнча алганда 2023-жылы өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү: Алай району 1 048,4 млн. сом, Араван району 955,1 млн. сом, Кара-Кулжа району 1 002,9 млн. сом, Кара-Суу району 4719,1 млн.сом, Ноокат району 1 033,7 млн. сом, Өзгөн району 2661,4 млн. сом жана Чоң-Алай району 741,8 млн.сомду түздү.

Ал эми негизги капиталга инвестициялардын эң көп көлөмү Алай, Кара-Кулжа, Кара-Суу жана Чоң-Алай райондоруна тийиштүү (2.15-табл.)

2.15-таблица – **Ош облусунун райондору боюнча 2022-2023-ж.ж. карата негизги капиталга инвестициялар** [93].

| **Райондор** | **2022-ж. млн. сом** | **2023-ж. млн. сом** | **2023-ж. 2022 ж.карата айырмасы (+; -)** |
|---|---|---|---|
| Алай | 887,5 | 1048,4 | +160,9 |
| Араван | 1015,6 | 955,1 | -60,5 |
| Кара-Кулжа | 228,1 | 1002,9 | +774,8 |
| Кара-Суу | 4063,0 | 4719,1 | +656,1 |
| Өзгөн | 2908,9 | 2661,4 | -247,5 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ноокат | 2309,0 | 1033,7 | -1275,3 |
| Чоң-Алай | 397,9 | 741,8 | +343,9 |
| **Облус боюнча** | **11 810,0** | **12 162,4** | **+352,4** |

Ош облусунун айыл чарбасында негизги капиталга инвестициялар боюнча беш жылда динамикасы 19,1% га өстү. Жалпы КР менен салыштырсак Ош облусунун салыштырмалуу салмагы 2022-ж. 8,6 % ды түздү. Бул багытта көрсөткүч өтө начар экени байкалып турат жана тиешелүү иштерди жасоону талап кылат (2.16-табл.)

2.16-таблица – **Ош облусунда айыл-чарбасына негизги капиталга инвестициялар, млн.сом.**

| | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2022-ж., 2018-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 3185,0 | 3335,8 | 2626,1 | 2774 | 3793 | 119,1 |
| Ош облусу | 190,1 | 212,5 | 154,3 | 317,1 | 326,2 | 171,6 |
| КРга карата облусттун салыштырмалуу салмагы, % | 5,9 | 6,4 | 5,9 | 11,4 | 8,6 | |

Республикада айыл-чарбасында 2022-жылы 3793 млн сомдук негизги капиталга инвестициялар болсо, анын ичинен Ош облусу 326,2 млн сомду түздү. Инвестициялардын түзүмү өсүмдүктөрдү өстүрүүдө артыкчылыктуу бойдон кала берээрин көрсөтүп турат. Бул жерде эмгек өнүмдүүлүгү өнүккөн орто жана ири чарбалардын натыйжасында жогору болуп, өндүрүшкө, айрыкча, кант кызылчасына, пахтага олуттуу колдоо көрсөтүлөт.

Инвестициянын негизги булагы болуп ички булактар эсептелет. 2023-жылы өлкөдө 185054 млн сом инвестициялар болсо, Ош облусу 8465 млн сомду түзүп, 4,6 % ээ болду.(2.17-табл.).

2.17-таблица – **2019-2023-ж.ж. карата негизги капиталга инвестициялардын ички булактары, млн. сом** [93].

| **Көрсөткүчтөр** | **2019ж.** | | **2023ж.** | |
|---|---|---|---|---|
| | **КР** | **Ош облусу** | **КР** | **Ош облусу** |
| Инвестициялар, баары | 162193,7 | 7359 | 185054 | 8465 |
| Анын ичинде: ички | 114993,2 | 6614 | 152980,4 | 7013 |
| Республикалык бюджет | 5326,6 | 135 | 22238,.6 | 151 |
| Жергиликтүү бюджет | 1893,2 | 555, 6 | 5472,3 | 1301 |

Инвестициялардын аймактык мааниде тартуулусун карасак, алардын негизги агымы негизинен Чүй облусуна багытталып жатат. Өлкөнүн бюджеттик инвестицияларынын багыттары КРнын айыл-чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги аркылуу жүргүзүлүүдө жана бул багытта стратегиялык маселелерге төмөнкүлөр кирет:

- агрардык сектордун артыкчылыкка ээ милдеттерин чечүүдө инвестицияларды топтоо жана багыттоо;

- агрардык сектордо мамлекеттик инвестициялардын натыйжалуулугун жогорулатуу;

- айыл чарба өндүрүшүн жана анын тейлөө инфраструктурасын өркүндөтүү;

- агрардык сектордун түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө ар тараптан көмөктөшүү;

- өлкөбүздүн жана анын аймактарынын айыл-чарба продукцияларынын экспорттоолуусун өнүктүрүү;

- аймактардын ички азык-түлүк рынокторун жөнгө салуу жана турукташтыруу;

- айыл чарба субъекттеринде корпоративдик менеджменттин натыйжалуулугун жогорулатуу.

Ал эми аймактардын инвестициянын артыкчылыктуу багыттары катары төмөнкүлөрдү эсептесек болот:

- аймактарда атаандаштык жөндөмдүүлүктөгү жана экспорттук потенциалына ээ айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана жогорку кошумча наркты алуу максатында аларды терен кайра иштетүүну өркүндөтүү;

- аймактардын айыл-чарбасынын натыйжалуу өндүрүштүк, тейлөө, экспорттук инфраструктурасын, о.э. дүң соода инфраструктурасын өнүктүрүү;

- аймактарда жеңилдетилген насыялык ресурстарды берүү, заманбап айыл чарба техникалары менен камсыздоо, техникалык жана технологиялык

инструменттердин өсүүсүн стимулдаштыруу, о.э. маалыматтык кызматтарга жеткиликтүүлүктү камсыздоо менен агробизнестин натыйжалуулук деңгээлин жогорулатуу.

Айыл чарба субъекттерине илимий инновациялык-инвестициялык иштерди чарбачылыгында колдонуу үчүн аларды системалуу түрдө окутуу, аларга тренингдерди ар тарапуу өткөрүү, жаңы маалыматтар менен камсыз кылуу стратегиялык маанилүү иштерден болуп саналат.

Ош облусунун айыл чарба тармагынын инвестициялык активдүүлүгүнө жана инвестициялык жагымдуулугуна тоскоол болгон негизги көйгөйлөрдү карап көрөлү:

1. Дээрлик ар 5 жылда бир жаңыланып турган мамлекеттик программаларды ишке ашыруудагы туруксуздук, бул инвесторлордун жана фермерлердин мамлекеттик колдоо чараларына ишенбөөчүлүктөн көрүнүп турат;

2. Чакан айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн карыздык каржылоонун жеткиликтүү эместиги жана жетишсиздиги, анткени насыяларды, эреже катары, ликвиддүү күрөөсү бар ири айыл чарба ишканалары ала алышат;

3. Насыя берүүнү бюрократташтыруу. Мамлекеттик банктардын аймактык өкүлчүлүктөрүнөн насыя алуу үчүн убакыттын керектелүүсү;

4. Айыл чарба тармагын иш жүзүндө каржылаган финансылык уюмдар үчүн калктан депозиттерди жана салымдарды тартуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;

5. Тобокелдиктерди бөлүштүрүү жана кепилдик системасынын жоктугу;

6. Айыл чарба өндүрүүчүлөрүн камсыздандыруу рыногунун өнүкпөгөндүгү. Түшүмдүн түшпөй калышынан кепилдик берүүчү жана камсыздандыруучу механизмдердин жоктугу.

Биз анализди Ош облусунун райондорундагы айыл-чарба кооперативдеринин маалыматтарынын негизинде алардын ишмердүүлүгүнүн жалпы экономикалык көрсөткүчтөрүнө баа берүү менен улантабыз.

Ош облусунда айыл чарбасынын жана анын негизги тармактарынын айыл чарба продукциясын өнүктүрүү түзүмүн оптималдаштыруу тенденциясы каралууда. Мисалы, Араван, Өзгөн, Ноокат райондорун кооперативдеринин өндүрүштүк көрсөткүчтөрүн биз 2.18 - таблица аркылуу көрө алабыз.

2.18-таблица – **2022-2023-ж.ж. Ош облусунун райондорундагы өндүрүштүк кооперативдердин ишмердүүлүгүн мүнөздөлгөн өндүрүш факторлору**

| **Кооперативдердин аталышы** | **Өндүрүш факторлору, аны ичинде** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Жеринин аянты, гектар | Негизги фонду, миң сом. | Иштеген адамдарынын саны чел. | Айланма каражаттары, миң. сом. |
| 1. «Алтын Алма» | 12 | 2198.6 | 4 | 183.2 |
| 2. «Бирдик» | 68,7 | 7800,0 | 12 | 650.0 |
| 3. «Алтын үрөн» | 40 | 4391.1 | 4 | 365.9 |
| 4. Салтанат Юсупова | 16 | 1937.0 | 5 | 161.4 |
| 5. «Өзгөн күрүч» | 44 | 2110.8 | 4 | 175.8 |
| Жалпы | 180,7 | 18437.4 | 29 | 635.7 |

*Булак: автор тарабынан айыл чарба кооперативдеринин материалдарынын негизинде чогултулду.*

2.18- таблицада 2022-2023-ж.ж. Ош облусунун райондорунун аймагында учурда иштеп жаткан айыл чарба кооперативдеринин жылдык көрсөткүчү кандай экендигин көрсөтө алдык. Ноокат районундагы «Алтын-Алма» кооперативинин жылдык айлантуусу 2198,6 миң сомду, ал эми айланма каражаты 183,2 миң сомду түзгөн. Араван районундагы «Бирдик» кооперативинде жылдык негизги фонд 7800,0 миң сомду түзүп, айланма каражаты 650,0 миң сомду түзүп келет. Араван районундагы «Алтын үрөн» кооперативинин жылдык айлантуусу 4391,0 миң сомду, айланма каражаты 365,9 миң сомду түздү. Араван районундагы Салтанат Юсупова атындагы кооперативинин жылдык айлантуусу 1937,0 миң сомду, айланма каражаты 161,4 миң сомду түздү. Өзгөн районудагы «Өзгөн күрүч» кооперативинин жылдык негизги фондусу 2110,8 миң сомду түзсө, айланма каражаты 175,8

миң сомду түзүү менен кооперативдик чарбалара тиешелүү жумуштарын жүргүзүп келишет.

Себеби изилдөөнүн жүрүшүндө азыркы учурда кооперативдердин ишмердүүлүгүн айтпай кетүү мүмкүн эмес, анда жалпы кооператив элдин колундагы үлүштөрү менен түзүлгөндүктөн жеке мамлекеттин колундагы жерлердин фондусунан ижарага алып иштетүүлөр аркылуу түзүлгөндүгүн биз өз көзүбүз менен күбө болдук, ошол себептүү бул көрүнүштү иш жүзүндө Араван районунун агрардык секторунда жер ресуртарын пайдалануу боюнча айыл чарба кооперативдерин кароого туура келди. 2022-2023-жылдар ичинде кооперативдик ишмердүүлүк айыл чарбасында кандай деңгээлде экендигин көрө алдык. Аталган кооперативдер негизинен жер үлүштөрдөн турат, андан тышкары мамлекеттик жер фондусунан алынган жерлер иштетилет. Мисалы, 2022-жылдагы бардык кооперативди алып карай турган болсок, бул кооперативдин ишмердиги пахта, буудай жана пияз өстүрүү боюнча чарбалык иштерди жүргүзөт. Биздин анализ үчүн алынган кооператив Араван районуна караштуу Салтанат Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагында орун алган. 2022-2023-жылдар ичинде алынган айыл чарба кооперативинен өндүрүп алынган, дан, пахта, жашылча, пияз продукцияларынын чарбалык көрсөткүчтөрү аркылуу анализден (2.19-таблица) көрө алабыз.

2.19-таблица – **2022-2023-ж. Ош облусунун Араван районунан айыл чарба кооперативдеринин өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн анализи**

| | Айдоо аянты (га) | Анын ичинен | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Пахта | | | Буудай | | | Пияз | | |
| | | Аянты (га) | Түшүмү ц/га | Дүң жыйым (т) | Аянты (га) | Түшүмү ц/га | Дүң жыйым (т) | Аянты (га) | Түшүмү ц/га | Дүң жыйым (т) |
| 1. Бирдик 2022 | 68,7 | 64,7 | 38 | 246,0 | 3,0 | 42,3 | 12,7 | 1,0 | 360 | 36,0 |
| 2023 | 68,7 | 57,7 | 27 | 155,8 | 10,0 | 38,0 | 38,0 | 1,0 | 360 | 36,0 |
| 2. Алтын-үрөн 2022 | 40,0 | 30,0 | 30 | 90,0 | 10,0 | 42 | 42,0 | - | - | - |
| 2023 | 40,0 | 30,0 | 30 | 90,0 | 10,0 | 35 | 35,0 | - | - | - |
| 3. С. Юсупова 2022 | 16,0 | 15,0 | 37 | 55,5 | - | - | - | 1,0 | 60 | 6,0 |
| 2023 | 16,0 | 16,0 | 37 | 59,2 | - | - | - | - | - | - |

*Булактары: Автор тарабынан жеринен алынган маалымат.*

2022-2023-жылдардагы анализден көрүнүп тургандай, Бирдик кооперативинде пахта өстүрүүдө: 64,7 га жер аянтына айдалган жана гектарынан 38 центнерден түшүм алуу менен 246,0 тонна дүң жыйын өндүрүлгөн же болбосо, 52 сомдон – 60 сомго чейин азыркы баада дүң жыйын алынды, ошондой эле буудай 3 гектар жерге эгилген, бир гектарынан 42,3 центнерден алынды бул 2023-жыл 38,0 центнерден жыйналып алынганын билдирет. «Бирдик» кооперативи акыркы мезгилде урук боюнча ишмердүүлүккө адистешкен, себеби айланадагы айыл чарбасына урук эң негизги керек материал болгондугун турмуш өзү көрсөтүп жатат. Негизинен Араван району дыйканчылык үчүн мыкты зона болгондуктан, б.а. жер шартынын асылдыгы, жазы эрте келгендиги менен баарыбызга белгилүү. Араван районундагы «Бирдик» кооперативи да Салтанат Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагында орун алган. Ошондой эле буудайды ала турган болсок, 2022-жылы буудайдын түшүмү гектарына 42,3 центнер болгон болсо, 2023-жылы буудай түшүмү 1 гектарга 38,0 центнерден туура келип калды. Пиязды алсак, ар бир гектарынан ар жылы 360 центнерден алуу болду.

Эми Араван «Алтын үрөн» кооперативине көңүл буруп көрөлү, бул кооперативдин карамагында жалпы 40 (кырк) гектар аянты бар, ал аянттын 30 гектарына 2022-жылы пахта эгип, ар гектарынан 30 центнерден 90,0 тонна пахта буласын өндүрүшкөн, 2023-жылы ошондой эле көрсөткүч кармалган. Калган 10 гектар аянтка буудай айдашкан. 2022-жылы аталган аянттын ар бир гектарынан 42 центнерден 42,0 тонна, ал эми 2023-жылы гектарынан 35 центнерден 35,0 тонна буудай өндүрүлгөн. Бул жогоруда айтылган эле объективдүү себептерден улам болгону түшүнүктүү. Агрардык сектордун айыл чарба экономикасын көтөрүү жер ресурстарын натыйжалуу иштетүү үчүн ар дайым тиешелүү шарттар түзүлүүсү керек эле. Тилекке каршы андай шарттар жаралбай келе жатат. 2023-жылкы бир топ кыйынчылыктарга карабастан, дыйкан (фермердик) чарбалар колунан келген аракеттерди

жасагандары көрүнүп турат. Алынган натыйжаларды 2.20-таблица аркылуу анализ кылууга аракет жасадык.

2.20-таблица – **2022-2023-ж.ж. Ош облусунун Араван районунун айыл чарба кооперативдеринде алынган түшүмдү рынок баасындагы суммасына чыгарылган анализи, миң сом**

| | **Айдоо аянты (га)** | **Анын ичинен** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Пахта** | | | **Буудай** | | | **Пияз** | | |
| | | Дүң түшүм (т) | Рынок баасы (сом) | Жалпы суммасы Жыйынтык суммасы | Дүң түшүм (т) | Рынок баасы (сом) | Жалпы суммасы Жыйын-тык суммасы | Дүң түшүм (т) | Рынок баасы (сом) | Жалпы суммасы Жыйын-тык суммасы |
| «Бирдик» 2022ж. | 68,7 | 246,0 | $43^{00}$ | 10578,0 | 12,7 | $22^{00}$ | 279,4 | 36,0 | $16^{00}$ | 576,0 |
| «Бирдик» 2023ж. | 68,7 | 155,8 | $55^{00}$ | 8569,0 | 38,0 | $22^{00}$ | 836,0 | 36,0 | $16^{00}$ | 576,0 |
| «Алтын-өрөн» 2023ж. | 40,0 | 90,0 | $43^{00}$ | 4050,0 | 42,0 | $22^{00}$ | 924,0 | - | - | - |
| «Алтын-өрөн» 2023ж. | 40,0 | 90,0 | $55^{00}$ | 4950,0 | 35,0 | $22^{00}$ | 770,0 | - | - | - |
| Саадат Юсупова 2022ж. | 16,0 | 55,5 | $43^{00}$ | 2386,5 | - | - | - | 6,0 | $16^{00}$ | 96,0 |
| Саадат Юсупова 2023ж. | 16,0 | 59,2 | $55^{00}$ | 2356,0 | - | - | - | - | - | - |

*Булак: Автор тарабынан аныкталган анализ.*

Бул көрсөткүчтөр 2022-2023-ж.ж. өндүрүлгөн продукциянын рынок баасы менен алынган жана сатылган суммасын билдирет. 2022-жылы Аравандагы «Бирдик» кооперативи пахтадан 246,0 тоннаны 43сомдон сатуу аркылуу жалпы суммасы 10578,0 миң сом киреше, буудайдан 12,7 тоннаны $22^{00}$ сомдон баалап 279,4 миң сом, пияз өндүрүүдөн 360,0 тоннаны 16сомдон – 576,0 миң сомдук киреше алууга жетишкен. «Бирдик» кооперативи боюнча кирешелердин жалпы суммасы 11443,4 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда жалпы өздүк нарк чыгымы 5740 миң сомду түзгөн жана жалпы пайданын суммасы 5703,4 миң сомду түзүү аркылуу «Бирдик» кооперативинин капчыгына түшкөн, б.а. кетирген чыгымдан 2 эсеге жогору пайда ала алган.

Дыйканчылык зона деп эсептелип, агрардык сектордо айыл чарбасынын жер ресурстарын натыйжалуу пайдалангандыгынын натыйжасы мындай ийгиликтердин себеби катары маалым болду. Эмгек өндүрүмдүүлүгү бир топ эле жогору экендиги көрүнүп турат. Салыштырмалуу жылдык негизги фонду 7800,0 миң сом, анын айланма фонду бир адамга 650,0 миң сомду түзгөн болсо, 2022-жылы талдоонун негизинде, кооперативдин 12 мүчөсүнө чакканыбызда, бир мүчөгө 953,6 миң сомдон туура келди.

Жайкы сезон (беш айдан ашык) мезгилиндеги жумуш кылган сугатчылар жана караган дыйкандар (накталай күнүмдүк акчага иштегендер менен кошкондо) сезондо 65 гектар жердин пахтасын кароого талаада эмгектенген адамдардын саны – орточо 35 адамды түздүн, анда 11443,4 миң сомду 35 адам санына чыгарсак 326,9 миң сомдон туура келет. Анализ жүргүзүү үчүн Аравандагы «Бирдик» кооперативин 2022-2023-жылдарда аткарган жумуштарын карадык, бул келечекте кооперативдердин арасында үлгү боло ала турган чарбаларды о.э. биригип иштөөсүнө мамлекет көзөмөл кылса жана кооперативдер жөнүндө жакшы мыйзамдарды чыгарып, аларга жеңилдетилген насыяларды берген болсо, мындан да жакшы ийгиликтерге жетишээр эле деген терең ишенимдебиз. Натыйжада майда айыл чарба өкүлдөрүнүн иштеп жаткан кооперативдерге өз ыктяры менен кошулуусуна түрткү болот эле жана кошулгандардын үлүшү жыл жыйынтыгы менен алынган кирешеден жер үлүшүнүн негизинде киреше натуралай, же акчалай түрүндөгү пайын алып турушмак. Өндүрүштүн натыйжалуулугун эсептөөдө жана өндүргөн продукцияны сатууда негизинен 2023-жылдын анализи менен кароону туура көрдүк, Аравандагы “Бирдик” кооперативи тарабынан өндүрүлгөн продукцияларын негизги формага салдык.

Андан ары анализди Ноокат районундагы картошка өндүрүүчүлөрүнүн "Нукок" кооперативи менен улантсак, бул кооператив 2002-жылы негизделип, райондогу ар кайсы айыл өкмөттөрүнөн келген 272 дыйкандарды бириктирүү менен аларды картошканын үрөнү менен камсыз кылат. Ал үчүн кооператив Голландиядан, Германиядан, Россиядан алынып келинген картошканынын

тандалма сортторун  Ноокат районунун тоолуу зоналарында өстүрүшүп, Германиянын Агро Акциясы сыяктуу схемасы боюнча ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт жана Голландиядан элита жана супер элита сортундагы 40 тоннага жакын картошканы жыл сайын импорттошот. Нукок кооперативи алынган I-репродукциялуу картошканы облустагы Араван, Ноокат жана Карасуу райондорунун дыйкандарына сатышат. 2009-жылы кооператив Чүй облусундагы 20 гектар жерге Голландияда өндүрүлгөн 1-репродукциядагы "Санта" сортундагы картошканы эксперимент катары эгишип, жакшы түшүм алышкан жана бүгүнкү күнгө чейин аны эгүү менен, алардын аянтып кенейтип келишүүдө.  Бүгүнкү кезде "Нукок" кооперативи жыл сайын 300 тоннадан ашык картошканы жакынкы чет өлкөлөргө экспорттошот.

"Нукок" кооперативинин ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугу, сапаттык көрсөткүчтөрдүн динамикасы 2.21-таблицада көрсөтүлгөн.

2.21-таблица – **"Нукок" кооперативинин чарбалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу**

| **Көрсөткүчтөр** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **Коэффициент түрүндө сапат көрсөткүчтөр үнүн динамикасы** | **Салыштырмал уу үнөмдөө (-), ашыкча чыгымдар (+)** |
|---|---|---|---|---|
| 1.Дүң продукция, миң сом | 19542 | 21300 | 1,08 | - 1758 |
| 2. Эмгек төлөмү, миң сом | 1275 | 1275 | - | - |
| 3.Материалдык чыгымдар, миң сом | 15850 | 19560 | 1,23 | 3710 |
| 4. Негизги өндүрүштүк фонддор, миң сом | 9210 | 9220 | 1,0007 | -10 |
| 5. Негизги фонддордун амортизациясы, миң сом | 210 | 215 | 1,0 | -5 |
| 6. Товардык-материалдык запастар түрүндөгү айланма каражаттар, миң сом | 360 | 335 | 0,93 | -25 |
| 7. Сууга болгон чыгымдар, миң сом | 60 | 62 | 1,03 | -2 |
| 8. Жалпы ресурс, миң сом | 26950 | 30628 | 1,13 | 3678 |

***Булак:*** *Ош облусунун Ноокат райондук стат.бөлүмүнүн 2022-2023 ж.ж. карата маалыматынын негизинде эсептелди.*

Аймактардын айыл чарбасындагы өндүрүштүн максималдуу натыйжалуулугуна эмгекти, өндүрүштү жана башкарууну уюштурууну ар тараптан өркүндөтүү шартында гана жетишилет. Ал эмгек процесстеринде персоналдын жана технологиянын эң туура өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга чейин жетет.

Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кенейтилген кайра өндүрүштү көбөйтүү, өндүрш процессиндеги ресурстарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу жана продукцияларды сатууну камсыз кылуу зарыл болуп саналат. Продукцияны сатуу процессинде айыл чарба субъектиси аны өндүрүүгө кеткен чыгымдарды актап, кирешени камсыз кылуу менен пайда көрүүсү керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн айыл чарба кооперативдеринин көрсөткүчтөрүн талдоо менен алардын бардыгы чарбалык ишмердүүлүктүн бир тарабын мүнөздөйт деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Демек, өздүк нарк өндүрүш чыгымдарынын акчалай наркын көрсөтөт, бирок өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн чагылдырбайт. Ушул көрсөткүчтөрдү айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн комплекстүү колдонуу гана көйгөйдү илимий негизделген негизде чечүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөө көрсөткөндөй Ош облусунда алдыңкы дыйкан фермерлер тарабынан жасалган инвестициялык иштерди белгилесек болот. Алсак, 2012-жылы ЮСАИД эл аралык уюмунун жардамы менен тиешелүү негизги каражаттарды алган “Ивестициялык долбоор” бизнес долбоорун натыйжалуу пайдалануу менен Ош облусунун Кара-Суу районунун Жар-Ооз айылындагы фермер Мадазимов Бекболот 100 баштан ашуун Швиц породасындагы уй фермасын түзгөн.

Тилекке каршы Ош облусунда билимдеринин жетишсиздигинен, бизнес долбоорду түзбөстөн, тишелүү билим денгээлинин жоктугунан илимий инвестициялык-инновациялык ишмердүүлүктү толук түшүнүшпөй, илимий тажрыйбаларга маани бербестен “өзүм билемдик” менен чарбачылык жүргүзүп келишет.

Учурда айрым дыйкан (фермердик) чарбалар эт букаларынын (Абердин Ангус, Галловей жана башка породалар) уругун сатып алышып, жергиликтүү уйларды уруктандырып жатышат. Бирок булар илимий жолдор менен жүргүзүлбөгөн жумуштар эт багытындагы уйдун тукумун көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк бербейт жана натыйжалуулугу начар болот. Илимпоздордун кеңеши боюнча илимий жол менен гана чыгырылган КРнын шартына ылайык келген жаңы эт багытындагы породаларды чыгарыш максатка ылайыктуу болуп саналат [153].

Ош облусунун Кара-Суу районундагы Савай айылындагы Таширов айыл чарба үрөнчүлүк кооперативи 130 га айдоо жерине пахта 47 га, күзгү буудай 71 га, жүгөрү 7 га айдаган жогорку сапаттагы үрөндөрдү пайдалануу менен натыйжалуулукка жетишүүдө. Каарман айылында "Асан-Ата" биогумус айыл чарба кооперативи жана күнөскана (башчысы Каримов Мамазакир). Кара-Суу мамлекеттик сорт сыноо участкасы (чарбалык эсепте ийгиликтүү иштейт, башчысы Садиров Жума) жылына 100дон ашуун эгиндин сортун сыноодон өткөрөт, Ноокат районунун Таштак айылында жайгашкан "Natural producns" ЖЧКсы заманбап жабдуу менен жергиликтүү алманы түз сыгып алуу жолу менен табигый ширелерди чыгарып, өлкөбүздүн ички жана ЕАЭБ рыногуна экспорттоо менен продукцияларын сатышууда. Мындай инвестициялык-инновациялык ишмердүүлүккө жетишкендерди башка аймактарга жайылтуу, айыл чарбасынын экономикасын туруктуу өсүшүнө оң таасирин тийгизет [132].

Ош облусунун Кара-Суу районунун Катта-Талдык айыл аймагына караштуу Катта-Талдык асыл тукум кой чарбачылыгында уяң жүндүү меринос койлорунун баш санын көбөйтүүгө аракет жасалууда. Койдун бул түрү айрыкча жүн багытында артыкчылыкка ээ жана тыбыттын бир килограммы 270-320 сомдон сатылат. Бул уяң жүндүү койлордун продукциясы эл аралык рынокто да жогорку талапка ээ жана чарбада баары болуп 3000 баш меринос койлору бар. Жыл сайын меринос койлоруна суроо-талап күчөп, 2021-жылы Кытайга 2,3 млн сомдук жүндү экспорттошкон.

Ноокат районунун Мирмахмудов айыл өкмөт*үндө* инвестициялар аркылуу жаңы цех ачып, кара жүндү кайра иштетишет. Айыл өкмөттүн *балансынан 1 миллионго жакын, Япониядан 4 миллион сомго жакын жардам алынып, «Асыл мал» муниципалдык цехи 2019-жылы ачылып, анда негизинен кара койдун жүнүн иштетишет* [117].

Акыркы кездерде аймактын айыл чарбасында агротуризм багытында инвестициялар иш жүзүнө ашууда. Кара-Суу районунун Бек-Жар айылында жеке ишкер Калматов Шабдан 500 мин доллардан ашуун жеке каражатын инвестициялоо менен сарай сатып алып, аны толугу менен модернизациялоо менен жылкы, кой, уйларды сатып алуу менен 2024-жылы май айында 3 кабаттан турган заманбап шарттагы эс алуу борборун ачты. Бул эс алуу борборунда 12 кааналуу төрт адамдык мейманканалар, эс алуучулар үчүн ашкана, боз уйлор, спорттук аянчалар бар. Эс алуучулар үчүн бээнин сүтүнөн саамал, кымыз, уй сүтүнөн сүт азыктары сунушталып, ат мингендер үчүн атайын аттар берилет жана табийгаттын кооздугу менен суктанып, тамактарды буйрутма кыла алышат. Бул эс алуу борборунун ачылган күнүнөн баштап кардарлар аябай көбөйүп, кирешелерди бере баштады. Ал эми анын ээси кирешенин эсебинен аны дагы кенейтип, жаны шарттар менен камсыз кыла баштады, мисалы форель балыгы, тамактардын жаны түрлөрү. Бул эс алуу борборун кыш мезгилинде дагы иштетип лыжа базасын ачууну пландаштырууда.

Изилдөө көрсөткөндөй, учурда Ош облусунун аймактарында айыл чарба субъектеринин- дыйкан фермердин айыл чарба өндүрүшүн натыйжалуу жана атаандаштык жөндөмдүүлүктү жүргүзүү үчүн кызыгуусу жана бул тармакта инновациялык иштерди жүргүзүү үчүн инвестиция кылып жатышат. Инвестиция үчүн өздөрүнүн менчик каражаттары жана тышкы булактардан капиталдарды табууга аракеттенип келишүүдө.

Биздин көз караш боюнча, КРнын Министрлер кабинети, Айыл чарба министрлиги, Экономика министрлиги, Инвестиция агенттиги, Ош облусунун жетекчилиги баш болуп биргеликте тыгыз иш алып баруу менен

аймактагы айыл чарба субъекттерине заманбап айыл чарба технологиялары жаатында берилген билимдин шайкеш келүүсүн камсыз кылуу, айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн чыныгы муктаждыктарын канаттандыру, айыл чарбасын инновациялык жол менен туруктуу өнүктүрүү багыттарын аныктоо алардын ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары болуп саналат. Бул үчүн Ош облусуна илимий-инновациялык жана инвестициялык процесстерди айыл чарбасында ашырууга Ош мамлекеттик университетинин алдында Агрардык инвестиция окуу борборун (АИОБ) түзүүнү сунуштайбыз. Себеби бул окуу жайда бул багытта 2023-жылы заманбап материалдык-техникалык базасы, ветеринардык лабораториясы, клиникасы бар заманбап 5 кабаттан турган корпус салынып айыл чарба жаатында тийиштүү деңгээлде тажрыйбалуу окумуштуулар, окутуучулар эмгектенишет. Фермер дыйкандарга сабактарды, практикалык иштерди өткөрүү үчүн тиешелүү аудиториялар, тажрыйба чарбалары, лабораториялар, компютердик класстар жана китепканалар бар.

Ош облусунун айыл чарбасынын потенциалын кенири колдонуу менен аны өнүктүрүү- аймактын экономикасынын негизги багыттарынан болуп саналат. Бул үчүн  тармакка кошумча каражаттарды тартуу менен инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу, инвесторлорго шарттарды түзүү, мамлекеттик колдоо көрсөтүү зарыл.

**2-бап боюнча корутунду**

1. Ош облусу өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө жана саясий турмушунда чоң роль ойнойт жана өзүнүн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орточо деңгээли бар аймактардын тобуна кирет.

Ош облусунун реалдуу  секторун анализдөө менен бул секторду мындан ары өнүктүрүү үчүн мамлекеттик программа аркылуу инвестицияларды тартууну жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну талап кыларын белгилеп кетишибиз керек.

2. Ош облусунун  аймактык дүн продуктусунун түзүмүндө агрардык сектордун үлүшү 42% түзөт. Облусттун бул  тармагынын түзүмүндө  негизги болуп дыйканчылык  саналат жана анын үлүшү 2022-жылы облусттун агрардык продукциясынын дүн чыгаруусунун көлөмүндө 51,0 % ти түздү (35891,6млн. сом.), ал эми мал чарбачылыгында  49,0 %  (34495,1млн. сом.) продукция өндүрүлдү.

Жалпысынан Ош облусунун айыл чарбасын талдоо менен аймакта интеграциялык процесстер калыптана башталып, айыл чарбасынын салттуу тармактарынын өнүгүү тенденциясы тармактын чоң запастык курамындагы жана иштетилбеген өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн бар экендигин айгинелейт. Аймактын шартында облусттун агроресурстук потенциалын натыйжалуу колдонуу менен айыл чарба өндүрүшүнө инновациялык негизде өнүктүрүү үчүн инвестицияларды тартуу учурдагы негизги маселелерден болуп саналат.

3. Айыл чарбасынын өнүгүүсүндө инвестициянын ролу аябай чоң. Негизи айыл чарба тармагы мамлекеттик колдоону жана кошумча каражаттарды талап кылган тармак болуп саналат.

Туура багытта түзүлгөн жана жүргүзүлгөн инвестициялык саясаттын негизинде гана экономиканын айыл чарбасы туруктуу өнүгүүгө жетише алат, бул тармакка инновацияларды кийрүүгө, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жана технологиялык базасын жаңыртууга көмөктөшөт. Жыйынтыгында айыл чарба продукциясынын натыйжалуулугу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгү жогорулайт.

Ош облусунун  айыл чарбасында негизги капиталга инвестициялар боюнча беш жылда динамикасы 19,1% га өстү. Жалпы КР менен салыштырсак Ош облусунун салыштырмалуу салмагы 2022-ж. 8,6 % ды түздү. Бул багытта көрсөткүч өтө начар экени байкалып турат жана тиешелүү иштерди жасоону талап кылат

# 3-БАП

# ОШ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЖАГЫМДУУЛУКТУ ЖАКШЫРТУУ ЖОЛДОРУ

## 3.1. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо жолдору

Ош облусунун экономикасынын айыл чарбасы айылчарба продукциялары менен өз алдынча камсыз кылууга багытталган. Облусттун айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн приоритеттик багыттарын аныктоо менен учурдагы негизги милдет катары калкты негизги азык түлүк продуктылары менен камсыз кылуу үчүн азык түлүк продукцияларынын жана айыл-чарба чийки заттарынын зарыл болгон запастарын түзүү болуп эсептелинет.

Өзгөчө айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларга чоң көңүл бөлүш керек, ал үчүн: инвестициялык саясатты, алгач материалдык-техникалык базаны реконструкциялоо жана жанылоо зарыл; облустта жетишерлик денгээлде болгон сырьего карата жаны продукцияларды – жашылча-жемиш консервалары, тез тондуруулучу жана кургатылган продукцияларды чыгарууну жолго салуу.

Ош облусунун агрардык реформаны мындан ары иш жүзүнө ашыруу жана керектөөчүлөрдү жогорку сапаттагы продукция менен камсыз кылуу үчүн жетишерлик потенциалга ээ, бирок азыркы экономикалык шарттарда рыноктук реформаларды ишке ашыруу бир катар факторлор менен тоскоол болууда, алардын ичинен эң көрүнүктүүлөрү:

- басымдуу жерлерди кайра иштетүү, жердин тартыштыгы;
- айыл чарба багытындагы пайдалануудан алынган жерлер;
- пайдаланылбаган террассалуу жана жантайма жерлердин чоң аянттары;
- айыл жергесинде жашаган калктын жогорку жыштыгы, өлкөнүн орточо көрсөткүчүнөн ашат;
- табигый-климаттык тоо шарттарына байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнүн жана айыл калкынын бирдей бөлүштүрүлбөгөндүгү.

Ош облусунун агроөнөр жай чөйрөсүнүн учурдагы абалына баа берүү, анализдөөнүн жана аны өнүктүрүүнүн келечектерин изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде продукциянын жана сырьенун ички рыногун өнүктүрүүнү жана кеңейтүүнү камсыз кылуунун негизги артыкчылыктары, о.э. кошуна аймактарга жөнөтүү, анын ичинде:

- айыл чарбасын өнүктүрүүнүн республикалык, аймактык жана аймактар аралык программаларын иш жүзүнө ашыруунун негизинде калкты азык-түлүк менен жетиштүү санда камсыз кылуунун натыйжалуу системасын иштеп чыгуу;

- агрардык чөйр менен өнөр жай ортосундагы тең укуктуу мамилелерди жана алмашууну укуктук жана экономикалык жөнгө салуунун натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу;

- агрардык экономикада бюджеттик, баа, насыя, инвестициялык, бажылык, камсыздандыруу жана лицензиялык жөнгө салуучу каражаттарын колдонуу;

- агроөнөр жай чөйрөсүнүн түзүмүн модернизациялоо жана аны интеграция жана ааламдашуу шарттарында турукташтыруу факторлорун аныктоо;

- азык-түлүк рыногунда атаандаштыкты камсыздоо, сапаттуу рыноктук инфраструктураны калыптандыруу;

- айыл чарба чөйрөсүндө ишкердикти өнүктүрүү, чарба жүргүзүүнүн инновациялык уюштуруу-укуктук формаларын түзүү аркылуу агроөнөр жай чөйрөсүнүн түзүмүн кайра түзүп чыгуу;

- бүткөрүлгөн өндүрүштөрдү түзүү жана бул аркылуу айыл чарба чийки заттарын толук кандуу кайра иштетүүнү камсыздоо;

- агроөнөр жай чөйрөсүн тейлеген ишканаларды монополиядан чыгаруу, анын негизинде атаандаштык чөйрөнү калыптандыруу;

- айылдан шаарга жана тескерисинче миграциялык агымдарды мамлекеттик жөнгө салуунун механизмдерин өркүндөтүү;

- айылдык товар өндүрүүчүлөрду агросервистик жана кайра иштетүүчү ишканаларды акционерлештирүүгө катышуусу, ошону менен кайра өндүрүүчү- рыноктук түзүмдөрдү түзүү;

- айыл жергелериндеги социалдык маселелерди чечүү, аны социалдык жактан кайра түзүү, шаар менен иштөө жана жашоо үчүн бирдей шарттарды түзүү.

Биздин көз караш боюнча, өлкөбүздөгү тарыхый салттарды жана реалдуу экономикалык шарттарды, о.э. агроөнөр жай чөйрөсүндө материалдык-техникалык базанын түзүлгөн түзүмүн эске алуу менен коомдук коопсуздукту жана жеке менчиктин натыйжалуулугун бир эле мезгилде айкалыштырган менчиктин акционердик, кооперативдик жана арендалык формалары алда канча келечектүү болуп саналат. Мунун негизги шарттары катары тандоо эркиндиги, иштеп жаткан чарбалык түзүмдөрдөн чыгууга жана жаңы түзүлүп жаткандарга эркин бирикмелерге жол берүү, дыйкандын жерге жана өндүрүш каражаттарына укуктарын кепилдөө.

Айыл жергесиндеги товар өндүрүүчүлөрүнө экономикалык жактан көбүрөөк өз алдынчалыкты, насыяларга жана ресурстарга эркин жетүүнү камсыз кылуу керек, бул өз кезегинде агрардык өндүрүштү толук коммерциялаштыруу менен калыптандырууну болжолдойт. Натыйжада кызматкерлердин жаны мотивациялары пайда болот, өз алдынча товар өндүрүүчүлөр калыптанат, өндүрүш каражаттарына жана жерге менчик мамилелери өзгөрөт, ал акыр-аягында айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн менчигине айланат. Биз Ош облусундагы агрардык чөйрөдөгү экономикалык байланыштарды жакшыртуу процессинде кооперативдерди жана бирикмелерди өнүктүрү аркылуу аларды натыйжалуу өндүрүшкө айландыруу зарыл деп эсептейбиз.

Ош облусунун кээ бир райондорундо эмгек ресурстарынын ашыкча болушуна, отурукташуудагы айырмачылыктарга жана кайра иштетүүчү жерлерди пайдалануунун болуусуна байланыштуу узак мөөнөткө ижарага алуу жана мурастык жерге ээлик кылуунун негизинде дыйкан (фермердик)

чарбаларды чындоого бардык мүмкүнчүлүктөр бар. Облуска мүнөздүү жерлердин тартыштыгынан улам айыл чарба жерлерин бекер сатып алуу жана сатуу мүмкүн эмес. Менчиктештирилген өнөр жай ишканаларынын карамагындагы жерлер узак мөөнөткө ижарага, менчикке же пайдаланууга берилиши мүмкүн.

Жер реформасын жүргүзүүнүн жүрүүсүндө жаңы менчик ээлерине, ижарачыларга же пайдалануучуларга мамлекеттик актылар чыгарылганга чейин айыл чарба багытындагы жерлер жер участокторун менчикке өткөрүү укугу берилген жергиликтүү администрацияларга караштуу атайын жер фондуна өткөрүлүп берилүүгө тийиш, ал эми кийинчерээк алардын рыноктук жүгүртүүсүн көзөмөлдөшөт.

Ош облусундагы агрардык реформаларды өркүндөтүү багыттарын сунуштап, биз мамлекеттин кирешесинин негизги булагы жер рентасы болууга тийиш экендигине таянып, бул каражаттар аймактарды социалдык өнүктүрүүгө, кыртыштын асылдуулугун жогорулатууга, жерге жайгаштыруу, мониторинг жана жер кадастрына багытталган чараларды каржылоого жумшалышы мүмкүн. Республикалык бюджетти жердин ижара акысынын эсебинен түзүү участоктордун ижара мөөнөтү боюнча маселелерди чечүүнү, аларга экспертиза жүргүзүүнү, о,э. жерге укук системасын өнүктүрүүнү камтыйт.

Изилдөө көрсөткөндөй, агроөнөр жай чөйрөсүнүн ишканаларынын натыйжалуу иштөөсү үчүн renталык акы төлөөнүн аймактык фондуларын түзүү зарыл, алардын негизги милдети жагымсыз табигый, сырьелук жана экономикалык шарттарда иштеп жаткан айыл чарба ишканаларын өнүктүрүнү  каржылоо болуп саналат. Ошону менен бирге өлкөнүн аймактарын жана айрым чарбаларын ресурстук потенциалга жана адистештирүүнүн деңгээлине жараша дифференциялоо зарыл. Мындан тышкары жер мамилелерин экономикалык жактан жөнгө салуу үчүн иштетилген жер ресурстары жүгүртүүгө киргенде алардын наркын эсепке алуу зарыл. Жер менчигин андан ары менчиктештирүүдө, биздин көз

карашыбызда, агрардык өндүрүшкө зыян келтирбөө үчүн жерди жеке менчикке берүү үчүн майда участокторго бөлүүгө болбойт. Жер үлүшү бар агроөнөр жай ишканасынан чыгууда биринчи кезекте түзүлүп жаткан ишкананын – кооперативдин, акционердик коомдун же шериктештиктин өндүрүштүк жана технологиялык бүтүндүгүн эске алуу зарыл.

Ош облусундагы агрардык кайра куруулар жана жер реформасы өлкөнүн агроөнөр жай чөйрөсү жана өзгөчө айыл чарбасы үчүн укуктук негизди түзгөн түрдүү мыйзам актыларына негизделген. Бүгүнкү күндө агрардык чөйрөнү реформалоону мындан ары иш жүзүнө ашыруу үчүн мыйзам актыларын даярдоо улантылууда, бул азык-түлүк дүң базарларын, республикалык жана аймактык агрардык рынокторду калыптандыруу, агроөнөр жай чөйрөсүнө жана калктын көмөкчү айыл чарба өндүрүшүнө инвестициялар жөнүндө; камсыздандыруу жана кайра иштетүү абалы жөнүндө республикалык мыйзамдардын жоктугунан улам кедергисин тийгизүүдө. Изилдөө жыйынтыктары көрсөткөндөй, агроөнөр жай чөйрөсүнүн стратегиялык өнүгүүсү анын ички потенциалын натыйжалуу иш жүзүнө ашыруу менен гана эмес, мамлекеттик колдоонун сапаты менен дагы аныкталат.

Диссертациялык иште агроөнөр жай чөйрөсүн жана айыл чарбасын өнүктүрүүнү жөнгө салууга жана бюджеттик колдоого мамлекеттин катышуусунун концептуалдык моделин сунуштадык (3.1-сүрөт).




3.1-сүрөт – **Агроөнөр жай чөйрөсүндө жана айыл чарбасында инвестициялык-инновациялык процесстерди мамлекеттик жөнгө салуу механизминин модели**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Агроөнөр жай чөйрөсүндө жана айыл чарбасында инвестициялык-инновациялык процесстерди жөнгө салууну мамлекеттик колдоонун конкреттүү багыттары жана функциялары 3.2-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Диссертациялык иш облустун агроөнөр жай чөйрөсүн, айыл чарбасын жана айыл аймактарын стратегиялык инвестициялык-инновациялык өнүктүрүү боюнча иш-чараларды иш жүзүнө ашыруу мезгилине активдүү мамлекеттик колдоонун жана жөнгө салуунун максатка ылайыктуулугун негиздейт.




3.2-сүрөт – **Агроөнөр жай чөйрөсүндө жана айыл чарбасында инвестициялык-инновациялык процесстерди мамлекеттик колдоонун багыттары жана функциялары**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Агроөнөр жай чөйрөсүндө инвестициялык-инновациялык процесстерди өркүндөтүү артыкчылыктуу чечимдерди талап кылган көптөгөн көйгөйлөрдү жаратат. Илим менен техниканын жетишкендиктерин кийрүү салттуу айыл чарба продукциясы үчүн да, о.э. илимий-техникалык жаңылыгы бар жана калктын коомдук керектөөлөрүн канааттандыруучу продукциянын мындай түрлөрүн өндүрүү үчүн да жаңы технологияларды түзүүнү, иштеп чыгууну, кийрүүнү жана жайылтууну камтыган инновациялык процесстин компоненттеринин бири гана экени айдан ачык. Агроөнөр жай чөйрөсүнө инвестицияларды жана инновацияларды кийрүүнүн алдыңкы уюштуруучулук-экономикалык факторлоруна илим менен өндүрүштүн өз ара аракеттенүүсүн оптималдаштыруу механизми

менен байланышкан факторлор кирет. Бүгүнкү күнгө чейин илим менен өндүрүштүн өз ара аракеттенүүсүнүн негизги уюштуруу формалары айыл чарба жана агроөнөр жайлык интеграциялык түзүмдөр: илимий-өндүрүштүк бирикмелер, агроөнөр жай чөйрөсүнн ресурстарын жана өндүрүштүк резервдерин кооперациялоо жана интеграциялоо максаттарын көздөгөн илимий-өндүрүштүк жана өндүрүштүк системалар болгон. Бул көпчүлүк инновациялык долбоорлор өндүрүштү концентрациялоонун жана адистештирүүнүн салыштырмалуу жогорку деңгээлинде гана ишке ашыруудан максималдуу натыйжага жетишүүсү менен түшүндүрүлөт [40, 41].

Агроөнөр жай чөйрөсүн жана айыл чарбасын индустриялаштыруу, алдыңкы тажрыйбага жана инновациялык технологияларга басым жасоо, кадрларды жаңыртуу бул процесстерге илим менен билим берүүнүн катышуусусуз элестетүү мүмкүн эмес. Бүгүнкү күнгө чейин мындай өз ара кызыкдар кызматташтык толук кандуу уюштурула элек. Мунун себептеринин бири жер мамилелеринин жеке менчик үстөмдүк кылуу менен курулуусу болуп саналат. Диссертациялык иште кызматташтыктын бардык катышуучуларынын кызыкчылыктарын стимулдаштырган агробизнестин, илимдин жана билим берүүнүн субъекттеринин өз ара аракеттенүүсүнүн моделин иштеп чыктык. Моделди куруунун негизги принциби – жеке кызыкчылыктардан коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын үстөмдүк кылуусу (3.3-сүрөт).




3.3-сүрөт – **Агроөнөр жай чөйрөсүнүн субъекттеринин, илим жана билим берүүнүн ортосундагы стимулдаштыруучу өз ара аракеттенүүнүн модели**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Ош облусунун агроөнөр жай чөйрөсүнүн экономикалык абалына болгон анализибиз бизди аймактын агроөнөр жай чөйрөсүн инвестициялык-инновациялык өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо зарылдыгына алып келди.

Айыл чарбасынын инвестициялык ишмердулугун жакшыртуунун маанилүү багыты катары тармактык илимий мекемелердин ишинин жыйынтыгы, илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу жана айыл чарба илимин өнүктүрүүнүн эң артыкчылыктуу багыттарынын көлөмүн көбөйтүү, өндүрүштүн өсүшүн камсыз кылуу үчүн жогорку сапаттагы инновацияларды тездетүү болуп саналат. Өлкөнүн туруктуу экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуучу инструменттердин бири болгон ИДП, тактап айтканда, Кыргызстандын социалдык-экономикалык потенциалын жогорулатуу, өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, коопсуздуктун бардык

түрлөрүн камсыз кылуу, о.э. калктын өлкөнүн эмгекти дүйнөлүк бөлүштүрүүдө бирдей катышуусун камсыз кылуу.

Инвестициялык активдүүлүктүн дагы бир багыты катары өндүрүштүн техникалык жана технологиялык деңгээлин жогорулатуу болуп саналат.

Атаандаштыкка жөндөмдүү айыл чарба продукциясын алуу үчүн эмгекти жеңилдетүүгө, анын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, продукциянын сапатын жакшыртууга тийиш болгон жаңы, алда канча өркүндөтүлгөн машиналарды, приборлорду жана айыл чарба жабдууларын сатып алуу же иштеп чыгуу керек, ал үчүн инновацияны жана инвестициялык механизмдерди өнүктүрүү зарыл.

Продукциянын сапатын жогорулатуу – адамдардын жогорку турмуш денгээлин камсыз кылуунун зарыл шарты экендигин белгилөө керек. Өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда, жаңы, түшүмдүү жана сапаттуу сортторду түзүүдө генетикалык селекциялык технологиялар өзгөчө маанилүү роль ойнойт. Генетика жана селекциянын өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга кошкон салымы, мисалы, жүгөрү үчүн АКШда 90% жетти; Англияда кышкы кара буудай үчүн – 86%.

Инвестициялык климат ишканалардын каржылык абалынан көз каранды, ишканалардын өзүн актоо денгээли жогору болсо, инвестициялык жагымдуулугу ошончолук жогору болот. Бирок инвестициялар материалдык-буюмдук мүнөздөмөсү да бар, ал жогорку өндүрүмдүүлүк, жогорку тактык үчүн технологияны жана жабдууларды түзүүгө чейин жетет.

Мына ошентип, аймактар үчүн аймактык инновациялык жана инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана иш жүзүнө ашыруу учурдун эң маанилүү көйгөйү болуп саналат. Мындан улам инвестициялык жана инновациялык активдүүлүктү жогорулатууга жана аймактын айыл чарбасын инвестициялык-инновациялык өнүктүрүүнү жакшыртууну камсыз кылууга жөндөмдүү инновациялык жана инвестициялык механизмдерди өнүктүрүү зарыл. Мамлекеттик деңгээлде иштелип чыккан инвестициялык-инновациялык өнүктүрүү программасынын негизинде инвестициялык-

инновациялык долбоорлор түрүндө аймактардын жана ишканалардын деңгээлинде программалар иштелип чыгышы керек, алардын жардамы менен инновациялык продукт түзүлөт.

Айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программаларын практика жүзүндө ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

1. Төмөнкү факторлор болгондо инвестицияларды иш жүзүнө ашырууну камсыз кылуу: экономикалык максатка ылайыктуулугу, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү, инновациялык продукцияга рыноктун суроо-талабы, инвестицияларды иш жүзүнө ашырууга катышууга жөндөмдүү жана даяр квалификациялуу кадрлардын болуусу, инвестициялык продукцияларды, соода жана транспортту жарнактоо үчүн инфраструктуранын даярдыгы.

2. Инвестициялык өнүгүүнүн инфраструктурасын түзүү:

• инвестицияларга буйрутмаларды пландаштыруу жана калыптандыруу механизмдери;

• илимий-изилдөө институттары – иштеп чыгуучулар;

• PR кампаниясын жүргүзүүгө жөндөмдүү персонал;

• маалыматтык жана телекоммуникациялык тармактар.

3. Инвестициялык трансфер тармактарын жана алардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү системаларын уюштуруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

• технологияларды трансферттөө боюнча улуттук жана эл аралык тармактарды түзүү;

• азгыруучу, бирок тобокелдүү долбоорлорду иш жүзүндө сынап көрүү үчүн венчурдук фирмаларды түзүү;

• бизнес-инкубаторлор;

• илимий-техникалык союздарды жана консорциумдарды уюштуруу;

• агротехнопарктар.

Инвестициялык долбоор процессти башкаруунун өз алдынча объектиси катары төмөнкүлөрдү болжолдойт:

- инвестициялык иш-чараларды координациялоо үчүн жогорку деңгээлдеги борбордук кызматтарды, жаңы айыл чарба продукциялары боюнча бөлүмдөрдү түзүү;

- жаңы атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны иштеп чыгуу үчүн максаттуу долбоордук топторду же борборлорду бөлүү;

- өндүрүштүк илимий-изилдөө бөлүмдөрүнүн, лабораториялардын, илимий борборлордун инвестициялык ишмердүүлүк менен алектенген бөлүмдөрүнүн ролун жогорулатуу;

- инвестицияларды стимулдаштыруу үчүн венчурдук бөлүмдөрдү жана атайын фонддорду түзүү;

- инновациялар чөйрөсүндө консультациялык жардам көрсөтүү үчүн илимий-изилдөө институтунун борборун түзүү;

- атаандаштыкка жөндөмдүү айыл чарба продукциясын өндүрүү көйгөйлөрү боюнча атайын тармактык лабораторияларды түзүү.

Инвестициялык моделдер айыл чарба продукцияларын сатуунун жаны техникасын, технологиясын жана уюштуруу формаларын колдонууга негизделген. Бул үчүн айыл чарбасын чет өлкөлүк өндүрүштөгү заманбап техникалар менен камсыз кылуу зарыл.

Агрардык секторду өнүктүрүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуунун негизги принциби айыл чарба кайра куруулар системалуу, жөнгө салынуучу мүнөзгө ээ болууга тийиш экендиги менен шартталган. Бул учурда товар өндүрүүчүлөргө экономикалык таасир көрсөтүү саясатын иш жүзүнө ашыруу маанилүү. Түзүмдүк, институционалдык жана технологиялык кайра түзүүлөр, о.э. аймактын агрардык рыногун этап менен калыптандыруу максатка ылайыктуу, анын ичинде:

1) агроөнөр жай чөйрөсүндө түзүмдүк саясатты өркүндөтүү;

2) жер реформасын оптималдаштыруу, аны иш жүзүнө ашыруунун экономикалык механизмин иштеп чыгуу;

3) инвестициялык, түзүмдүк, баа жана салык саясатын өркүндөтүү;

4) агроөнөр жай комплексинин ишканаларын андан ары модернизациялоо жана айыл жерин социалдык жактан өнүктүрүү.

Ош облусунда инвестициялык саясатты иш жүзүнө ашыруу капиталдык салымдарды биринчи кезекте агроөнөр жай чөйрөсүнүн ишканаларын реконструкциялоого жана техникалык жактан кайра жабдууга, айыл чарба орто жана чакан ишканалардын продукцияларын кайра иштетү жана сактоо боюнча жаны өндүрүштүк кубаттуулуктарды түзүүгө, айылдык курулушту өнүктүрүү, айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртууга багыттоону карайт. Ошону менен бирге, биздин оюбузча, төмөнкү маселелерди чечүү зарыл:

- кайра иштетүүчү ишканаларды чийки заттык зоналарга жакындатуу;

- көчмө жана стационардык цехтерге же орточо жана аз кубаттуулуктагы заводдорго арналган жабдууларды чыгарууну көбөйтүү, аларды куруу үчүн жеңил курама конструкцияларды чыгарууну түзүүгө;

- банктык насыялардын жана өздүк булактардын эсебинен кооперациянын негизинде агротехникалык тейлөө, кайра иштетүү жана маркетинг боюнча чакан жана орто ишканаларды түзүүгө;

- айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана сактоо боюнча ишканаларды модернизациялоо, жол түйүнүн жана энергетикалык коммуникацияларды өркүндөтүү;

- агроөнөр жай чөйрөсүнүн бардык тармактарын индустриалдык технологияларга өткөрүү;

- айыл чарба субъекттерин рыноктук шарттарга ылайыкташтыруу;

- аймакта айыл чарба өндүрүшү үчүн чакан жабдууларды чыгарууну жана айыл калкы үчүн жергиликтүү курулуш материалдарынан аз кабаттуу үйлөрдү конкурстук негизде курууну жолго салуу.

Агрардык чөйрөнүн ишканаларын түзүмдүк кайра курууга инвестиция салуу инвестициялык салык насыяны берүүнү жана активдүү өндүрүштүк каражаттарды тездетилген амортизациялоонун ченемдерин киргизүүнү камтыйт.

Ааламдашуу жана интеграция шарттарында өлкөнүн агроөнөр жай чөйрөсүнө инвестициянын булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет: пайызсыз насыялар; максаттуу банктык депозиттер, негизинен продукциясын экспортко чыгаруучу ишканаларга насыя берү үчүн; ипотекалык насыялоо; лизинг; чарбалардын менчик каражаттары; мамлекеттик маанидеги ири объектилерди жана курчап турган чөйрөнү коргоо чараларын куруу үчүн бюджеттен каржылоо; баалуу кагаздар жана облигациялар; атайын каражаттардын фонддору ж.б.

Агроөнөр жай чөйрөсүнө инвестициялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн аймактык жана республикалык керектөөлөр үчүн продукция өндүрүүчү айыл чарба ишканаларынын инвестицияларын өнүктүрүү мезгилине киреше салыгы боюнча жеңилдиктерди киргизүү, мезгил үчүн инвестициялардын эсебинен түзүлгөн өндүрүштүк кубаттуулуктарды өнүктүрүү үчн пайданын пайыздык ставкаларын төмөндөтүү зарыл.

Өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн жана сапатынын өсүүсүнө жана алардын атаандаштыка жөндөмдүүлүгүн көбөйтүүгө алып келүүчү заманбап технологияларды кийриген айыл чарба субъекттерине, анын суммасы техникалык модернизациялоо программаларынын алкагында сатып алынган жабдуулардын наркынын бир бөлүгү болушу мүмкүн болгон инвестициялык салык насыясы берилүүгө тийиш. Инвестициялык насыяны жабуунун графигин насыяны пайдалануучу агроөнөр жай чөйрөсүнүн субъекти пайданын өсүү динамикасына пропорционалдуу түрдө суммаларды көбөйтүү менен зыянсыздык чекин жеңген учурдан тартып түзүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Инвестициялык активдүүлүктү стимулдаштырган жеңилдиктерди алуу алардын максаттуу колдонушун көзөмөлдөө менен коштолууга тийиш.

Агроөнөр жай чөйрөсүндө инвестициялык-инновациялык ишмердүүлүктү башкаруу көп баскычтуу система болуп саналат, анын максаттары жана милдеттерине: стратегияларды жана программаларды

иштеп чыгуу, бирдиктүү инновациялык саясатты жүргүзүү; инновациялык процесстерди кадрлар менен камсыздоо; инновациялык долбоорлорду ресурстар менен камсыздоо (анын ичинде финансылык жана маалыматтык); инновациялык долбоорлорду тандоо жана кийирүү; инновациялык инфраструктураны түзүү; инновациялык ишмердүүлүккө мониторинг ж.б. кирет.

Диссертациялык изилдөөдө инвестициялык-инновациялык процесстерди башкаруунун менеджменти көйгөйүнө маанилүү орун берилген. Бул маселе боюнча диссертациялык иштин жыйынтыгы катары иштелип чыккан корпоративдик менеджментти калыптандыруу модели эсептелет (3.14-сүрөт)




3.4-сүрөт – **Агроөнөр жай чөйрөсүнүн инвестициялык-инновациялык процесстеринин менеджментинин модели**

*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Инвестициялык-инновациялык жана өндүрүштүк чөйрөлөр ортосундагы мамилелердин тереңдеп бараткан кризисинин шартында агроөнөр жай чөйрөсүнүн илимий потенциалын сактоо жана анын калкты азык-түлүк менен камсыз кылуунун абалын турукташтырууга таасирин күчөтүү үчүн бюджеттик каражаттардын кескин жетишсиздиги, активдүү илим менен өндүрүштү алда канча терен жана натыйжалуу интеграциялоонун азыркы экономикалык шарттарга адекваттуу жаны жолдорун издөө зарыл. Илимий-өндүрүштүк системада ички жана тышкы байланыштарды өркүндөтүү, “изилдөө – иштеп чыгуу- иш жүзүнө ашыруу” инновациялык процесстин бардык циклдерин ишке ашырууну камсыз кылуучу уюштуруу түзүмдөрүнүн формаларын өнүктүрүү жана кеңейтүү зарыл. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, илимий-өндүрүштүк бирикмелер агроөнөр жай чөйрөсүнүн экономикасында интеграциялык жана инновациялык түзүмдөрдү түзүүнүн негизи болуп саналат.

Ош облусунун администрациясына айыл-чарбасында инвестициялык жагымдуулукту өнүктүрүү үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- аймакта ишмердүүлүгүн жүргүзгөн айыл чарба ишканаларын модернизациялоого инвестиция салуу үчүн коммерциялык банктардан жана лизингдик компаниялардан тартылган финансылык каражаттардын көлөмүн көбөйтүүгө көмөк көрсөтүү;

- аймактын айыл чарбасын модернизациялоо, реконструкциялоо, о.э. жаңы ишканаларды түзүү максатында инвестициялык ресурстарды тартууга, инвесторлорду мамлекеттик колдоо чараларынын максималдуу спектри менен камсыз кылуу;

- областтын айыл чарба ишканалары үчн зарыл инженердик жана чарбалык инфраструктураны түзүүнү камсыз кылуу

Ош облусунун аймактык инвестициялык саясатынын максаты 2030-жылга чейин АДПнын пропорционалдуу ылдам өсүшүн камсыз кылуу үчүн аймактын экономикасына инвестициялардын көлөмүн бир нече эсеге көбөйтүү болуп саналат.

Ош облусунун инвестициялык стратегиясынын максаттарынын бири айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн инвестициялык ресурстарды тартууну камсыз кылуу жана инвесторлорду мамлекеттик колдоо чараларынын кеңири спектри менен камсыз кылуу болуп саналат.

Аймактын айыл чарба ишканалары үчүн финансылык ресурстарды тартуунун негизги булактары, биздин оюбузча, инвестициялык саясаттын пайдалуу инструменти катары лизинг жана кийинчерээк пайыздык ченди субсидиялоо менен инвестициялык насыя болууга тийиш. Биздин көз караш боюнча, айыл чарба рыногунун бардык катышуучулары үчүн насыялык ресурстардын болушун камсыз кылуу учун райондук, областтык кооперативдерди бириктирген өз алдынча түзүм катары айылдык насыялык кооперацияны өнүктүрүү зарыл.

Инвестицияларды каржылоонун дагы бир маанилүү булагы – ар кандай деңгээлдеги бюджеттерден түшкөн каражаттар болуп саналат. Бюджеттик каржылоо конкурстук негизде жогорку натыйжалуу инвестициялык долбоорлорду финансылык колдоо түрүндө, о.э. мамлекеттик инвестициялык программаларды борборлоштурулган каржылоо (жарым-жартылай же толук) гранттар жана субсидиялар аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн.

## 3.2. Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясы

Ош облусунда инвестициялык ишмердүүлүк биринчи кезекте бул тармактын инфраструктурасын калыптандырууну жана тиешелүү каражат булактарын табууну талап кылат. Албетте бул үчүн өкмөт жана жергиликтүү бийлик органдарынын олуттуу кийлигишүүсү жана колдоосу дагы маанилүү болуп саналат.

Ааламдашуу процесси жана интеграция шартында аймактык экономиканын туруктуу өсүүсүнө агрардык сектордун натыйжалуу өнүгүүсү жана өндүрүлгөн продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгү зор салымын кошот. Ошол үчүн бул тармак өкмөтүбүз белгилегендей приоритеттүү

тармактардан экендиги талашсыз. Инвестициялык ишмердүүлүктү иш жүзүнө ашырууда айыл чарбасынын жетекчилиги алардын продукцияларынын жана кызмат көрсөтүүлөрунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө, иштин натыйжалуулугуна жана экологиялык кырдаалды жакшыртууга тийгизген таасирин эске алуусу керек.

Инвестиция жараяны башкаруу жагынан да, күч-аракет көлөмүнөн да башкарылуусу зарыл. Аймактарда райондук денгээлде ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн айыл чарбасын өнүктүрүү департаменттери өзүнүн саясатында төмөнкүлөргө көнүл буруп жана уюштуруу керек:

- максаттарды койо билүү (стандарттар, ченемдер, регламенттер);
- бекитилген параметрлерди дайыма өлчөй билүү;
- өлчөнгөн маанилерди белгиленгендер менен салыштыра билүү;
- түзөтүү чараларын көрө билүү.

Бул айтылгангдарга байланыштуу, инвестицияларды иш жүзүнө ашыруу жараянын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон негизги укуктук норма документтеринин тутумун иштеп чыгуу менен бирге айыл чарбасынын бардык тармактары боюнча инновациялык бизнес долбоорду иштеп чыгуу өтө маанилүү болуп саналат.

Инвестициялык идеяларды калыптандыруу этабы иштелип чыккан иш-аракеттердин планы катары түшүнүлөт. Бул этапта, алгач, идеяны иштеп чыгуучунун ишкердүүлүк чечимдерине ылайык инвестициялоонун субъекттерин жана объектилерин, алардын формаларын жана булактарын аныкташ зарыл. Учурда көптөгөн айыл чарба субъектилери жаңы технологиялык продукцияга, жаңы технологиялык түзүмгө өтүү зарылчылыгы астында турушат.

Демек, ири түзүмдөр гана эмес, айыл чарбасында чакан, орто бизнес да өз максаттарына жана учурдагы кырдаалга таянуу менен, өздөрүнүн илимий-техникалык саясатын иштеп чыгуулары зарыл болуп саналат. Алардын максаттары жана стратегиялары сөзсүз түрдө илим жана техниканын

жетишкендигин инвестициялар үчүн колдонуу мүмкүнчүлүгү менен салыштырылуусу керек.

Заманбап шарттарда инвестициялар айыл чарбасынын экономикасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоочу факторго айланууда. Инвестицияларды динамикалык өнүгүүсу үчүн толук пайдалануу мамлекет максаттуу инвестициялык саясат жүргүзгөн учурда гана мүмкүн болот.

ИИТКИге сарптоолордун түзүмү негизги экономикалык субъектилердин – мамлекеттин жана жеке ишкердик секторунун салымдарынын илимий-техникалык чөйрөнү каржылоонун жалпы көлөмүндө үлүшүн аныктайт. Жалпы жеке капиталдардын үлүшү канчалык көп болсо, инвестициялык инфраструктуранын аткарган кызматтары ошончолук өнүккөн жана натыйжалуу болот.

Өнүккөн өлкөлөрдө ИИТКИге сарптоолордун жалпы көлөмүндөгү жеке капиталдын үлүшү ар кандай, бирок, эреже боюнча, ал 70% дан кем эмес. Мисал келтирсек, АКШда илимий сектордогу жеке сектордун инвестицияларынын үлүшү 75%, Япония - 98, Германия - 90, Италия - 78%, Франция - 75, Улуу Британия - 69%. ИДПга киргизилген инвестициялык продукциянын салыштырма салмагы экономикада инвестициялык процесстердин интенсивдүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Инвестицяинын негизинде инновациялык продукциялардын үлүшү жогору болгон сайын, жаңы идеяны белгилүү бир продукцияга трансформациялоо тездетилет жана тиешелүү түрдө инвестициялык инфраструктуранын аткарган кызматы ошончолук натыйжалуу болот. Бирок, бул көрсөткүчтү эсептөөдө көбүнчө керектүү статистикалык маалыматтар базасынын жоктугунан улам татаалдашат, бул, биздин көз караш боюнча, продукциянын тигил же бул түрүн инновациялык деп классификациялоонун критерийлерин түзүү көйгөйү менен байланыштуу болот.

Инвестициялык стратегияны айыл чарбасында ишке ашыруунун финансылык-экономикалык механизмине төмөнкүлөр кирет:

- коммерциялык маанидеги жогорку натыйжалуу колдонмо илимий-техникалык иштеп чыгууларды, о.э. мамлекеттик субсидияларды, гранттарды, кайтарымдуу каржылоону пайдалануну;

- аймактар аралык жогорку технологиялык мааниге ээ инвестициялык программаларды жана долбоорлорду колдоону;

- илимди көп талап кылган жогорку технологиялык өндүрүшкө инвестиция кылышкан инвесторлорду колдоо жана кубаттоо;

- жогорку технологиялык уникалдуу жабдууларды алууда лизингди пайдаланууну иштеп чыгуу;

- эл аралык коммерциялык стандартга ылайык инновациялык продукцияларды өндүрүүчү чет элдик инвесторлор үчүн сызыктуу эмес амортизацияны киргизүүнү (негизги капиталды сатып алгандан кийинки алгачкы жылдары алардын наркынын көпчүлүгү эсептен чыгарылганда);

- инвестициялык долбоорлорду жана алардын аткаруучуларын тандоонун атаандаштык системасын өркүндөтүү, салыштырмалуу чакан натыйжалуу жана тез кайтарымдуулукту камсыздоочу инновациялык долбоорлордун экономиканын тармактарында иш жүзүнө ашыруунун үлүшүн көбөйтүү;

- бюджеттик каражаттар аркылуу жүргүзүлүп жаткан инвестициялык долбоорлорду иш жүзүнө ашырууга багытталган келишимдик системаны түзүү жана иштеп чыгуу;

- илимий-техникалык жана инвестициялык долбоорлорду иш жүзүнө ашыруу боюнча сынактарды жарыялаганда чакан инновациялык ишкердикке бюджеттик каржылоонун квотасын берүүну камтыйт.

Айыл чарбасында инновациялык долбоорлорду өнүктүрүүгө инвестициялоо ата мекендик банктар жана чет элдик инвесторлор үчүн жагымсыз болгондуктан, жигердүү инвестициялык саясат атайын, адаттан тышкаркы чараларды кабыл алууну талап кылат, анын ичинде мамлекеттик инвестициялар тутумун өркүндөтүү зарыл болуп саналат.

Айыл чарба илиминин приоритеттүү багыттарын аныктоодо негизги критерий чектелген каржылоо болуп саналат, ошондуктан кыска мөөнөттүн ичинде потенциалы чоң тармактарга (базар, илимий-техникалык, кадрлар) көңүл буруу зарыл.

Ош облусунун айыл чарбасынын өнүгүүсүн анализдөөнүн негизинде жана максаттуу топтордун негизги муктаждыктарын эске алуу менен төмөнкү артыкчылыктуу багыттар сунушталат:

- анын жалпы көлөмүнүн 40-45% өлчөмүндө каржылоо менен мал чарбачылыгы;

- өсүмдүк өстүрүү – 35-40%;

- 10-15% өлчөмүндө каржылоо менен жаратылыш ресурстарын сактоо, натыйжалуу башкаруу жана көбөйтүү;

- агроөнөр жай чөйрөсүнүн экономикасы жана айыл аймактарын өнүктүрүү – 5%.

Изилдөөнүн негизинде инвестициялык процесстерди активдештирүү жолдорунун бири - айыл чарбасын аймактык деңгээлде өнүктүрүүнүн инвестициялык- инновациялык багытталган рыноктук стратегиясы иштелип чыкты (3.5.-сүрөт.).



3.5-сүрөт – **Айыл чарбасын аймактык деңгээлде өнүктүрүүнүн инвестициялык-инновациялык багыттагы рыноктук стратегиясы**

*Булак:* автор тарабынан түзүлгөн.

Инвестициялык процесстерди активдештирүү жолдорунун бири – айыл чарбасын аймактык деңгээлде өнүктүрүүнүн инновациялык багытталган стратегиясын иштеп чыгуу. Бул татаал процесс болуп саналат, айрыкча сөз конкреттүү бир субъект жөнүндө эмес, бүтүндөй аймак же экономиканын реалдуу секторунун алдыңкы тармагы жөнүндө болуп жатат. Биз аймактагы айыл чарбасынын инвестициялык өнүгүүсүн техникалык жана технологияны аныктаган илимий сыйымдуу өндүрүш факторлорун жалпы колдонуу менен байланыштырабыз, ички жана тышкы керектөө рыногундагы айыл чарбасынын өндүргөн продукцияларынын туруктуу атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда каржылык-экономикалык жана уюштуруучулук-башкаруучулук иштери белгиленүүсү керек.

Стратегияны даярдоодо өлкөбүздүн туруктуу өнүгүү стратегиясынын алкагында түзүлгөн келечектүү аймактык өнүгүүнүн тышкы шарттарын дагы, о.э. узак мезгилге карата аймактын өнүгүүсүнүн сапаттык мүнөздөмөсүн аныктаган ички факторлорду да эске алуу керек.

Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүү стратегиясы аймактын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн бирдиктүү стратегиялык планына органикалык түрдө бириктирилиши керек жана жер ресурстарынын натыйжалуу пайдалануу, табигый-климаттык райондоштуруу, айыл чарбасынын абалын жакшыртуу, инвестицияларга жагымдуу шарттарды түзүү, инновациялык потенциалдын деңгээли жана башкалар эске алынып, айыл чарбасында стратегияны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу төмөнкү этаптарды камтыйт (3.6-сүрөт).

Биздин оюбузча, Ош облусунун администрациясы тарабынан аймакты өнүктүрүү боюнча стратегиясынын негизинде биз инвестицияларды тартуу боюнча программанын долбоорун иштеп чыгып, аны кабыл алууну сунуштайбыз. Алынган “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасы” инвестицияга жана

инвестициялык ишмердикке, уюштуруу-экономикалык механизмдерин түзүүдөгү иш-аракеттерге артыкчылык берүүдө маанилүү ролду ойнойт.




3.6-сүрөт – **Айыл чарбасында инвестициялык программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу**

*Булак:* автор тарабынан түзүлгөн.

Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасынын негизги максаты сапаттуу жаңы айыл чарба продукциясын өндүрүү натыйжалуу болушу керек. Ушул максаттын негизинде төмөнкү милдеттер коюлат:

- аймактагы өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу жана мамлекеттик колдоо чараларын колдонуу менен азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо;

- сугат жерлеринде айыл чарба продукцияларынын наркын төмөндөтүү;

- жер  жана сугат сууларды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу аркылуу айыл чарбасына жарактуу сугат жерлеринин аянтын көбөйтүү;

- мал чарбасынын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү;

- мал чарба продукцияларынын өндүрүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу;

- эпизоотикалык сактыгын камсыздоо;

- аймактын айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүн мамлекеттик колдоо;

- аймактын айыл чарбасынын тездетилген илимий-техникалык өнүгүшүн камсыздоо;

- аймактын агропотенциалын пайдалануу деңгээлинин техникалык жаңылануусунун өсүшү жана чарба субъектилеринин ЕАЭБге кошулуу шарттарына ылайыкташуусу.

Программанын жалпы максатына стратегиялык милдеттерди ырааттуу жана илимий негизде чечүү жолу менен жана биринчи кезекте төмөнкү инновацияларды иштеп чыгуу аркылуу жетишүү керек. Артыкчылыктуу инвестициялык долбоорлор 3.7-сүрөттө көрсөтүлгөн.




3.7-сүрөт – **Ош облусунун айыл чарбасында инвестициялардын аткарылышынын негизги багыттары**

*Булак* – автор тарабынан түзүлгөн.

“Ош облусунда “2025-2030-ж.ж. айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасы” аймактык инвестициялык программа болгондуктан аймактын айыл чарбасына тиешелүү болгон бардык илимий

изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын комплексин, о.э. аларды иш жүзүнө ашыруу боюнча уюштуруу-экономикалык иш чараларды камтыйт, ресурстардын булактары, аткаруучулар жана мөөнөттөр менен байланыштырылат.

Сунушталган “Ош облусунда “2025-2030-ж.ж. айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасында” аймактын финансы-насыя саясаты финансылык ресурстарды түзүү жана бөлүштүрүүдө төмөнкүлөрдү жөнгө салууга тийиш:

- аймактын айыл чарбасынын интенсивдүү типтеги кеңейтилген өндурушун көбөйтүүнү камсыз кылуу;

- аймакта туруктуу тоют базасын түзүү, мал чарбачылыгынын кымбат баалуу кошулма тоюттарды сатып алуудан көз карандылыгын азайтуу, алардын жеке тоют өндүрүш базасын өнүктүрүү, дан тоюттарын кайра иштетүүнү кийруу;

- аймактагы менчиктин бардык түрлөрүнүн товар өндүрүүчүлөрү тарабынан өндурулгөн айыл чарба продукцияларын терең кайра иштетүүнү өнүктүрүү, фирмалык сооданы кеңейтүү жана түзүү.

Бул сунушталган программада каралган сунуштарды иш жузунө ашырууда жергиликтуу бийликтин башкаруу органдары чектелген финансылык ресурстары көйгөйүнө дуушар болушу мүмкүн.

Аймактын айыл чарбасында заманбап инновациялык технологиялар колдонулбагандыгына байланыштуу экономиканын негизги тармагы өнугуунун жогорку денгээлин камсыз кыла элек. Өнүккөн Европа өлкөлөрүндө, Кытайда, АКШда айыл чарба тармагында инновациялык технологиялар ийгиликтүү иштөө менен, натыйжалуу тармакка айландырууга зор салымдарын кошуп келуудө. Ал эми Кыргызстанда, анын ичинде Ош облусунда дыйкан-фермерлер башка өлкөлөрдөн айыл чарба

үрөндөрүнөн баштап, отоо чөптөргө каршы химиялык препараттарга чейин өз каражаттарынын эсебинен кымбат баада сатып алышууда.

Жогорудагы белгиленген көйгөйлөрдү чечиш үчүн сунушталып жаткан “Ош облусунда “2025-2030-ж.ж. айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасынын” алкагында Ош мамлекеттик университеттин базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын түзүүнү сунуштайбыз.

Илимий инвестициялык-инновациялык паркта атайын даярдалган кесипкөй кадрлар аймактын айыл чарба өндүрүшүн натыйжалуу жүргүзүү учун иш алып баруусу зарыл. Бул технопарк окумуштууларга айыл чарбасында агротехниканын алдыңкы технологияларын кийрүүгө жана колдонууга, үрөндүн жаңы сортторун жана айыл чарба жаныбарларынын породаларын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк беруусу зарыл.

Аймактагы илимий инвестициялык-инновациялык технопаркы учун минимум 20 гектардан кем эмес аянтта жер тилкесине ээ болуу менен санариптештирүүнү колдонуу аркылуу жашылчаларды өстүрүү үчүн күнөскана, логистикалык борбор, жашылча-жемиштерди, этти, сүттү кайра иштетүүчү мини заводдор, айыл чарба техникаларынын паркын камтуусу зарыл. Бул технопаркта айыл чарба өсүмдүктөрүн тамчылатып сугаруу технологиясы колдонулуп, мал жана үй канаттуулары үчүн тоют өндүрүү жана даярдоо технологиялары боюнча илимий-инновациялык тилкелер, цехтер түзүлмөкчү. Айыл чарба жана техникалык өсүмдүктөрдүн үрөндөрүнүн, айрыкча буудайдын, жүгөрүнүн, буурчактын, пахтанын, тамекинин, беденин жаңы сортторун өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуусу керек. Бул технопарк аркылуу дыйкан-фермерлерге чоң колдоо көрсөтулуп аймактын айыл чарбасынын натыйжалуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

“Ош облусунда “2025-2030-ж.ж. айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасынын” алкагында инвестициялык процесстерди координациялоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн, биз аймактын агрардык секторун өнүктүрүүнүн инвестициялык- инновациялык стратегиясын

өнүктүрүү боюнча “Аймактык бирдиктүү маалыматтык жана координациялык борборду”сунуштайбыз. Бул борбордо төмөнку кызматтар аткарылат:

- аймактык деңгээлде айыл чарбасынын бирдиктүү маалыматтык саясатын түзүү;

- аймактын айыл чарбасында инновациялык, технологиялык, кадрдык, укуктук жана тышкы экономикалык саясатын түзүү жана координациялоо;

- аймакта кенеш беруу иштерин уюштуруу;

- аймактык техно парктарды түзүү;

- аймактын илимий-техникалык жана инвестициялык-инновациялык потенциалын, о.э. материалдык жана финансылык ресурстарды андан ары өнүктүрүү жана натыйжалуу пайдалануу үчүн аймактагы субъекттердин алгачкы имитациялык жана кийинки автономдуу инвестициялык иш-аракеттерин өркүндөтүү үчүн дүйнөлүк рыноктордогу инвестициялардын жана иновациялардын өнүгүүсү учун байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчулук берген инвестициялык инфраструктураны уюштуруу, аймактын ишкерлерин илимий негиздеги, атаандаштык жөндөмдүүлуктөгу продукцияларды өндүрүү.

Жогорудагы максаттар үчүн төмөнкү стратегиялык иш-чараларды жүзөгө ашыруу сунушталат:

- аймактын айыл чарба товар өндүрүүчүлөрунун *ассоциация*ларын түзүү;

- аймакта жогорку технологияларды тартууга жардам берүү;

-аймактык инвестициялык-инновациялык долбоорлордун рыногун өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Аймактын инновациялык-инвестициялык негизде иштеген айыл чарба товар өндүрүүчүлөрунун ассоциацияларынын болжолдуу модели 3.8-сүрөттө көрсөтүлгөн.




3.8-сүрөт – **Ош облусунун инновациялык-инвестициялык негиздеги айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы**

*Булак:*автор тарабынан түзүлгөн

Биздин көз караш боюнча жогоруда сунушталган иш-чараларды иш жүзүнө ашырууда, аймактык башкаруунун жана башка аймактар менен экономикалык интеграциянын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, тармакка инвестицияларды тартуу боюнча жаңы айыл чарба объектилерин түзүүгө жана аймактын айыл чарбасын адистештирүүдө жаңы тармактарды өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн “Аймактык бирдиктүү маалыматтык жана координациялык борборун” түзүү максатка ылайыктуу болуп саналат.

Ош облусунун агрардык секторунун инвестициялык ишмердүүлүгү боюнча эсепти жүргүзүү менен чектелбестен, алардын натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө аныктоо, рентабелдүү болгон продукцияны тастыктоо, финансылык ресурстарды сарамжалдуу башкаруу

жана пайдалануу, тынымсыз божомолдоо, пландаштыруу, мониторинг кылуу жана жеңилдетилген насыяларды дыйкан- фермерлерге, асыл тукум, селекциялык чарбаларына, айыл чарба кооперативдерине берүүнү иш жүзүнө ашыруу керек.

Ошентип, биз сунуш кылган “Ош облусунда “2025-2030-ж.ж. айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасы” аймактын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн программасы болуп саналат. Негизги максаты облусттун айыл чарбасынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча аймактык максаттуу программаларды дагы аткарууга багытталуусу зарыл. Агрардык сектордун инвестициялык процесстерин башкаруу системасын өнүктүрүүнүн максаты болуп майда дыйкан (фермердик) чарбаларды учурдагы интеграция шартындагы талаптарга ылайык ирилештирүү жана инвестициялык- инновациялык ишмердүүлүгүн жогорулатуу жана көбөйтүү болуп саналат.

Бул программаны иш жүзүнө ашырууда аймактардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн анын продукцияларынын түрлөрүнө жараша кластердик ыкманы кийирүү айыл чарба экономикасын жаңы деңгээлге көтөрөт.

Агрардык сектордогу кластер – бул географиялык жактан бири-бири менен тыгыз байланышта КНЧга катышкан компаниялардын, о.э. аймактык айыл чарба продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга биргелешип салым кошкон уюмдардын тобу.

Кластерди калыптандыруунун факторлоруна: табигый, экономикалык жана институттук факторлор; табигый-климаттык факторлор (салыштырмалуу атаандаштык артыкчылыктарынын бар факторлору); өндүрүш ресурстары; институттар жана экономикалык ресурстарга жетүү – агрардык сектордо башкаруунун жаңы түзүмү, субсидиялар, кластерлерди илгерилетүү механизми кирет.

Кластерди өнүктүрүүнүн максаты катары 2030-жылга чейин азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу; тандалып алынган артыкчылыктарга

ылайык айыл чарба секторун жогорку кошумча нарктагы жана кайра иштетүүнүн терең деңгээли бар продукцияны көбөйтүү эсептелет.

Кластердин артыкчылыктары катары азык-түлүк коопсуздугунун тогуз продуктусу – дан, эт, сүт, кант, жумуртка, өсүмдүк майы, картошка, жашылча-жемиштерди КРнын аймактарында адистештирүү эсептелинет:

Изилдөөнун негизинде аймактын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасында кластердик саясатты иш жузунө ашыруу механизмин сунуштайбыз (3.9-сүрөт.).




3.9-сүрөт – **Ош облусунун айыл чарбасында аймактык кластердик саясаттын модели**

Булак – *автор тарабынан түзүлгөн.*

Ош облусунун айыл чарбасына инвестицияларды тартуу менен кластердик демилгелерди иштеп чыгуу төмөнкү аракеттерге артыкчылыктарды берүү менен иш жүзүнө ашыруу зарылдыгын көрсөттү:

- аймактык кластердик түзүмдөрдүн негизинде Ош облусунун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча программанын жүзөгө ашырылышын камсыздоо;

- инвестициялык тармактык түзүмдөрдөгү бизнестин, илимдин, билимдин кызматташуусуна өзгөчө басым жасоо аркылуу ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө ыңгайлуу ишкер чөйрөсүн түзүү;

- инвестициялык формацияларды иштеп чыгууга катышкан адистерди даярдоо жана кайра даярдоо үчүн инвестициялык билим берүү программаларын кийрүү;

- аймактык өндүрүштүк кластерлерди түзүүдө артыкчылыкка ээ багыттарды аныктоо боюнча фундаменталдык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- КМШ, Бажы бирдиги ж.б. кластердик ассоциациялары менен кластерлердин эл аралык кызматташуусун өнүктүрүү үчүн ар тараптуу жардам көрсөтүү.

Түзүлгөн аймактык кластердин алкагында биз интеграцияланган тутумду уюштурууну сунуштайбыз:

- инвестициянын пайда болуусунан жана мыйзамдуу каттоосунан, анын техникалык-экономикалык негиздемесинен (бизнес-планынан) баштап, аны иш жүзүнө ашыруу;.

- аймакта инвестициянын негизинде пайда болгон ишканаларды маалыматтык тейлөө жана колдоо;

- инвестициялык долбоорлордун илимий-техникалык экспертизасы, илимий-техникалык иштеп чыгуулары үчүн инвесторлорду издөөчү “Аймактык маалыматтык инвестициялык-инновациялык борборду” түзүү керек.

Аймактык агрокластер аймактык деңгээлде айыл чарбасындагы көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшүү менен, айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

Албетте агрокластерлерди түзүүгө жана өнүктүрүүгө мамлекеттик жана аймактык башкаруу органдарынын катышуусу төмөнкүлөр:

- агрокластерлештирүү процесстерин колдоо жана демилгелөө;

- аймактык агрокластерлерди өнүктүрүү үчүн, мисалы, аймактын алкагында кайра профилдөө, жаңыларын түзүү жана иштеп жаткан максаттуу программалардын натыйжалуулугун жогорулатуу сыяктуу инструменттерди колдонуу;

- аймактагы билим берүү уюмдарынын, илимий-изилдөө институттары жана ишкерлер ортосундагы мамилелерди түзүүдө жигердүү иш аракеттер;

- башка бийлик органдарынын деңгээлдеринин ортосунда ар түрдүү кластердик маселелерди чечүү;

- эл аралык кызматташуу маселелерин уюштуруу ж.б.

Аймакта кластерди каржылоо механизминде эң маанилүү болуп агрокластерлерди түзүүдөгү чыгымдар; инфраструктураларды өркүндөтүү жана техникалык жактан тейлөө; агрокластерлердин айрым долбоорлору жана программалары. Агрокластерлерди түзүүнү каржылоо, эреже катары, бюджеттик ресурстардын же кластердин штабынын негизинде жүргүзүлөт.

Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган «Регионалдык экономикалык өнүктүрүү (айыл чарба бөлүмү)” долбоору 2020-жылдын 25-январында Байкоочу кеңеш тарабынан бекитилген Жол картасынын пункттарын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ош шаардык мэриясы, Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги менен биргеликте Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициалоо агенттиги (АРИС) Кыргыз Республикасындагы агробизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк борбору тарабынан Ош областы жана Ош шаары үчүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат.

Долбоордун максаты катары туризм жана айыл чарба секторлоруна багытталган инвестициялар аркылуу социалдык-экономикалык жана аймактык өнүгүү көрсөткүчтөрүн жакшыртуу эсептелет.

Долбоордун жалпы суммасы: 60 млн.АКШ.долл. (43 600 000 КААУ – карыз алышуунун атайын укугу, анын ичинен: 30 млн. АКШ долл. – Грант, 30 млн.АКШ долл. – насыя).

Төлөө мөөнөтү – 38 жыл, жеңилдетилген мөөнөт – 10 жылды түзөт.

«Региондук экономикалык өнүктүрүү» долбоорунун компоненттери катары аймактык экономикалык пландоону жакшыртуу; негизги айыл чарба кызматтарын жана жөнгө салуу функцияларын жакшыртуу; айыл чарба продукциясынын товарларын жабдуунун тутумдарын, о.э. чакан жана орто ишканаларды бекемдөө; айыл чарба продукциясынын товарларын жабдуунун тутумдарын, о.э. чакан жана орто ишканаларды бекемдөө; туризм жана шаарды өнүктүрүү үчүн тездетүүчү инвестициялар; туризм жана айылдык чакан жана орто ишкерликтерди чакан гранттар аркылуу колдоо; ишке ашыруу, мониторингдөө жана баалоону колдоо кирет.

2020-жылдын 25-январында «Региондук экономикалык өнүктүрүү» долбоорунун Байкоочу кеңеши тарабынан бекитилген Жол картасынын пункттарын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ош шаардык мэриясы, Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги менен биргеликте төмөнкүлөрдү иштеп чыгышы керек:

1. Ош облусунун агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү программасы
2. Ош облусунун региондук экономикалык өнүгүү программасы

Айыл чарба тармагынын негизинде ишке ашырылуучу компоненттерге негизги айыл чарбалык кызматтарды жана жөнгө салуу функцияларын жакшыртуу (4,0 млн. АКШ долл.); айыл чарба продукциясынын товарларын жабдуунун тутумдарын, ошондой эле чакан жана орто ишканаларды бекемдөө (25,5 млн. АКШ долл.) жана негизги айыл чарба кызматын жөнгө

салуу жана чечүү жолдору (4,0 млн. АКШ долл. ) санитардык жана фитоснитардык инфраструктураларды жаңыртуу жана модернизациялоо (текшерүү жайлары, образецтерди алуу жайлары, мүкүнчүлүктөрүн чыңдоо); эл аралык үрөөндөрдү тестирлөө Ассоциясынын талабына жараша (ИСТА) урөөндөрдү тестирлөө лабораториясын түзүү, лабораториялык жабдыктарды сатып алуу; Ош технология университетин жана Ош айыл чарба техникумун колдоо; азык түлүк коопсуздугу үчүн жооп берген ведомство аралык лабороторияларды модернизациялоо (ветеринардык, санитардык жер кыртышын анализдөө жана башка) жана экспортко чыгуу сатуу тармактарын өнүктүрүүгө багытталган нормативтик документтерди иштеп чыгуу кирет.

Негизги айыл чарба кызматтарын жана жөнгө салуу милдеттерин жакшыртуу (4,0 млн. АКШ долл.) долбоорунун алкагында Ош областындагы лабораторияларын жана окуу жайларын төмөнкү товарлар, кызматтар жана иштер менен камсыз кылуу каралган:

- Техникалык экономикалык негиздеме жана лабораториялык жабдуулардын техникалык шарттарын иштеп чыгуу;
- Жаңы шаймандар жана жабдуулар менен жаңылантуу жана кайра жабдыктоо;
- Жетишпеген лабораториялык жабдыктары;
- Долбоордук сметалык документацияны иштеп чыгуу жана имараттарды оңдоо;
- Картограммаларды санариптештирүү, программалык камсыздоолорду иштеп чыгуу;
- Уюшкан техникалары жана адистештирилген лабораториялык эмеректери;
- Лабораториянын ишкерлеринин, мугалимдердин жана студенттердин дараметин жогорулатуу, КНЧны өнүктүрүү боюнча окутуучу материалдарды иштеп чыгуу.

Күтүлүүчү жыйынтык катары айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн, кайра иштетүүчү ишканалардын/сатып алуучулардын тыгыз натыйжалуу байланыш тутумун түзүү жана натыйжалуу өнөктөштүк эсептелет.

Кошумча нарк чынжырчаларынын натыйжалуу өнөктөштүк боюнча демилгелеринин болжолдуу тизмеси (өсүмдүк өстүрүү кластери – 12 КНЧ камтыйт).

Өсүмдүк өстүрүү боюнча мөмө-жемиш өстүрүү-уруктуулар (алма, алмурут, айва, анар ж.б.); мөмө-жемиш өстүрүү- данектүүлөр (чие, алча, абрикос, шабдалы, кара өрүк ж.б.); жашылчаларды ачык түрдө өстүрүү (помидор, бадыраң, калемпир ж.б.); жашылчаларды жабык түрдө өстүрүү (томат, бадыраң,калемпир ж.б.); картошка өстүрүү; бакчачылык (дарбыз, коон, ашкабак); дан эгиндер (арпа, күрүч, сулуу);пахта өстүрүү; жибек өндүрүү (тыт жибек көпөлөк); чанактуу дан эгиндер (соя, жасмык, сорго, буурчак, люпин, кой буурчак ж.б.); тоют даярдоо (люцерна, эспарцет, беде, жүгөрү) кластерлери каралган.

Ал эми мал чарбачылык кластери 11 КНЧ камтыйт: кой чарбачылык (таза салмакта); аары багуу; көлмө жана аккан суудагы балык чарбачылык; топоз чарбачылык;эт-жүн багытындагы кой чарбачылык; эт жана сүт багытындагы жылкы чарбачылык; канаттууларды багуу;эчки чарбачылык; эт багытындагы мал чарбачылык; сүт багытындагы мал чарбачылык.

Көрсөткүчтөр жана күтүлүүчү жыйынтыктар:

- долбоордун бенефициарлары тарабынан айыл чарба продукциясынын сатылуусу 10-20%га көбөйүүсү;

- фермерлер жана айыл чарба тарабындагы өндүрүүчүлөр, жогорку баадагы рыноктор менен байланышуусу – 10 000 фермер;

- фермерлердин жакшыртылган айыл чарба технологияларын киргизүүсү – 5 000 фермер;

- 25 жемиштүү өнөктөштүк боюнча демилгенин иштөөсү;

- жаңы жумуш орундарынын түзүлүүсү – 2 000 орунга чейин;

- долбоордун бенефициарлары тарабынан айыл чарба продукциясынын сатылуусу 10-20%га көбөйүүсү;

- фермерлер жана айыл чарба тарабындагы өндүрүүчүлөр, жогорку баадагы рыноктор менен байланышуусу – 10 000 фермер;

- фермерлердин жакшыртылган айыл чарба технологияларын киргизүүсү – 5 000 фермер;

- 25 жемиштуу өнөктөштүк боюнча демилгенин иштөөсү;

- жаңы жумуш орундарынын түзүлүүсү – 2 000 орунга чейин.

Андан ары изилдөөбүздү экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл-чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоонун региондук дүң продуктыга (РДП) тийгизген таасирин көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык анализ аркылуу байланышын аныктап прогноз жасайбыз. Ал үчүн бир канча көрсөткүч-факторлорду алып, төмөнкү таблицаны түзүп алабыз (3.2-табл.).

3.2-таблица – **Кыргыз Республикасынын Ош облусунда айыл чарба тармагына инвестицияларды тартуу жана насыялоо** [93,98].

| Жылдар | Ош облусу боюнча РДП (млн. сом) | Калкты микрокаржылоо (млн. сом) | Тике инвестициялардын агымы (млн. АКШ доллары) | Экономикага насыялар (млн. сом) |
|---|---|---|---|---|
| | У | Х1 | Х2 | Х3 |
| 2013г. | 27 334,0 | 1 056,0 | 60 086,5 | 4256,2 |
| 2014г. | 30 815,3 | 2332,0 | 9 159,7 | 4372,1 |
| 2015г. | 31 706,7 | 3 498,9 | 15 053,1 | 4495,3 |
| 2016г. | 32 778,8 | 2 749,2 | 5 620,5 | 4592,1 |
| 2017г. | 37 248,1 | 3 792,1 | 9 200,2 | 4752,8 |
| 2018г. | 42 540,5 | 4 638,4 | 59 703,3 | 4965,8 |
| 2019г. | 47 588,8 | 6 327,6 | 57 329,7 | 5231,2 |
| 2020г. | 50 996,5 | 6 803,8 | 34 543,3 | 5530,8 |
| 2021г. | 60 550,7 | 7 824,0 | 55 604,9 | 6442,9 |
| 2022г. | 77 621,9 | 6 808,3 | 67 867,7 | 6804,5 |

Факторлордун прогноздук маанилерин орточо абсолюттук өсүштү прогноздоо ыкмасын колдонуу менен алууга болот:

$$x_{n+k} = x_n + k \cdot \overline{U} ,$$

мында $\overline{U}$ - орточо абсолюттук өсүш, төмөнкү формула менен эсептелет:

$$\overline{U} = \frac{x_n - x_1}{n-1};$$

k – өткөрүү мезгили;

n – байкоолордун саны.

$\overline{U_1} = \frac{6808{,}3 - 1056{,}0}{10-1} = 639{,}1$, анда $\overline{U_2} = \frac{67867{,}7 - 60086{,}5}{10-1} = 864{,}6$

| | | | |
|---|---|---|---|
| $X_{1,11}$ = 6808,3+ 1 · 639,1= | 7447,444 | $X_{2,11}$ = 67867,7+ 1 · 864,6= | 68732,28 |
| $X_{1,12}$ = 6808,3+ 2 · 639,1= | 8086,589 | $X_{2,12}$ = 67867,7+ 2 · 864,6= | 69596,86 |
| $X_{1,13}$ = 6808,3+ 3 · 639,1= | 8725,733 | $X_{2,13}$ = 67867,7+3 · 864,6= | 70461,43 |
| $X_{1,14}$ = 6808,3+ 4 · 639,1= | 9364,878 | $X_{2,14}$ = 67867,7+ 4· 864,6= | 71326,01 |
| $X_{1,15}$ = 6808,3+ 5 · 639,1= | 10004,02 | $X_{2,15}$ = 67867,7+ 5 · 864,6= | 72190,59 |
| $X_{1,16}$ = 6808,3+ 6 · 639,1= | 10643,17 | $X_{2,16}$ = 67867,7+ 6 · 864,6= | 73055,17 |
| $X_{1,17}$ = 6808,3+ 7 · 639,1= | 11282,31 | $X_{2,17}$ = 67867,7+ 7 · 864,6= | 73919,74 |
| $X_{1,18}$ = 6808,3+ 8· 639,1= | 11921,46 | $X_{2,18}$ = 67867,7+ 8 · 864,6= | 74784,32 |

$$\overline{U_3} = \frac{6804{,}5 - 4256{,}2}{10-1} = 283{,}1$$

$X_{3,11}$ = 6804,5+1 · 283,1= 7087,644

$X_{3,12}$ = 6804,5+2 · 283,1= 7370,789

$X_{3,13}$ = 6804,5+3 · 283,1= 7653,933

$X_{3,14}$ = 6804,5+4 · 283,1= 7937,078

$X_{3,15}$ = 6804,5+5 · 283,1= 8220,222

$X_{3,16}$ = 6804,5+6 · 283,1= 8503,367

$X_{3,17}$ = 6804,5+7 · 283,1= 8786,511

$X_{3,18}$ = 6804,5+8 · 283,1= 9069,656

3.5-таблица – **Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба тармагына инвестициялоо жана насыялоо факторлорунун таасири**

| Факторлор | Коэффициенттери | Стандарттык каталар | t-статистика | P-мааниси | 95% төмөнкү | 95% жогорку |
|---|---|---|---|---|---|---|
| C | -47500,7 | 10677,34 | -4,44874 | 0,004335 | -73627,2 | -21374,2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $X_1$ | -0,20059 | 1,066059 | -0,18816 | 0,856956 | -2,80914 | 2,407966 |
| $X_2$ | 0,027223 | 0,054139 | 0,502842 | 0,632996 | -0,10525 | 0,159696 |
| $X_3$ | 17,75135 | 2,976876 | 5,963081 | 0,000996 | 10,4672 | 25,0355 |

*Булак*: автордук эсептөөлөр

Таблицада алынган натыйжалардан бул үлгүдөгү $x_i$ факторлору менен Y натыйжасынын ортосундагы байланыштын жакындыгын баалайбыз: Көптүк корреляция коэффициенти R:

Орточо аппроксимация катасы

$$A = \frac{\sum_{i=1}^{n} \left|\frac{\varepsilon}{Y}\right|}{n} \cdot 100\% = \frac{0.404}{10} \cdot 100\% = 4.04\%$$

Апроксимация катасы эсептик жана фактылык маалыматтардын ортосунда жакшы дал келүүсүн көрсөтөт: орточо айырмасы 4,04%, б.а. белгилердин ортосундагы байланыш тыгыздыкта болуу менен детерминация коэффициенти $R^2$ = 0,97 болду.

Сунушталган регрессиялык моделде өзгөрмөлөр олуттуу, детерминация коэффициенти бир топ жогору, $R^2$ = 0,97, F-статистикалык мааниси күтүлгөн деңгээлден жогорку деңгээлде калган.

Анализдин жыйынтыгына таянуу менен, модель жалпысынан маанилүү жана колдонулушу мүмкүн деп ырастоого болот.

Эконометрикалык моделдин таблицалык формасын сызыктуу түрдө көрсөтөбүз:

Эсептөөлөрдүн натыйжасында көптүк регрессия теңдемеси алынды:

**$Y = -47500.7076 - 0.2006 * X_1 + 0.02722 * X_2 + 17.7514 * X_3$.**

Моделдик параметрлердин экономикалык чечмөөлөсү төмөнкүдөй:

- калкка микронасыя берүүнүн көлөмү 1 млн. сомго көбөйүшү Ош облусунда РДПнын орточо 0,201 млн сомго төмөндөшүнө алып келет;

- тике инвестициялардын агымынын 1 млн. АКШ долларына өсүшү Ош облусундагы РДПнын орточо 0,0272 млн. АКШ долларына өсүшүнө алып келет;

- экономикага насыяларды 1 млн. сомго көбөйтүү Ош облусу боюнча РДПнын орточо 17,751 млн. сомго көбөйүшүнө алып келет.

$\beta_3$=0.984 максималдык коэффициенти боюнча Ош облусу боюнча РДПнын жыйынтыгына экономикага насыялар фактору көбүрөөк таасир этет деген тыянак чыгарабыз.

t = 11 ден t = 18ге чейинки убакыт боюнча Ош облусу үчүн РДПнын абалынын чекиттик прогноздорун эсептейбиз. Бул үчүн факторлордун прогноздук маанилерин регрессиялык теңдемеге койобуз.

$$\mathbf{Y = -47500.7076-0.2006X_1 + 0.02722X_2 + 17.7514X_3.}$$

$Y_{прог}(11)$ = -47500.7076-0.2006*7447,444+ 0.02722*68732,28+ 17.7514* 7087,644=78691,84

$Y_{прог}(12)$ = -47500.7076-0.2006*8086,589+ 0.02722*69596,86+ 17.7514* 7370,789=83613,37

$Y_{прог}(13)$ = -47500.7076-0.2006*8725,733+ 0.02722*70461,43+ 17.7514* 7653,933=88534,9

$Y_{прог}(14)$ = -47500.7076-0.2006*9364,878+ 0.02722*71326,01+ 17.7514* 7937,078=93456,43

$Y_{прог}(15)$ = -47500.7076-0.2006* 10004,02+ 0.02722*72190,59+ 17.7514* 8220,22=98377,97

$Y_{прог}(16)$ = -47500.7076-0.2006*10643,17+ 0.02722*73055,17+ 17.7514* 8503,367=103299,5

$Y_{прог}(17)$ = -47500.7076-0.2006*11282,31+ 0.02722*73919,74+ 17.7514* 8786,511=108221

$Y_{прог}(18)$ = -47500.7076-0.2006*11921,46+ 0.02722*74784,32+ 17.7514* 9069,656=113142,6

Интервалдык прогнозду алуу үчүн регрессия сызыгынан четтөө чоңдугун (U) колдонуп ишеним интервалдарын эсептейбиз:

$$U(l) = S_y \cdot t_\alpha \cdot \sqrt{V_{прогн.}} = S_y \cdot t_\alpha \cdot \sqrt{X^T{}_{прогн} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн}}$$

Excel программасында орнотулган математикалык функцияларды колдонуу менен матрицалар менен болгон кыймылдарды аткарабыз.

| | | |
|---|---|---|
| $X^T{}_{прогн.,11} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,11} = 24{,}88$<br>$X^T{}_{прогн.,12} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,12} = 28{,}4$ | | $X^T{}_{прогн.,15} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,15} = 39{,}95$<br>$X^T{}_{прогн.,16} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,16} = 44{,}12$ |

| | | |
|---|---|---|
| $X^T{}_{прогн.,13} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,13} = 32{,}09$<br>$X^T{}_{прогн.,14} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,14} = 35{,}94$ | | $X^T{}_{прогн.,17} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,17} = 48{,}45$<br>$X^T{}_{прогн.,18} \cdot (X^T \cdot X)^{-1} \cdot X_{прогн.,18} = 52{,}94$ |

Булак: автордук эсептөөлөр

Эсептик маанилердин фактылык маанилерден орточо квадраттык айырмасы:

$$S = \sqrt{S^2} = \sqrt{11137517.2754} = 3337.292$$

$t_\alpha$ Стьюдент коэффициенти m = 10 – 3– 1 = 6 эркиндиктин даражасы жана α = 0,05 маанилүүлүк деңгээли үчүн 2,45 ке барабар.

3.5-таблица **- Орточо абсолюттук өсүш**

| | |
|---|---|
| $U(11)=3337{,}292*2{,}45*24{,}88^{1/2}=40781{,}35$ | $U(15)=3337{,}292*2{,}45*39{,}95^{1/2}=51678{,}78$ |
| $U(12)=3337{,}292*2{,}45*28{,}4^{1/2}=43576{,}76$ | $U(16)=3337{,}292*2{,}45*44{,}12^{1/2}=54308{,}28$ |
| $U(13)=3337{,}292*2{,}45*32{,}09^{1/2}=46319{,}21$ | $U(17)=3337{,}292*2{,}45*48{,}45^{1/2}=56910{,}47$ |
| $U(14)=3337{,}292*2{,}45*35{,}94^{1/2}=49017{,}58$ | $U(18)=3337{,}292*2{,}45*52{,}94^{1/2}=59488{,}93$ |

| | |
|---|---|
| $Y_{болж}(11) \pm U(11) = 78691{,}84 \pm 40781{,}35$ | $Y_{болж}(15) \pm U(15) = 98377{,}97 \pm 51678{,}78$ |
| $Y_{болж}(12) \pm U(12) = 83613{,}37 \pm 43576{,}76$ | $Y_{болж}(16) \pm U(16) = 103299{,}5 \pm 54308{,}28$ |
| $Y_{болж}(13) \pm U(13) = 88534{,}9 \pm 46319{,}21$ | $Y_{болж}(17) \pm U(17) = 108221 \pm 56910{,}47$ |
| $Y_{болж}(14) \pm U(14) = 93456{,}43 \pm 49017{,}58$ | $Y_{болж}(18) \pm U(18) = 113142{,}6 \pm 59488{,}93$ |

Булак: автордук эсептөөлөр

Эсептөөнүн жыйынтыгын таблица түрүндө беребиз.

3.6-таблица – **Ош облусунун РДПнын 2030-жылга чейинки прогнозу**

| **Мезгил** | **Чекит прогнозу** | **Жогорку чеги,** | **Төмөнкү чеги** |
|---|---|---|---|
| 2023 ж. | 78691,84 | 119473,2 | 37910,49 |
| 2024 ж. | 83613,37 | 127190,1 | 40036,61 |
| 2025ж. | 88534,9 | 134854,1 | 42215,69 |
| 2026ж. | 93456,43 | 142474 | 44438,85 |
| 2027 ж. | 98377,97 | 150056,8 | 46699,19 |
| 2028ж. | 103299,5 | 157607,8 | 48991,22 |
| 2029ж. | 108221 | 165131,5 | 51310,53 |
| 2030 ж. | 113142,6 | 172631,5 | 53653,67 |

*Булак*: автордук эсептөөлөр

Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн бюджеттик каражаттардын жана чет өлкөлөрдүн колдоосундагы инвестицияларды

пайдалануу керек. Келечекте айыл чарба илимин өнүктүрүү жана кадрларды кайра даярдоо боюнча иш-чаралар мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдерде программаларды кабыл алуу зарыл.

Изилдөөнүн негизинде Ош облусунун инвестициялык жагымдуулугун артыруу үчүн негизги багыттары катары төмөнкүлөрдү эсептейбиз:

- айыл чарба техникаларын сатуу жана тейлөө боюнча соода жана тейлөө борборлорунун аймактык түйүндөрүн түзүү;

- аймактын айыл-чарбасында (мал чарба комплекстери, бакма канаттуулар фабрикалары, күнөсканалар, сүт фермалары, эт комбинаттары, жашылча-жемиштерди кайра иштетүү ишканалары, пахтанын кайра иштетүү заводдору) кеминде 10 ири долбоорду иш жүзүнө ашыруу;

- аймактын айыл чарбасына ири көлөмдөгү инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү жана мамлекет менен финансылык институттардын өз ара аракеттенүүсүн улантуу. Булар менен бирге аймактык экономиканын чектеш тармактарын, а.и. минералдык жер семирткичтер, өсүмдүктөрдү коргоочу химикаттар, ветеринардык дары-дармектер, агрардык техникаларды өндүрүү, ата-мекендик айыл чарба техникаларын жана жабдууларды өндүргөндөрдү мамлекеттик колдоо менен камсыздоо, айыл чарба техникаларын лизинге алуу системасын өркүндөтүү зарыл;

- аймакта инвестицияларды стимулдаштыруу үчүн арзан пайыздык чендерди; үрөн чарбаларын өнүктүрүү; мал чарба продукцияларынын продуктуулугун жана сапатын, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу, күйүүчү-майлоочу материалдардын өздүк наркын төмөндөтүү менен дыйкан (фермерлерге) шарттарды түзүү;

- аймактын айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн жер семирткичтердин баасын төмөндөтүү (органикалык жер семирткичтерден тышкары); өндүрүштүн менеджменти системасын жана агрардык рынокту өнүктүрүү; асыл тукум чарбаларын өнүктүрүү).

- *аймактын айыл чарбасын технологиялык модернизациялоо, инновацияларды жана айыл чарба илимин өнүктүрүү* (заманбап алдыңкы

технологияларды колдонуу менен артыкчылыкка ээ өсүмдүктөрдү өндүрүүнү стимулдаштыруу жолу менен өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу; күнөсканаларда жашылча-жемиштерди өндүрүүнү стимулдаштыруу; орто жана ири масштабдуу мал чарбасын түзүүнү стимулдаштыруу; айыл чарбасын өнүктүрүүнүн артыкчылыкка ээ багыттары боюнча илимий- изилдөө иштерин жүргүзүү, о.э. ар кандай илимий иштеп чыгууларды өндүрүшкө кийрүү жана илимпоздордун ишмердүүлүгүн мотивациялоо жана айыл-чарба илимине жаш адистерди тартуу системасын иштеп чыгуу;

*- аймактын айыл чарбасына заманбап агрардык илим, билимге ээ кесипкөй кадрларды даярдоо;*

- *инфраструктуралык жана ресурстук колдоо* (аймактын фитосанитардык жана ветеринардык жыргалчылыгын камсыздоо; мал союу, айыл чарба продукцияларын сатып алуу, сактоо, ташуу жана сатуу боюнча инфраструктураны өнүктүрүү; сугаруунун алдыңкы ыкмаларын кийрүү менен мелиоративдик абалды сактоо жана жакшыртуу).

### 3.3. Айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү

Мамлекеттик жөнгө салуу көйгөйүнө ар кандай статустагы жана баалуулуктагы көптөгөн жеке жана жамааттык изилдөөлөр арналып, көп сандагы диссертациялык изилдөөлөр жазылып, бүгүнкү күндө бул изилдөөлөр уланууда.

Учурдагы изилдөөлөрдү жалпылоо бул көйгөйгө кызыгуунун негизи, биринчиден, аймактык жана тармактык көйгөйлөрдөн келип чыккан көптөгөн теориялык-методологиялык жана көп сандагы прикладдык көйгөйлөрдүн чечилбегендигинде экендигин, экинчиден, бир жагынан КРнын ДСУ, ЕАЭБ ж.б. дүйнөлүк уюмдар жана интеграцияланышы, азык түлүк коопсуздугу көйгөйү менен байланышкан. Бирок айыл-чарбасында жана аймактык айыл чарбасында инвестициялык процесстин жана

инвестициялык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөр да бар. Акыркы аспект эң маанилүү, анткени айматык агроөнөр жай чөйрөлөрү объективдүү түрдө тенсиздик жана карама-каршы жагдайлар менен мүнөздөлөт. Мунун баары жаңы механизмдерди долбоорлоо жаатында кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, аймактык айыл чарбасындагы инвестициялык ишти мамлекеттик жөнгө салуунун салттуу инструменттерин башкача чечмелөөнү талап кылат.

Ошол эле учурда бар изилдөөлөрдү жалпылоо көйгөйдү изилдөөнүн эки багытын аныктоого мүмкүндүк берет. Бири инвестициялардын формаларына, булактарына жана түрлөрүнө карабастан бүтүндөй эл чарбасындагы инвестициялык процессти мамлекеттик жөнгө салуу менен байланышкан, экинчиси мамлекеттик инвестициялардын натыйжалуулугун жогорулатуу. Биринчи учурда, мамлекет коомдун атынан жана коомдун максаттары үчүн инвестиция чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү жөнгө салуучу коомдун негизги институту катары чыгат. Экинчиден, чарбалык субъект катары иш алып барат. Бирок, ошол эле учурда, башка субъекттерден: жеке, корпоративдик ишканалардан жана уюмдардан айырмаланып, пайда алууну көздөгөн мамлекет да коомдун институту болуп саналат, демек, ал коомдук натыйжага жетишүүгө умтулат. Натыйжада, экономикалык жыйынтык коомдук жетишкендиктер менен жөнгө салынышы керек. Демек, мамлекеттин көз карашы боюнча, пайда жана киреше алып келгендин баары эле натыйжалуу боло бербейт, демек, пайда жана киреше алуу мамлекеттин инвестициялык долбоорлорго катышуусунун негизги милдети эмес.

Мамлекеттин инвестиция көйгөйүнө кайрылуусунун объективдүү себептери бар, аларды экиге бөлүп карасак болот. Биринчиден, мамлекеттик инвестициялардын өсүүсү жана экинчиден, анын натыйжалуулугунун төмөндөөсү. Бирок ошол эле учурда алардан кайтарым күтүлгөндөн төмөн болуп чыгат. Мына ушуга байланыштуу мамлекеттин инвестициянын натыйжалуулугу көйгөйүнө өзгөчө көңүл бурулушу табигый көрүнүш болуп саналат. Ошондуктан: айыл чарбасына мамлекеттик инвестициялардын

натыйжалуулугунун денгээлин кантип жогорулатуу керек деген милдет келип чыгат? Бул милдет өзгөчө аймактык деңгээлде актуалдуу болуп саналат.

Инвестициялык процесс дайыма өнүгүп турган система катары, ар кандай ички жана тышкы мүнөзү боюнча өзгөрүүлөргө ыкчам жооп кайтарууну талап кылат.

Инвестициялык процесстин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында КР Министирлер кабинети өлкөнүн ичинде, о.э. анын аймактарында стратегиялык инвесторлор менен кызматташууну алып барууда. Ошондуктан айыл чарбасына жана АОЖ тармактарына чет өлкөлүк жана аймактар аралык инвестициялардын динамикасы Ош облусунун бийлик органдарынын ишинин натыйжалуулугунун критерийи катары кызмат кылат.

Ош облусунун айыл чарбасында жана агроөнөр жай чөйрөсүндө инвестициялык ишмердүүлүктү мамлекеттик жөнгө салуунун негизги механизми болуп облус жетекчилиги тарабынан облусттун аймагында инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруучу ишканаларга жана уюмдарга коммерциялык банктардан инвестициялык максаттар үчүн алынган насыялар боюнча пайыздарды төлөөгө кеткен чыгымдардын бир бөлүгүн республикалык бюджеттен компенсациялоо формасы аркылуу эпизоддук эмес туруктуу колдоо көрсөтүү саналат.

Ош облусунун айыл чарбасына мамлекеттик инвестициялардын абалын талдоо менен өткөн он жылдын ичинде инвестициялык ишмердүүлүктүн жаны багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет. Атап айтканда, мамлекеттик инвестициялык саясаттын төмөнкү багыттарын өнүктүрүү сунуш кылынат:

- Айылдык өндүрүштүн туруктуулугун жогорулатуу (инвестицияны конкреттүү ишканаларга, жада калса аймактарга эмес, жеке жана жамааттык ишкерлер кылып, ал эми аймактар менен облустук жана муниципалдык бийликтер алектенүүсү керек. Мамлекет конкреттүү айыл чарба өндүрүшүнө инвестиция салуусу керек. Анын үстүнө бул өндүрүштөрдү инвестициялоо аркылуу мамлекеттик программа жана айыл чарба продукцияларын майда

сегменттерге дифференциациялоого байланыштуу микропрограммалар аркылуу) да инвестициялоого болот.

Дагы бир багыт айылдык товар өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга байланыштуу. (Бул жерде мамлекет түз жана кыйыр түрдө катыша алат. Сөз продукцияны сатуу каналдарын түзүүгө катышуу, өлкөнүн ичинде да, чет өлкөлөрдө да, атап айтканда, КМШ өлкөлөрүндө, Бажы биримдигинде же ЕАЭБге туруктуу жана корголгон продукцияны сатуу каналдарын камсыз кылуу жөнүндө болуп жатат. Мындан тышкары, мамлекет айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө сертификаттоо, брендинг, жарнама ж.б. же түздөн-түз бул максаттарга каражаттарды бөлүү жолу менен, же кыйыр түрдө бул товарлар бажы кызматтарынан өткөндө арзандатууларды жана башка преференцияларды берүү жолу менен ж.б.).

- айыл чарбасынын өндүрүштүк жана транспорттук инфраструктурасына техникалык жана технологиялык инновацияларды кийрүү аркылуу модернизациялоого көмөктөшүү;

- ата мекендик айыл чарба чийки затынын жана даяр продукциянын негизинде иштеген кайра иштетүү, сатуу жана сактоо ишканаларынын өндүрүштүк потенциалын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;

- жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн продукцияны сатып алган кайра иштетүүчү ишканаларды негизги ресурстарга (газ, суу, электр энергиясы ж.б.) жеңилдиктер менен камсыз кылуу;

- айыл чарба товарларын жана чийки затын өндүрүүдө, сактоодо жана кайра иштетүүдө ресурсту үнөмдөөчү, экологиялык жактан таза, кыртышты коргоочу, коопсуз технологияларды киргизүүгө көмөктөшүү;

- айыл чарба өндүрүшүн жогорку квалификациялуу жумушчу күч менен, адистер менен камсыз кылууга көмөктөшүү, аларды айылга консолидациялоо жана жаңы жумушчуларды, жаш адистерди тартуу үчүн шарттарды түзүү аркылуу;

- ар кандай көлөмдөгү жана булактардагы инвестицияларга кепилдик берүү, коргоо жана камсыздандыруу системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- инвесторлордун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо үчүн күрөө бүтүмдөрүнүн системасын иштеп чыгуу жана өнүктүрүү;

- инвестициялык программаларды жана долбоорлорду маалыматтык-кенеш берүүчүлүк колдоо системасын иштеп чыгуу жана өнүктүрүү жана бул системага ар бир адамдын эркин жеткиликтүүлүгү;

- Кыргызстандык жана эл аралык финансы-кредиттик мекемелер жана уюмдар менен иш алып баруу, субъекттеринин ортосундагы инвестициялык кызматташуунун механизмин иштеп чыгуу.

Аймактын айыл чарбасында илимий-техникалык прогресс айыл чарба өндүрүшчүлөрү менен дайыма байланышта болгон базалык чарбалардын аркасында иш жүзүнө ашырылышы мүмкүн, алар аркылуу илимий мекемелердин прикладдык тематикалык багытын айтууга, алдынкы тажрыйбаны өздөштүрүүгө, акыркы жетишкендиктерди өндүрүшкө кийрүүгө, илимдин жана техниканын, илимий иштеп чыгуулардын өндүрүштүк текшерүүсүн жана аларды комплекстүү сыноону жүргүзүүгө болот. (3.10-сүрөт).




3.10-сүрөт – **Илим менен айыл чарба продукцияларынын өндүрүшүнүн интеграциясынын концептуалдык схемасы**
*Булак: автор тарабынан иштелип чыкты*

Колдонмо илим натыйжалуу болууга, инновацияларды киргизүү процессине катышууга, өз ишинин жыйынтыктары үчүн жоопкерчиликтүү болууга, түзүлгөн жана ишке киргизилген технологиялар жана машиналар жогорку деңгээлде иштелип чыгышы керек. Биздин көз караш боюнча, илимди инновациянын кесепеттери үчүн жооп бербей туруп, илимий-изилдөө иштеринин продуктусун өндүрүшкө сатуу жана пайда табуу үчүн соода өнөктөшүнө айландыруу туура эмес. Өндүрүштүн жана илимдин максаттарын карама-каршы коюуга болбойт, айрыкча илимпоздордун жана өндүрүш кызматкерлеринин квалификациясынын ар түрдүү болгондугуна байланыштуу, акыркылары ишке ашырууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Жаңы илимий иштеп чыгуулар үчүн каражатты буйрутмачы өзү бөлүп бербесе, ал аларды ишке ашырууга кызыкдар боло албайт, анткени, бир жагынан, бул экономикалык тобокелдик менен байланышкан, экинчи жагынан, башка адамдардан акчаны аяштын кереги жок.

Илим менен айыл чарба өндүрүшүнүн ортосундагы байланыштардын ар түрдүү түрлөрүнүн азыркы кездеги өнүгүшү жаны уюштуруу формацияларын — илимий-өндүрүштүк системаларды, илимий-өндүрүштүк бирикмелерди, консорциумдарды жана чакан илимий-өндүрүштүк ишканаларды түзүүгө алып келди. Бул өнүгүүгө түрткү болгон инновациялык чарбалык механизмди айыл чарба ишканасынын инвестициялык жана технологиялык процесстерди өздөштүрүүсү болду, аларда алдыңкы тажрыйбаны жана илим менен техниканын жетишкендиктерин колдонуунун эсебинен өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга алардын кызыгуусу жогорулайт.

Илимий-өндүрүштүк формациялардын чегинде илим менен өндүрүштүн ыктыярдуу жана өз ара пайдалуу кызматташтыгы үчүн жагымдуу уюштуруучулук жана экономикалык шарттар түзүлөт. Аларда илим чыныгы өндүргүч күчкө айланат [139,143].

Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин айыл чарба өндүрүшүнүн илимий-өндүрүштүк системаларынын жардамы менен өздөштүрүү үчүн каражаттардын жана эмгектин олуттуу кошумча чыгымдары талап кылынат, алар рационализатордук сунуштарды өздөштүрүү процессинде алдын-ала каралбаган жагдайлардын келип чыгышынан улам жоголуп кетиши мүмкүн. Мында илимий өндүрүштүк система жана алардын катышуучулары айыл чарбасынын түшүмдүүлүгүнүн жана малдын продуктуулугунун күтүлүп жаткан өсүшүн албоо түрүндө, о.э. өндүрүштү илимий жактан камсыз кылууга кошумча чыгымдар түрүндө ири жоготууларга учурайт. Мындай кырдаалдардын алдын алуу үчүн кирешенин, пайданын жана инновацияларды киргизүү менен байланышкан бардык чыгымдардын күтүлүп жаткан өсүшү үчүн камсыздандыруу системасы керек.

Инвестициялык-инновациялык өнүгүү субъекттеринин ортосундагы финансылык-экономикалык мамилелер коммерциялык келишимдик негизде же жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн аткаруу үчүн эмгек келишиминин негизинде түзүлүшү керек.

Айыл-чарбасынын иштеши үчүн мамлекеттин жана потенциалдуу инвесторлордун каржылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, анын конкреттүү өнүгүү стратегиясын тандоо маанилүү милдет болуп саналат. [22].

Ош облусунда айыл чарба ишканаларын инвестициялык камсыздоо сан жагынан алганда, сапат жана тобокелдик жагынан алганда дагы кыйла начар абалда. Бул бир канча себептер менен байланышкан: биринчиден аймакта дыйкан (фермердик) чарбалардын басымдуулук кылуусу жана ири чарбалардын( кооперативдик, коллективдик) өтө аз санда болуусу, экинчиден албетте алардын өздөрүнүн жеке кызыгуусунун начардыгы жана мамлекеттик, жергиликтүү бийлик органдарынын бул жатта начар аракеттери ж.б.

Облустун айыл-чарбасындагы инвестициялык саясатты мүнөздөгөн жалпылоочу көрсөткүч катары аймактын инвестициялык жагымдуулугу болуп саналат. Ош облусунун инвестициялык жагымдуулугунун динамикасына кайрыла турган болсок, 2018-2023-жылдары КРнын аймактарындагы инвестициялык климаттын мүнөзү боюнча бөлүштүрүү менен, каралган аймакта тобокелдиги жогору болгон мүмкүнчүлүктөрү аз эле.

Инвестициялык процессти активдештирүү менен, тиешелүүлүгүнө жараша Ош облусунун айыл-чарбасы КРнын субъекттеринин арасында инвестициялык потенциал жана тобокелдик боюнча позицияларын жакшыртат (3.1-табл.).

Көрсөтүлгөн факторлордун негизинде айыл-чарбасынын инвестициялык потенциалын түзүүнүн шарттары төмөнкүлөр болушу зарыл:

- ар бир факторду ишке ашыруу механизмдери;
- ар бир факторду ишке ашыруунун акыркы өндүрүштүк-экономикалык жана финансылык натыйжаларды баалоонун методологиясы;
- инновациялык долбоорлорду ишке ашыруунун катышуучуларынын арасында инвестициялык сыйлыкты бөлүштүрүү ыкмасы

3.1-таблица – **Ош облусунун айыл-чарбасындагы инвестициялык саясаттын мүнөздөмөлөрүнө таасир этүүчү негизги факторлор** [22].

| **Айыл-чарбасында инвестициялык саясаттын мүнөздөмөлөрүнө таасир этүүчү факторлор** | **Таасирдин багыттары** | **Ош облусунда факторлордун абалы** |
|---|---|---|
| Социалдык-экономикалык саясат жана айыл-чарбасын белгилүү мөөнөттө өнүктүрүү стратегиясы | Инвестициялык саясатты аныктайт | Түзүлгөн эмес |
| Айыл-чарбасыын жана анын тармактарынын өнүгүүсүнүн приоритеттери | Айыл-чарбасынын приоритеттерин аныктайт | Аныкталган эмес |
| Айыл-чарбасынын өнүгүүнүн сандык көрсөткүчтөрү (ишканалардын санынын өсүшү, ишмердүүлүгүнун көлөмү, модернизациялоо жана өндүрүш багыттары) | Инвестициялык процесстин сандык параметрлерин аныктайт | Көрсөткүчтөр системасы өркүндөтүүгө муктаж |
| Стратегиялык келечекке инвестицияларга муктаждык | Иштин көлөмүн жана түзүмүн аныктайт | Жок |
| Кийинки жылга жана программалар боюнча инвестицияларга муктаждык | Иштин көлөмүн жана түзүмүн аныктайт | Аныкталат |
| Инвестициялык ишмердүүлүк боюнча айыл-чарбасын ченемдик-укуктук камсыз кылуу | Тармактын ишинин сапатын аныктайт | Оркүндөтүүгө муктаж. |
| Республикалык жана сырткы булактардан инвестицияларды тартуу шартынын тутуму | Инвестициялык климат | Төмөн |
| Инвестицияларды тартуунун илимий негиздери | Иштин сапаты | Жарым-жартылай жеткиликтүү |
| Ондүрүш технологияларынын ата-мекендик жана дүйнөлүк денгээлдерге дал келүүсү | Долбоордун жагымдуулугу | Жогору эмес |
| Инвестицияларды тартуу зарылчылыгын жана долбоорду иш жүзүнө ашыруунун реалдуулугун изилдөө | Иштин сапаты | Жарым-жартылай бар |
| Инвестициялык процессти маалыматтык камсыздоо | Иштин сапаты | Жарым-жартылай бар |
| Адистерди кесиптик даярдоо | Иштин сапаты | Жетиштүү бийик эмес |

Ош облусунун инвестициялык саясатын иш жүзунө ашырууну талдоо жана баалоо менен заманбап илимий теориялык-методологиялык жана практикалык негизде аны өнүктүрүүнүн жаңы баскычына өтүү зарылчылыгын көрсөттү. Ал үчүн айыл чарбасындагы инвестициялык

жараяндардын катышуучуларынын ар түрдүү жана системалаштырылган ишмердүүлүктөрүн башкаруу иш-аракеттеринин илимий жактан негизгээ ээ системасы менен алмаштырылуусу зарыл. Аймактын агрардык секторундагы инвестициялык саясатты калыптандыруу учкун системалаштырылган жол, биздин көз карашыбыз боюнча, өз ара байланышкан үч бөлүктү камтуусу зарыл: стратегиялар, саясат жана тактика (3.11-сүрөт). Сунушталган ар бир бөлүк тиешелүү ишмердүүлүк чөйрөсүн жана аларды иш жүзүнө ашыруу баскычтарды жөнгө салган укуктук негиздерди иштеп чыгууну жөндөйт.




3.11-сүрөт – **Ош облусунун айыл чарбасында инвестициялык саясатты өркүндөтүү иш-чараларынын курамы жана этаптары**

*Булак:* автор тарабынан иштелип чыкты

Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык саясатын калыптандыруунун негизинде биз эң маанилүү түзүмдөрүнүн бөлүктөрүн бөлүп карайбыз: институционалдык; уюштуруучулук-функционалдык; инфраструктуралык: ресурстук-экономикалык: илимий-методикалык; техникалык-технологиялык; укуктук, имиджди башкаруу: интеграциялоо;

стимулдаштыруу; чектөө; тобокелдиктерди башкаруу; өнүгүүнү башкаруу; диагностика; мониторинг; көзөмөл (3.12-сүрөт).




3.12-сүрөт – **Ош облусунун айыл-чарбасында инвестициялык саясаттын түзүмдүк мазмуну**

*Булак:* автор тарабынан иштелип чыкты

3.12- сүрөттө берилген Ош облусунун айыл-чарбасынын инвестициялык саясатын калыптандыруунун эң маанилүү түзүмдөрүнүн бөлүктөрүн кенири карап чыга турган болсок, институционалдык негиздер бири-бири менен белгилүү денгээлде бир мамиледе жана өз ара байланышта болгон инвестициялык ишмердүүлүктүн субъекттеринин жана объектилеринин сандык жана сапаттык курамын билдирет.

Ал эми аймактын ресурстук-экономикалык негиздерине агрардык сектордун кээ бир элементтеринин топтолгон ресурстук потенциалы жана ресурстук мүмкүнчүлүктөрү кирет. Жалпысынан, материалдык жана материалдык эмес ресурстар деп каралуу менен, аларга: адамдык ресурстар, материалдык-буюмдук, жаратылыштык-сырьелук, каржылык, социалдык-маданий, маалыматтык жана башка түрлөрү деп айырмаласа болот. Бул учурда инвестициялык саясаттын экономикалык негизин анын натыйжалуулугу - бул секторго канча көлөмдө ресурстар тартылгандыгын

жана кандай натыйжаларга ээ болгондугун, кандайча бөлүштүрүлгөнүн көрсөтөт [50].

Аймактын илимий-методикалык негиздери агрардык сектордогу инвестициялык саясаттын иштөөсүнүн ыкмалары жана технологияларын, менеджмент чечимдеринин негиздерин, бизнес-план, долбоорлорду, инвестициялык саясатты камсыздоочу программаларды көрсөтөт.

Аймактын техникалык-технологиялык негиздери агрардык сектордогу технологиялык түзүмдү, технологияларды, жабдууларды жана өндүрүш жараяндарын камтуу менен анын негизинде инвестициялык долбоорлор иш жүзүнө ашырылат.

Аймактын укуктук негиздери өлкөдөгү, аймактагы агрардык сектордогу инвестициялык ишмердүүлүктү жөнгө салган мыйзамдык жана укуктук-ченемдик актылардын системаларын камтыйт.

Аймактын айыл чарбасындагы имиджин башкаруу бул тармакта жүргүзүлгөн инвестициялык саясаттын кадыр-баркын жогорулатууга шарт түзөт.

Ал эми аймактын айыл чарбасындагы интеграциялоо айыл чарба субъекттеринин бири-бири менен жана тышкы түзүмдөр менен өз ара байланышын камсыздоону түзөт.

Аймактын айыл чарбасындагы стимулдаштыруу инвесторлор жана айыл чарба субъекттери үчүн жеңилдиктер жана мүмкүнчүлүктөр системасына багытталуу менен, бул тармакка инвестицияларды тартууга көмөктөшөт.

Ош облусунун айыл-чарбасында инвестициялык саясатты калыптандыруу максатында аны иштеп чыгуу, калыптандыруу жана иш жүзуно ашыруу механизмдерин аныктоо жана системалаштыруу керек.

Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык процесстерин активдештирүү көбүнчө стратегиялык багыттын негизделүүсүнө, инвестицияларды тартуу тактикасына, инвестициялык климатка жана

өлкөнүн жана аймактын бул тармагына негизги капиталды инвестициялоо механизмине байланыштуу.

Ош облусунун айыл чарбасынын абалын анализдөө, анын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн изилдөө көрсөткөндөй, айыл чарбасы өзү өзгөчөлөнгөн үч инвестициялык сегменттерге айырмалоого болот.

А сегменти. Ош облусунун айыл чарбасы жогорку натыйжаларга ээ болгон жана атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүштү бириктирген сегменти. Бул жерде, атап айтканда, табигый-климаттык шарттар менен катар өткөн мезгилге караганда өнүккөн өндүрүштүк инфраструктура жана өнүккөн материалдык-техникалык жана технологиялык база, о.э. топтолгон өндүрүмдүү жумушчу күчү түзүлдү. Бул тармактарга төмөнкүлөр кирет: мал чарбасы (бодо мал, кой, эчки), сүт жана сүт азыктарын өндүрүү (май, сыр), дан үчүн жүгөрү өндүрүү, жашылча өстүрүү.

Б сегменти, өсүү жана өнүгүү перспективалары бар, бирок алар үчүн тышкы инвестициялары бар өндүрүштүн тармактарын жана түрлөрүн камтыйт. Анын үстүнө, улам жогорку белгисиздик жана маалыматтардын тобокелдик тармактары жана иш-аракетинин түрлөрү, ага жеке инвестицияларды каалабайт. Ошондуктан, мамлекет тараптан түртүү же жеке түрү талап кылынат. Кеп өндүрүштүк маалыматтарга инфраструктуралык инвестициялар деп аталгандар жөнүндө гана эмес, о.э. түз өндүрүштө да болуп жатат. Бул сегментте мамилелердин эң алгылыктуу формасы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк болмокчу. Анын үстүнө бул жерден мамлекет эч нерсе жоготпойт. Мамлекет жөн гана мурунку сегменттен агымдын бир бөлүгүн чыгарып, аны ушул багытка киргизет. Бул өзгөрүүнүн себеби бирине байланыштуу, экинчи жагынан, биринчи сегментте инвестициялардын көлөмү жана структурасы мындан ары болгондугу менен анын ичине сиңет, демек, бул сегменттин өндүрүштө өндүрүш азаят. Демек, мамлекетке кайтарымды жогорулатуу максатында инвестицияларды жаңы тармактарга багыттоо сунушталуусун Б сегментин билдирет. Мындай өндүрүштөр үчүн,

биздин талдоо көрсөткөндөй, жумуртка өндүрүү, дан, жашылча, сүт азыктары, балык чарбасы,мөмө өстүрүү ж.б. камтууга тийиш.

Үчүнчү сегмент – В сегментине инвестициялык жагымдуулугу төмөн, ал тургай терс, бирок социалдык мааниси жогору өндүрүш кирет. Бул, эреже катары, «майда» өндүрүштөр, бирок ошол эле учурда аларга калктын белгилүү бир топтору тартылган: пенсионерлер, майыптар. Алар чоң киреше бербейт, бирок ошол эле учурда элдин белгилүү бир тобун колдошот. Булар коомдук жүк өндүрүшү деп аталгандар. Жеке бизнес бул тармактарга кооперативдик сыяктуу эле кирбейт. Ошондуктан мамлекеттин катышуусу зарыл болуп саналат. Ошол эле учурда мамлекет бул жерде ири ишканаларды да, ири өндүрүштөрдү да түзбөшү керек. Белгилүү социалдык, өндүрүштүк жана транспорттук инфраструктураны түзүүдөгү анын ролу чон. Аймактын тоолуу райондорундагы калктуу пункттардын көпчүлүгү ушул категорияга кирет.

Эгерде мамлекеттик жана аймактык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары төмөнкү багыттарды иш жүзүнө ашырышса аймактын айыл чарбасына инвестирлөөну мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугу жогорулайт:

- мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү деңгээлдеги насыялык мекемелердин өз ара аракеттенүүсүн так координациялоо;

- аймактын айыл чарбасындагы финансылык-насыялык мамилелерге мониторинг жүргүзөт;

- насыялык мекемелердин финансылык коопсуздугуна жана айыл чарба өндүрүшчүлөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарын жана мүлкүн коргоого (жана мүлктүн өлчөмүнө, о.э. анын формасына карабастан) туруктуу мониторинг жүргүзүү;

- айыл чарба өндүрүүчүлөрү менен финансылык-насыялык мекемелердин ортосундагы финансылык-насыялык мамилелерди методикалык жана аналитикалык камсыздоону иш жүзүнө ашырат.

Ошону менен бирге биз инвестициялык ресурстарды атаандаштык деп аталган бөлүштүрүүнү жүргүзүү зарыл деп эсептейбиз, бул башка нерселер менен катар алынган инвестициялык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун билдирет.

Сунушталган иш чараларды иш жүзүнө ашыруу аймактын айыл чарбасындагы инвестициялык климатты бир топ жакшыртат, ал аркылуу айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүн жана сапатын жогорулатат деп ишенебиз.

Айыл чарбасында жана агроөнөр жай чөйрөсүндө инвестициялык процессти мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртуунун маанилүү багыты болуп аймактык бийлик органдарынын деңгээлинде чечимдерди кабыл алууну өркүндөтүү саналат. Сөз, албетте, мамлекеттик бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы булактарды өз убагында түзүү жөнүндө гана эмес, о.э. артыкчылыктуу инвестициялардын негизги багыттарын аныктоо, тармакта атаандаштык чөйрөнү түзүү, инвестиция тартуу чечимдеринин жаңы борборун жана алгоритмин түзүү жөнүндө болуп жатат.

Практика жана өз алдынча изилдөөлөр көрсөткөндөй, көбүнчө чечимдер кечигүү менен кабыл алынат, о.э. жетишсиз квалификациялуу түрдө. Мунун натыйжасында областтык бийликтин шалаакылыгы системанын өзүн жаманатты кылып, инвестицияларды мамлекеттик жөнгө салууга терс таасирин тийгизет. Жана бул жагынан алганда, маанилүү чечимдерди кабыл алуу жаатында төмөнкү багыттарды белгилеп кетсек болот:

- чечимдерди кабыл алуу каналдарын кыскартуу,
- көзөмөлдөөчу органдардын санын жана көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөрдү кыскартуу;
- бюрократиялык процедураларды кыскартуу;
- чечимдерди кабыл алуу убактысын кыскартуу.

Маанилүү багыт катары түзүмдүк, технологиялык жана институционалдык реформаларды жүргүзүү деп таануу керек. Кайра

куруунун маанилүү звеносу- ишканалардын менеджменти. Мындай ишканалардын менеджментинин ишин кайра карап чыгуу зарыл.

Бирок ишканалардын менеджментин реформалоо менен бирге АОЖнын жана айыл чарбасынын ишканаларынын карыздарын да реструктуризациялоо зарыл. Бул учурда амортизациялык саясатка негизги көңүл буруу керек.

Көйгөйдү изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү белгилегендей, ишканаларда жана уюмдарда өздөрүнүн аманаттарынын өсүүсүн стимулдаштыруу үчүн мындай амортизациялоо механизмин түзүү талап кылынат. Мындай чараларсыз аймакта жана тармакта натыйжалуу инвестициялык саясат жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес деп эсептейбиз.

Мына ушуга байланыштуу айыл чарбасына инвестициялоонун финансылык-насыялык механизмин модернизациялоо менен байланышкан аймактын агроөнөр жай чөйрөсүндө инвестицияны башкаруу системасын реформалоонун жаңы багыты пайда болууда. Түзүлгөн институттар жана механизмдер иштеп жаткан системанын жетишсиздигин, тагыраак айтканда, толук эместигин (жалпы механизмдин натыйжалуулугунун төмөндүгүн түшүндүрөт) көрсөтүп турат. Финансылык-насыялык механизмге аймактык бийлик органдарынын өзгөчө жергиликтүү, таасири жөнүндө көп угабыз, бул натыйжалуу инструменттердин жоктугу менен байланыштуу: аймактарда аймактык үлүшү жогору болгон күчтүү банктардын жана башка финансылык – насыялык институттардын болуусу. Ошондуктан, аймактык бийликтер инвесторлордун жүрүм-турумуна тез да, кеңири да таасир эте албайт.

Кыязы, баары облустук бийликтин өкүлдөрү айткандай боло бербейт. Аймактык бийлик органдарынын колунда аймактык бюджет бар, анын жардамы менен пайыздык чендерди манипуляциялоо жолу менен аймактык финансылык-насыялык рыноктун субъекттеринин жүрүм-турумуна таасир этүүгө болот ж.б. Аймактык бийлик органдары ырааттуу жана топтордун ишкердик кызыкчылыктарына карабастан, айыл чарба рыногунун субъектилеринин ортосунда бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү саясатын

жүргүзүүсү зарыл. Ушуга байланыштуу айыл чарба рыногунун кооптуу түрлөрүн ресурстар менен камсыз кылуучу, узак мөөнөткө, төмөнкү пайыздык чендер менен насыяларды берүүчү институттар менен аймактын финансы-насыялык мекемелерин адистештирүүнүн бир түрүн жүргүзүүгө көңүл буруuга татыктуу.

Сунушталган иш-чаралар, биздин оюбузча, инвестициялык тобокелдиктерди ар кандай секторлор жана ишмердиктин түрлөрү, о.э. аймактар жана субъектилер арасында кайра бөлүштүрүү аркылуу азайтууга жардам берет. Бирок жыйынтыгында жалпы натыйжа аймактын инвестициялык потенциалынын жалпы өсүшүнө алып келет.

Бул системада инвестициялык ресурстардын сатып алуучулары менен сатуучулары эркин сатууда жана сатып алууда биригүүчү инвестициялык ресурстардын аймактык рыногун түзүү аз эмес мааниге ээ. Бул процессте мамлекеттин ролу бир гана сатуучу (бул көбүнчө болот), же сатып алуучу катары (бул азыраак болот), бирок, эң негизгиси, институттук системанын архитектору катары, б.а. инвестициялык ресурстар рыногундагы ишти жөнгө салуучу мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу. Бул өкмөт бюджеттик каражаттарды бөлүп жаткан учурда инвестицияны мамлекеттин белеги катары эмес, жемиштүү пайдалануу керек болгон иштеп тапкан өнүктүрүү ресурсу катары кароого мүмкүндүк берет. Ошондуктан, аймактык бийликтер аймакта инвестициялык ресурстардын толук кандуу рыногун калыптандырууга көбүрөөк көңүл бурушу керек.

Мындай рыноктун калыптанышы жана толук кандуу иштөөсү инвестициянын натыйжалуулугунун өсүшүн токтотуп турган мамлекет тарабынан инвестициялык ресурстарды кайтарылгыс (акысыз) камсыз кылуунун болгон ырайымсыз системасын түзүүгө мүмкүндүк берет деп ишенебиз, пайдалануу, инвестициянын натыйжалуулугун жогорулатуу системасы, мында инструменттердин бири инвестициялык ресурстарды берүү үчүн кайтаруу жана төлөө болуп саналат. Бул инвестициялардын,

башка ресурстар сыяктуу эле, өз наркы, баасы бар дегенди билдирет. Жана бул ресурстун баасы колдонуу объектисине, о.э убакытка жараша гана эмес, аны пайдалануунун натыйжалуулугуна да жараша өзгөрөт. Берилген ресурсту пайдалануунун натыйжалуулугу канчалык жогору болсо, анын баасы ошончолук төмөн болот, бирок канчалык аз болсо, ошончолук кымбат болот.

Жалпылап айтканда, аймактык бийлик органдарынын инвестициялык саясаты так багытка ээ болушу керек жана бул аймактын агрардык секторунда туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүү менен байланышкан. Бул өсүштүн негизинде жазып чыгунун статистикалык ыкмаларына эмес, дүң кошумча нарктагы инвестициялардын өсүшүнө негизделиши керек. Бул үчүн бюджеттен гана эмес, ата мекендик жана чет өлкөлк инвесторлордон да максималдуу каражаттарды тартуу зарыл.

Мамлекеттик бийлик органдары, анын ичинде аймактык бийликтер ар түрдүү чарбалык субъекттерге бирдей мамиле кылышы керек дегенди көп угууга болот. Бул инвестицияны башкаруунун ролун жана инвестициялык процессти дискредитациялаган эң чоң жаңылыштык деп эсептейбиз. Облустук бийликтердин негизги максаты ар кимге эмес, атайын тандалып алынган ишканаларга, уюмдарга жардам берүү болушу керек деп эсептейбиз. Субъекттерди кандай негизде же өзгөчөлүктөргө карап тандоо керек? Биздин оюбузча, төмөнкү критерийлер эске алынышы керек:

- ишкана жана уюмдар натыйжалуу болушу керек, б.а. рентабелдүүлүктүн жогорку децгээлине ээ болуусу зарыл;
- аймак үчүн алдыңкы жана системалуу мааниге ээ болушу керек;
- социалдык мааниге ээ болушу керек, бирок социализмде мите болбошу керек;
- жалпысынан табигый, адамдык, өндүрүштүк, техникалык жана ресурстук потенциалды толук кандуу пайдаланыш керек;
- аймактагы жана анын чегинен тышкары башка ишканалар менен бекем жана көп тараптуу байланыштарга ээ болуш керек;

- алдыңкы менеджментке ээ болууга, инвестициялык программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууда башка аймактардын ишканалары, о.э. чет өлкөлүк инвесторлор менен өз ара пайдалуу кызматташтык байланыштарын түзө билүү, б.а. аймакка жана тармакка жаңы инвестицияларды жана тышкы инвесторлорду тарта билүү;

- тартылган чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмүн көбөйтүү;

- коммерциялык эмес тобокелдиктерди азайтуу аркылуу аймактын рейтингин жогорулатуу.

Мына ошентип, айыл чарба ишмердүүлүгүнө мамлекеттин таасиринин механизмин өркүндөтүүнүн векторлору абдан ар түрдүү, алардын багыттарын туура жана өз убагында аныктоо негизинен айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, демек, бул тармакты инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүүдөн көз каранды.

**3-бап боюнча корутунду**

1. Агроөнөр жай чөйрөсүн, айыл чарбасын жана айыл аймактарын стратегиялык инвестициялык-инновациялык өнүктүрүү боюнча иш-чараларды иш жүзүнө ашыруу учун активдүү мамлекеттик колдоо жана жөнгө салуу зарыл болуп саналат.

Айыл чарбасынын инвестициялык ишмердулугун жакшыртуунун маанилүү багыты катары тармактык илимий мекемелердин ишинин жыйынтыгы, илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу жана айыл чарба илимин өнүктүрүүнүн эң артыкчылыктуу багыттарынын көлөмүн көбөйтүү, өндүрүштүн өсүшүн камсыз кылуу үчүн жогорку сапаттагы инновацияларды тездетүү болуп саналат.

Ош облусунда инвестициялык саясатты иш жүзүнө ашыруу капиталдык салымдарды биринчи кезекте агроөнөр жай чөйрөсүнүн ишканаларын реконструкциялоого жана техникалык жактан кайра жабдууга, айыл чарба орто жана чакан ишканалардын продукцияларын кайра иштетү

жана сактоо боюнча жаны өндүрүштүк кубаттуулуктарды түзүүгө, айылдык курулушту өнүктүрүү, айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртууга багыттоону карайт

2. “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасы инвестицияга жана инвестициялык ишмердикке, уюштуруу-экономикалык механизмдерин түзүүдөгү иш-аракеттерге артыкчылык берүүдө маанилүү ролду ойноп, аймактын айыл чарбасына тиешелүү болгон бардык илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын комплексин, о.э. аларды иш жүзүнө ашыруу иш чараларын камтыйт, ресурстардын булактары, аткаруучулар жана мөөнөттөр менен байланыштырылат. Бул программанын алкагында ОшМУнун базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын; инновациялык-инвестициялык негиздеги айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү, айыл чарбасында аймактык кластердик саясаттын модели сунушталат.

Аймактын айыл-чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоо аркылуу региондук дүн продуктусунун көлөмүн жогорулатуу үчүн көп фактордук корреляциялык-регрессиялык анализди колдонуу аркылуу Ош облусунун РДПнын 2030-жылга прогнозу жасалып, калкка микронасыя берүүнүн көлөмү 1 млн. сомго көбөйүшү Ош облусунда РДПнын орточо 0,201 млн сомго төмөндөшүнө, ал эми тике инвестициялардын агымынын 1 млн. АКШ долларына өсүшү Ош облусундагы РДПнын орточо 0,0272 млн. АКШ долларына өсүшүнө; экономикага насыяларды 1 млн. сомго көбөйтүү Ош облусу боюнча РДПнын орточо 17,751 млн. сомго көбөйүшүнө алып келет.

3. Ош облусунун айыл чарбасына инвестицияларды тартуу менен айыл чарба өндүрүшүнүн көйгөйлөрүн чечүүнү камсыздоо жана инфраструктура тутумун өркүндөтүү үчүн Аймактык кластердик саясаттын модели жана анын алкагында интеграцияланган тутумду уюштуруу зарыл болуп саналат.

Ош облусунун айыл-чарбасында инвестициялык саясатты калыптандыруу максатында аны иштеп чыгуу, калыптандыруу жана иш жүзүнө ашыруунун негизги механизмдери чон рол ойнойт.

## ТЫЯНАКТАР

Диссертацияда иштелип чыккан теориялык, методологиялык жана практикалык жоболор Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган көйгөйлөрдү изилдөө базасын толуктады.

КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун изилдөөнүн негизинде инвестициянын, инвестициялык жагымдуулуктун актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, илимий-изилдөө иштеринин коргоого сунушталган негизги маселелери, бул процесске тоскоол болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору аныкталды.

Диссертациялык иште КРнын Ош облусунун айыл чарбасын мындан ары өнүгүү жолуна өткөрүү, заманбап инвестициялык инфраструктураны түзүү, о.э. бул тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, экспорттук мүмкүнчүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу жолуна өткөрө турган келечектүү милдеттерди тутумдуу чечүүнү жакшыртуу боюнча иш-чаралардын толук тизмеси сунушталат.

Жогоруда айтылгандардан, төмөнкү тыянактарды чыгарсак болот:

1. КРнын реалдуу секторунун, анын ичинде айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун теориялык көйгөйлөрүнүн аспекттери боюнча көптөгөн окумуштуулардын жана экономисттердин пикирлерин карап чыгып, тармактын инвестициялык жагымдуулугу – бул тармактын мүлкүн пайдалануунун натыйжалуулугун, анын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн, финансылык абалынын туруктуулугун мүнөздөгөн экономикалык категория, мында капиталдын потенциалдуу ээси белгилүү бир тобокелдикке баруугa умтулат жана акчалай жана монетардык эмес формадагы инвестициялардын агымын камсыз кылат деп белгилеп кетебиз.

Кеңири мааниде карасак, инвестициялык жагымдуулуктун социалдык-экономикалык жактан мааниси деп инвестициялоонун максатка

ылайыктуулугунан келип чыккан саясий, каржылык жана башкаруу мамилелерин айтабыз.

2. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине ар кандай факторлор таасир этет, бирок бүгүнкү күнгө чейин алардын бирдиктүү бөлүнүүсү толук кандуу иштелип чыккан эмес, ошондуктан бул маселе актуалдуу болуп саналат.

Биздин көз карашыбыз боюнча, реалдуу сектордун ишканаларынын инвестициялык жагымдуулугун баалоодо конкреттүү факторлорду эске алуу зарыл, анткени реалдуу сектордун ишканаларынын каржысын уюштуруудагы олуттуу айырмачылыктар табигый-климаттык жана табигый-биологиялык көрсөткүчтөр, шарттар, технологиялык факторлор жана социалдык-экономикалык мамилелер менен аныкталган бир катар өзгөчөлүктөр менен шартталган. Айыл чарба ишканаларынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир этүүчү бардык факторлорду ички жана тышкы (түз жана кыйыр таасирлер) деп бөлүү күтүлүүдө, бул тармактын өзгөчөлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет.

3. Реалдуу секторго, анын ичинде айыл чарбасына инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн Кытай, АКШ, Түштүк Корея, Улуу Британия, Израил жана ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Казакстандын тажрыйбасын анализдөө менен КРнын реалдуу секторунун материалдык-техникалык базасы жана жалпы абалы заманбап өсүштөн бир кыйла калып жатканын байкасак болот. Изилденген чет өлкөлөрдүн алгылыктуу жактарын КРнын практикасында колдонуу зарыл. Бул секторго башкаруунун жана уюштуруунун жаңы формаларын колдонууну, инновациялык типте техника жана технологияны киргизүү аркылуу модернизациялоону, мамлекеттик саясат, программалар аркылуу бийлик органдары жана жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдары тарабынан жонго салууну жана ар тараптуу колдоону, санариптештируу системасынын кенири кийрууну, кенеш беруу кызматтарды уюштурууну, инвестициялык өнүгүүнү каржылык жөнгө салуу аркылуу өнүктүрүүнү талап кылат.

4. КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын талдоо менен аны өнүктүрүү зарыл экендигин белгилеп кетебиз. Биздин көз караш боюнча инвестициялардын төмөнкү аз көлөмдөгү көрсөткүчү бул тармактын өндүрүшүн туруктуу өсүүсүнө алгылыктуу таасирин тийгизе албайт.

Республикада айыл-чарбасында 2022-жылы 3793 млн сомдук негизги капиталга инвестициялар болсо, анын ичинен Ош облусу 326,2 млн сомду түздү Жалпы КР менен салыштырсак Ош облусунун салыштырмалуу салмагы 2022-ж. 8,6 % ды түздү. Бул багытта көрсөткүч өтө начар экени байкалып турат жана тиешелүү иштерди жасоону талап кылат.

Ош облусунун айыл чарбасынын потенциалын кенири колдонуу менен аны өнүктүрүү- аймактын экономикасынын негизги багыттарынан болуп саналат. Бул үчүн тармакка кошумча каражаттарды тартуу менен инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу, инвесторлорго шарттарды түзүү, мамлекеттик колдоо көрсөтүү зарыл.

5. Сунушталган агроөнөр жай чөйрөсүндө жана айыл чарбасында инвестициялык- инновациялык процесстерди мамлекеттик жөнгө салуу механизминин моделине ылайык, АӨК жана айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн стратегиялык программасында мамлекеттик агрардык жана инвестициялык саясатты калыптандыруу, тармакты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары, каржылоонун мамлекеттик тутуму каралган.

Диссертациялык иште кызматташтыктын бардык катышуучуларынын кызыкчылыктарын стимулдаштырган агробизнестин, илимдин жана билим берүүнүн субъекттеринин өз ара аракеттенүүсүнүн моделин иштеп чыктык. Моделди куруунун негизги принциби – жеке кызыкчылыктардан коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын үстөмдүк кылуусу. Инвестициялык-инновациялык процесстерди башкаруунун менеджменти көйгөйү маанилүү болуп саналат. Бул маселе боюнча диссертациялык иштин жыйынтыгы катары иштелип чыккан корпоративдик менеджментти калыптандыруу модели эсептелет.

6. Изилдөөнүн негизинде “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын” сунуштадык. Бул программа инвестицияга жана инвестициялык ишмердикке, уюштуруу-экономикалык механизмдерин түзүүдөгү иш-аракеттерге артыкчылык берүүдө маанилүү ролду ойноп, аймактын айыл чарбасына тиешелүү болгон бардык илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын комплексин, о.э. аларды иш жүзүнө ашыруу иш чараларын камтыйт, ресурстардын булактары, аткаруучулар жана мөөнөттөр менен байланыштырылат. Бул программанын алкагында Ош мамлекеттик университеттин базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркын; инновациялык-инвестициялык негиздеги айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү, айыл чарбасында аймактык кластердик саясаттын модели сунушталды.

Экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл-чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоонун региондук дүн продуктыга (РДП) тийгизген таасирин көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык анализ аркылуу байланышы каралып. 2030-жылга чейин прогноз жасалды жана инвестициялык жагымдуулугун артыруу үчүн негизги багыттары аныкталды.

7. Изилдөөнүн негизинде Ош облусунун айыл-чарбасындагы инвестициялык саясаттын мүнөздөмөлөрүнө таасир этүүчү негизги факторлор, инвестициялык саясатты өркүндөтүү иш-чараларынын курамы жана этаптары, иш жүзүнө ашыруунун негизги механизмдери, эң маанилүү түзүмдөрүнүн бөлүктөрү аныкталды. Бул бөлүктөргө: институционалдык; уюштуруучулук-функционалдык; инфраструктуралык: ресурстук-экономикалык: илимий-методикалык; техникалык-технологиялык; укуктук, имиджди башкаруу: интеграциялоо; стимулдаштыруу; чектөө; тобокелдиктерди башкаруу; өнүгүүнү башкаруу; диагностика; мониторинг; көзөмөл кирет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын инновациялык өнүктүрүүнүн уюштуруу-экономикалык механизми боюнча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө төмөнкү сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди:

1. Айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча мол тажрыйбага ээ чет өлкөлөрдүн Кытай, АКШ, Түштүк Корея, Улуу Британия, Израил жана ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Казакстандын алгылыктуу жактарын Кыргызстандын айыл чарба тармагында практикалоо зарыл;

2. КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын азыркы абалын жана инвестициялык мумкунчулукторун анализдөө жана баа берүү менен “2025-2030-ж.ж. Ош облусунун айыл чарбасын өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын” сунушталат. Бул программанын алкагында ОшМУнун базасында илимий инвестициялык-инновациялык технопаркы; инновациялык-инвестициялык негиздеги айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү, айыл чарбасынын приоритетту багыттарында кластердик негизде бири бири менен байланышкан тармактардын интеграциясынын түзүмүн уюштуруу сунушталат;

3. Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн аймактарда окуу-кенеш берүү кызматтарын, инвестициялык-иновациялык технопарктарды, тажрыйба өткөрүүчү чарбаларды уюштуруу сунушталат;

4. Айыл чарбасынын инвестициялык өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын тутуму түзүлүп, айыл чарбасында инвестициялык саясаттын аймактык модели, айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту артырууда мамлекеттик колдоо механизми, өркүндөтүү жолдору аныкталды.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 5-майы, № 59.-[Электрондук ресурс].-Мүмкүнчүлүк режими-www.ar-namys.org/read/164.html.

2. «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси: КР мыйзамы.-[Электрондук ресурс].-Мүмкүнчүлүк режими.- www.cac-civillaw.org/gesetz/kirgisistan/GK-Kyr.ru.rtf.

